КЕНЖЕБҮ ОРМОНОВА

# ЭНЕ ТИЛЕГИ



Ош-2017

ББК 821.51
УДК 84 Ки7-4
О-67

О-67 Ормонова К.
Эне тилеги. – Ош: 2017. 192-б

ISBN 978-9967-430-65-5

*Китепте автордун Ата Журтуна, айылдаштарына, кесиптештерине жана балдарына болгон жылуу сезимдерин камтыган ыр саптары орун алган.*

О 4702300100-17 ББК 821.51
УДК 84 Ки7-4
ISBN 978-9967-430-65-5
© Ормонова К., 2017

# АЛГЫ СӨЗ

Кенжебү эженин алгачкы ырлар жыйнагы жарыкка чыгат экен деген кубанычтуу кабарды угуп, жетине албай кубанганымдан тилектештигимди билдирүүнү эп көрдүм. Эжебизди мен кичинекей бала чагымдан жакшы билемин. Райондук "Күжүрмөн эмгек" деген гезит жумасына эки-үч ирет чыкчу. Гезиттен тынымсыз анын макалаларын окуп чоңойдук. Кыскача кабарларды ак шурусундай нускалуу жазчу. Эженин жазгандары аркылуу "Алай" совхозундагы ак эмгектүү кабарлардан таанышып тураар элек. Үч-Төбөлүктөрдүн кимисин гана жазган жок. «Кыз кезинде эле ыр жазчу, кереметтүү саптарды макалдатып айтып, дил баян жазуудан андан үлгү алчубуз»,- деп Сопу-Коргондогу классташтары айтып жүрүшкөндөрүн угуп калгамын. Теректеги «Саябандуу бак» деп аталган Ормон аксакалдын наркы, кадыр баркы абдан бийик болоор эле. Ормон аксакалдын айгине асыл сөздөрүнө каныгып бой жеткен анын кызы, секелек кезинде эле тубаса таланттуу экендигин далилдей алды. Токмоктогу Маданият техникумун ийгиликтүү аяктаган эжекебиз ыраакы Алайдагы айылдык китепканада китепканачы болуп жигердүүү иштей баштайт. Алтымышынчы, жетимишинчи жылдары Алайдын кыз даткасындай абройлуу даназалуу Жибек Исаева менен Салтанат Умарходжаев алардын мактоосуна, ишенимине арзып китепканачылык чыгармачыл жумушту мыкты аткарууга жигердүүлүгүн көрсөтө алды. Ал учурдун советтик идеологиясын жан дили менен колдоп китепканага агитатор жана пропоганда бурчун ачууга жетишти. Ормонованын жазган саясий докладдарын сельсоветтин, совхоздун ар бир пропогандисттерине жайылтышчу. Совхоздун алыскы жана бийик жайлоолоруна көчмө китепканаларды уюштурууда дагы эжебиздин асыл эмгеги, дилгирлиги башкача эле. Малчылардын, сугатчылардын, кыркымчылардын да сезондук иштерине газетажурналдарды, китептерди алып барып, алардын чарчап – чаалыккан учурларында рухий, маданий жанылыктар менен көнүлдөрүн бийиктетип келүүгө жетишип турган. Эжебиз бир нече ирет райондук көчмө семинарларды уюштуруп, элеттиктердин

маданий жашоосунун бийиктешине өзгөчө салымдарды кошо алды. Ал тургай эженин жасаган элдик, улуттук көргөзмөлөрү район, облустта мыкты деп табылып турду. Энелерди даңктап, аялзатынын аруулугун чагылдырган эчен көргөзмөлөрү, дубал-газеталары карапайым элдин бүйүрүн кызытып, аларга эстетикалык тарбия берип турчу. Үч-Төбөнүн маданий, адабий, рухий алтын көрөңгөсү, күмүш коңгуроосу, зам-зам булагы Кенжебү Ормонова болуп турду.

Ошол ар бир уюштурган кечелеринде, жазган доклад-дарында эжебиз ыр жазып, удулу келсе тамаша-шакабаларды кошуп, айрым кайдыгер жетекчилерди ыр менен сындап аларды билгизбей тарбиялап турчу.

Үч-Төбөдөгү эмгек каармандары жөнүндө атайын бурч ачып, алардын ак эмгектерин, табигый эрктүүлүктөрүн, өжөр-намыскөйлүктөрүн сап-сап ырларга нускалуу тизмектеп жазып илип койчу, аны окуйбуз деп келген элеттиктер шылтоо менен китепканага тынымсыз келип турушчу. Эскерүү кечелерди уюштурууда дагы эженин шыгы бийик болду, мында да ыр түрүндө эссе баянында күмүш калемин жорголотуп ырларды жазып жүрдү. Ошол ырларды мектеп окуучулары, айылдык таланттуу жаштар жаттап алышып, айылдагы ар кандай салтанаттуу иш-чараларда декломация кылып пайдаланышчу.

Ооба, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында бардык жерлерде кыйынчылыктар пайда боло баштаган учурларда айрым китепканалар таптакыр иштебей жабылып калган учурлар болду, мында Ормонова Кенжебү эже баатырдыкка тете эрдик менен Үч-Төбө айылындагы китепкананы сактап калды, керек болсо элге рухий азык тартуулап, аларга кеңеш берүү бурчун да ачканга жетишти. Улуттук майрамдарды уюштуруп айылдын ак жаркын маданиятын бийиктетип турду.

Кыргызстандагы эң мыкты китепканачылардын бири болгондуктан эчен сыйлыктарга арзыды. Алайдагы китепкана-чылар арасынан эң алгач ирет «**Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыкты кызматкери»** деген наамга татыды.

***Сүйүнбай Бөрүбаев***
***коомдук ишмер,***
***Кыргызстан Журналисттер***
***союзунун мүчөсү.***

Түйшүгүм көп, убакыттын азынан,
Колум тие калгандагы табылгам.
Жан дүйнөмдү багындырган, бул ырлар,
Азыноолок, дептериме жазылган.

Турмуш татаал, убакыт жок жазганга,
Руханий жан дүйнөмдү казганга.
Жүрөгүмдөн түнөк тапкан, бул ырлар,
Дептеримден орун албай арманда.

«Акынмын» деп мактана албайм эч кимге,
Бул жөн гана, жан дүйнөмдө сезимдер.
Жетпей калгам, мен эңсеген жаш кезде,
Эң ардактуу журналисттик кесипке.

Тагдыр жолу татаалданып, ар жылы,
Турмуш жүгү, башыма үйдү кайгыны.
Жараткандын салганына, баш ийдим,
Айла жоктур, кылганына тагдырдын.

Жүрөгүмдө тынчтык бербес ойлорду,
Дептериме жазып коём өзүмчө.
Аз болобу, көп болобу чыгармам,
Жакса болду баалагандын көзүнө.



## ОРМОНОВА КЕНЖЕБҮ

1947-жылы 1-августта Алай районунун Терек айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 7 жашынан баштап Терек мектебинде окуп, Сопу-Коргон айылындагы Токтогул орто мектебин бүтүргөн. Көп балалуу үй-бүлөөнүн кызы болгондуктан, турмуш шартына байланыштуу өзү эңсеген журналисттик кесипке окуй албай, Токмок шаарындагы маданий агартуу окуу жайынын китепканачы бөлүмүнө окууга тапшырып, 1968-жылы окуу жайын бүткөн. 1972-жылдан баштап ушул күнгө чейин Үч-Дөбө айылдык китепканасында иштеп, эл үчүн эмгегин аябастан үзүрлүү эмгектенген. Иштеген жылдардын ичинде алдыңкы иштерман айым катары таанылып, айылдык кеңешке көп жолу депутаттыкка көрсөтүлгөн. Азыркы «Алай таңы», мурдагы «Күжүрмөн эмгек» газетасынын

активдүү кабарчысы болуп иштеп, көйгөйлүү макалалары республикалык, областтык газеталардан орун алып келген. «Кыргызстан аялдары» журналына «Балдар бакчасы керек» деген сын кабары жарыяланып, анын негизинде 1975-жылы Үч-Дөбө айыл өкмөтүнө 25 орундук балдар бакчасы курулуп, пайдаланууга берилген. Кенжебү Ормонова китепкана ишмердигин өнүктүрүүдө тарыхый бай мурастар менен иштөөдө, улуттук каада –салттарды, асыл нарктарды, унутулган элдик чыгармаларды элет калкына жайылтуудагы талыкпаган эмгеги зор:

Жолдошу Тайчабаров Дакан 1989-жылы авто-кырсыктан каза болуп калгандан кийин, тагдыр жазган оор күндөрдү башынан өткөрүп, 10 баланы жалгыз тарбиялап балдарга ата ордуна ата, эне ордуна эне болуп, жогорку билимдүү алдыңкы кызматтарда иштеген уул-кыздарды тарбиялап келүүдө.

Азыркы мезгилде беш уул, беш кыз, беш келин, беш күйөө баланын, жыйырма сегиз неберенин, эки чеберенин ардактуу энеси, таенеси.

## *«ЭМГЕКТЕН АЛГАН СЫЙЛЫГЫ, БҮТҮНДӨЙ ЖУРТТУН СЫЙМЫГЫ»*

1986-жылы «Күжүрмөн эмгек» газетасынын «Ардак грамотасы», 1987-жылы СССРдин Жогорку Советинин Президиуму тарабынан «Баатыр эне» наамы, «Алтын жылдыз» ордени, 1990-жылы «Эмгек ветераны» наамы, 2000-жылы Алай райондук китеп-каналар тармагынын дирекциясы тарабынан «Ардак грамотасы», 2001-жылы Илим Билим жана Маданият министрлиги тарабынан «Ардак грамота», Кыргыз Республикасынын Маданият жана искусство боюнча илимий методикалык борборунун «Алкыш баракчасы»,

2002-жылы Кыргызстан Аялдар Конгрессинин президенти З.Акбагышева тарабынан берилген, 2002-жылы Алай райондук маданият бөлүмүнүн дирекциясынын, 2003-жылы Кыргыз Республикасынын айылдык жана поселкалык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Ассоцациясынын, 2004-жылы Ош облусттук мамлекеттик администрациясынын, 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият жана маалымат министрлигинин, 2010-жылы райондук борборлоштурулган китепканалар тармагынын дирекциясынын жана Үч-Дөбө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун администрациясынын «Ардак грамоталары», 2003-жылы Ош облусттук мамлекеттик администрациясы тарабынан «II даражадагы диплому», 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик маданият агенттигинин «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси менен сыйланган.

Мындан сырткары да коомдук иштерде активдүүлүгүн көрсөткөндүгү үчүн көптөгөн «Алкыш баракчалардын» ээси болгон. Коомдук иштерди өзүнүн ишинен жогору койгон китепканачы, көп жылдар бою аксакалдар сотунун мүчөсү жана катчысы болуп эмгектенген. Эмгектин алдыңкы ардагерлери, баатыр энелерден түзүлгөн «Ак элечек» коомунун уюштуруучусу.

# ЭНЕ

## ЭНЕМЕ

Биз үчүн өмүрүн арнаган,
Сөздөрдүн асылын тандаган.
Балдарым тынч-аман жүрсүн деп,
Ар дайым тилеген Алладан.

Атакем о дүйнө кетсе да,
Башына оор кайгы түшсө да.
Кайратын топтогон биз үчүн,
Жүрөгүн оор кайгы жесе да.

Атам да, энем да бир өзүң,
Биз үчүн арнаган жүрөгүн.
Адам бол ардагым деп коюп,
Негедир муңайым жүрөсүң.

Аман бол, энекем, ардагым,
Бул ырды өзүңө арнадым.
Эч качан жамандык көрбөгүн,
Мен сизге ушуну самаймын.

Жашоодо жарык чачкан нурум элең,
Жайнаган маңдайымда күнүм элең.
Күч, кайрат, кубат берип, жабыкканда,
Бак конгон үйүмдөгү кутум элең.

## ЭНЕНИН КАДЫРЫ

Элечек баш кийимди,
Ыйык деп санагыла.
Көңүлүн оорутпастан,
Энени баалагыла.

Элечек ыйык дешет,
Баш кийим бийик дешет.
Илгертен байбичелер,
Элечек кийип келет.

Бакыбат жашоодогу,
Байбиче болгон жакшы.
Ак бата тилек айтып,
Ак жолго салган жакшы.

Мээримин арноо менен,
Эненин өмүрү өтөт.
Жакшы атын өчүрбөстөн,
Артында атак кетет.

Кең пейил жароокердик,
Эненин жүрөгүндө.
Элинин тынччылыгы,
Эненин тилегинде.

## ЭНЕКЕМЕ

Барктаган,бапестеген алтын энем,
Көңүлүм ачык болот,сизди көрсөм.
Кайгым да,чарчаганым унутулат,
Кагылайын, алтыным деп мени өпсөң.

Мээримдүү күлүп жайнап кубанганда,
Жаныңда медер тутуп турам анда.
Жүзүңдөн кайгы көрсөм айла таппайм,
Ачык асман бүркөлгөндөй болом капа.

Энекем күлүп жайнап жүрө берчи,
Бак-таалай, шайыр-шаттык бизге келсин.

Жараткан жакшылыгын аябастан,
Токчулук, берекени элге берсин.

Март айы- жаз айы деп, билемин мен,
Бажырайып байчечекей өскөн кезди.
Энекем да,элим дагы жазды күтөт,
Ырыскы, бакты- таалай келсинчи деп.

Кар жаасын,жамгыр жаасын жерибизге,
Дан болсун,берекелүү элибизде.
Алла-Таалам кабыл кылып тилектерди,
Күч- кубат кайрат кошсун демибизге.

Жаңы күн жаңыланып бакыт келсин,
Элимде чың ден-соолук, күлкү болсун.
Баба дыйкан колу болуп берекелүү,
Кампабыз ашып– ташып данга толсун.

## ЭНЕЛЕРГЕ

Коомдук иште тыным албай,
Иштеп жаткан энелер.
Коммерция, базарлардан,
Акча тапкан энелер.

Процентке акча алып,
Төгүп жаткан энелер.
Жолу болбой соодадан,
Карыз болгон энелер.

Арак ичкен күйөөсү үчүн,
Күйүп бышкан энелер.
Жок нерсени табуу үчүн,
Жан кыйнаган энелер.

Үй-бүлөсүн кыйналып,
Багып жаткан энелер.
Түн уктабай тынчы кетип,
Түйшүк тарткан энелер.

Жетишпеген тиргиликти,
Жетиштирген энелер.
Сезилбеген көп түйшүктү,
Сездирбеген энелер.

Сыйлагыла энелерди,
Көңүл кушун гүл кылып.
Ал силерге жанып турган,
Шоола төгөөр нур болуп.

## АЯЛ - БАЗАР - ҮЙ-БҮЛӨ

Аял- эне, урмат–сыйга бөлөнгөн,
Бала төрөп,оор азапты көтөргөн.
Кыйынчылык тартса дагы чыдашып,
Наристесин ак бешикке бөлөгөн.

Күйөөсүнүн таламдарын талашып,
Ач- тогуна, бар- жогуна карашып.
Оош-кыйыш, ушул кыйын заманда,
Эркектерге тең жүрүшөт жанашып.

Саясатка баш отунан киришкен,
Коммерцияда,базарларда жүрүшкөн.
Процентке, кредитке акча алып,
Төлөй албай, өрттөнүшкөн, күйүшкөн.

Эне болуу бактысынан ажырап,
Көр турмуштун түйшүгүнөн алсырап.

Байкуш эне арга таппайт,айла жок,
Пикеттерге чыгып жатат,пайда жок.

Баардык шарты болуп турса кыйналбай,
Эне мээрбан,эне таза булганбай.
Кыйналса да жашоо үчүн күрөшүп,
Эне алсырайт,айласы жок курган ай.

Социализм доорундагы жашоону,
Кайсалайсың таппай эми ал жолду.
Ленин ата куруп берген барчылык,
Бүт таланды, баары урап жоголду.

# КАЙГЫЛУУ К/НДЪР

## УБАЙЫМ

Тең карып, тең арыйлы- деген тилек,
Шум ажал жеңди, аны айттырбады.
Ак саамай, ак сакал бол, деген алкоо,
Арман ай, өкүндүрүп ишке ашпады.

Турмуштун запкысына айла таппай,
Баш ийдим тагдыр башка салганына.
Жашоонун ак кемесин жалгыз тартып,
Насаатым айтып келдим балдарыма.

Өкүнүч, өмүр бою жүрөктү өрттөп,
Уул кыздын, тең көрбөдүк убайларын.
Телмирип кээде жүрөк сыздап кетет,
Көргөндө бирге баскан жубайларды.

Ойлогон ой- максатым ишке ашырып,
Тууруна кондурууга балдарымды.
Көздөгөн тилегимди орундатып,
Ыраазы кылсам деймин арбагыңды.

Балдардын деми менен кайраттанып,
Жашайын Ала-Тоодой кубат менен.
Асылзат ыйык эне деген кандай,
Жашоодо балдар үчүн багыт берген.

## ӨМҮР ӨКСҮГҮ

Өксүп ыйлап өкүнүчкө жуурулуп,
Өттү арадан сыздап жүрүп далай күн.
Айласыздан моюн сунуп тагдырга,
Мен өзүңдү эстей берем күнү-түн.

“Биз эч качан ажырашпай түбөлүк,
Эң бактылуу өмүрлөрдү сүрөлүк”.
Оюбузда кыялданып толгонуп,
Ынтымактуу жашоолорду өткөрдүк.

Бул дүйнөнүн жыргалына бөлөнүп,
Уул-кыз келди, удаа-удаа төрөлүп.
Жараткандын мунусуна шүгүр деп,
Оюбуздай өсүп-өнүп көгөрдүк.

Үмүт, максат, тилегибиз орундап,
Жашоо жакшы өтүп жатты оюмдай.
“Машинага урунуптур”- деген сөз,
Мага жетти чагылгандын огундай.

Күтүлбөгөн кырсык салып кайгыны,
Сени менден түбөлүккө айрыды.
Үй ичинде кайгы баскан балдарга,
Билгизбеймин көз жашымды, кайгымды.

Уйку көрбөй, таң аттырдым далай түн,
Көз ирмебей ыйлап жүрдүм эчен күн.
Жалгыз сүрөт колумдагы элесиң,
Жүрөк менен бөлүшө албайт, кайгы муң.

Мезгил өтүп, айлар жылга алмашып,
Уул- кыз өстү, бой- келбети жарашып.
Арабызда өзүң гана жоктолуп,
Кеткенсийсиң башка жакка адашып.

Айт, арапа атам келет деп ыйлап,
Эр жеткенче жүрөгүмдү жеп ыйлап.
Бар ызаатым, ушул тура дегендей,
Кубатбегим куран окуйт буркурап.

Балдарымды ойлоп ичтен сызылам,
Өз оюмду ачык айтпай кысылам.
Эң бактылуу мүнөттөрдү эстесем,
Жылмаямын калп болсо да тышымдан.

Мен көтөрдүм, тагдыр башка салганын,
Айта берсем, түгөнбөстүр арманым.
Жаткан жериң жайлуу болсун, момунум,
Айт күндөрү эскеришээр балдарың.

Каргаша күн, 21-апрель айынын,
Мен өксүймүн, туманында кайгынын.
Уул кыздарды колдоп, жөлөп жүрө көр,
Топурагың торко болсун майиним.

Ак тилектүү момун элең жубайым,
Уул кыздардын тең көрбөдүк убайын.
Элесиңди көзгө тутуп ар убак,
Өмүр бою, тартып өтөм убайым.

## ӨТКӨН КҮНДҮ ЭСКЕРҮҮ

Өмүрүң мансап менен өтүп турса,
Жандаган «көлөкө» көп сага жакын.
Башыңа оор иш түшүп карайласаң,
Андайда дос табалап, болот касың.

Өмүрдө адам дайым шаттуу жүрбөйт,
Турмушта адам кээде чүнчүп жүдөйт.
Андайда жылуу сүйлөөр адам таппай,
Эзилип, сыздап чыгат кайран жүрөк.

Бул жылды унута албай эстей берем,
Ойлосом таңды аттырам санаа менен.
Сабылып ооруп жаным ичтен сызып,
Сезимим кайрат берет өзүм жеңем.

Кээде мен ооруганда өлгүм келет,
Андайда чүрпөлөрүм көзгө келет.
Сыздатып кимге таштайм буларды деп,
Алардын эр жеткенин көргүм келет.

Ооруну оор көрүп жүргөн экем,
Сакайып, мээнет кайтса, ал кеп бекен.
Кырсыкты кандай кылып токтотосун,
Жүрөктү, муун-жүүнүңдү өрттөп кеткен.

Тагдырым татаалдашып ар жыл сайын,
Кай жерден кандай жаздым биле албаймын.
Караны чүмбөттөгөн турпатыма,
Тагдырдын таш боордугун айта албаймын.

Жолдошум өбөк болоор бул дүйнөдө,
Эстесем жүрөк күйүп өрт чок болот.
Капилет колдон учкан шумкар сындуу,
Ар дайым жүргөн орду көп жоктолот.

Бакыт бул сымап өңдүү неме белең?
Мээнет бул уйгак сындуу деген чын бейм.
Оору да, өлүм дагы аз келгенсип,
Эжемден айрылдымбы? Жазмыш… билбейм.

Турмуштун кордугуна чыдай албай,
Көз көргүс, жактарга мен кетким келет.
Жарынып, жардан ылдый боюм таштап,
Эртелеп бул жашоодон кечким келет.

Айла жок ыйлай, ыйлай соороному ун,
Алсырап ай туманын орономун.
Ойлонуп, санаа тартып, кусаланып,
Уктасам түн уйкумдан ойгономун.

Ким мага акыл айтып өйдөлөтөөр,
Сооротуп бешенемден сылап көрөөр.
Эгерде акылымдан мен ажырап,
Жер кезип тентип кетсем, көңүл бөлөөр.

Айла жок кайрат кылып, бел байлаймын,
Энесиз элестетип бала алын.
Бул дүйнө эч кызыксыз сезилсе да,
Балдарым, кыздарымды абайлаймын.

## ЭСКЕРҮҮ

Кырчындай кезде кыйылган,
Жарымды эстеп сызылам.
Атасыз өсөр балдар деп,
Жүрөктөн сыздап кысылам.

Уулдарың өсөр бой жетип,
Убайын көрбөй жаш кеттиң.
Кыздарың өсөр бой жетип,
Кызматын көрбөй жаш кеттиң.

Келиндүү болсом кубанып,
Өзүңдү эстеп кемиймин.
"Кайын ата" деген сөздү укпай,
Калганың эстеп кейиймин.

Келинди тосуп жадырап,
Небере сүйүп бапырап.
Кыз-күйөө келсе кубанып,
Тосо албадың жаркылдап.

"Чоң ата" деген сөздү укпай,
Жатасың муздап, дым чыкпай.
"Таята" деген сөздү укпай,
Дайынсыз жоксуң, дым чыкпай.

Ээрчишип баскан жубайды,
Көргөндө жүрөк эзилет.
Кыз берип, уул үйлөнсө,
Өзүңдүн жогуң сезилет.

Ак калпакчан көрүнсө,
“Атам кана?” деп ыйлайт.
Артыңда калган Кубатбек,
Жүрөгүмдү жеп ыйлайт.

Салбасын мүшкүл пендеге,
Таалайым менин кем беле.
Түгөйсүз боздоп калгыдай,
Тагдырга жаздым эмнеден.

## АЙЛАСЫЗ КӨНДҮК

Атакелеп мээримин көрбөй,
Алдынан тосуп бетинен өппөй.
Ажалдын таш боор чеңгелин көрүп,
Бой жеттиң эптеп жүрөгүң ооруп.

Өксүдүк далай азаптуу күндө,
Ирмелбей көз жаш уйкусуз түндөр.
Бардыгы келип кошулуп кайгы,
Айлантты бизди капалуу түнткө.

Күлкүбүз биздин азайып азыр,
Унчукпас болдук сустайып акыр.
Айла жок эстен элесиң кетпейт,
Кайгылуу жүрөк унутпас такыр.

Жакшылар бизге жан тартып сүйөп,
Жамандар жүрөт кычыктап сүйлөп.
Баарына чыдап азаптуу жаным,
Муңайым тартып сыздады жүрөк.

Кыйындар тирүү жүргөнсүп дайым,
Көңүлдөн кетпейт заар сөзү кордук.
Жаман да, жакшы сөздөргө чыдап,
Багынтты тагдыр айла жок көндүк.

## ЖАШ КЕТТИҢ

Балдарыңдын балдарын жетелебей,
Мээримдүү кучак жайып эркелетпей.
Карылыктын доорун сүрбөй жаш кеттиңби?
Бул дүйнөнүн бактысынан эртелеп сен.

Жаным ачып, жүрөгүм сыздап кетет,
Ой санаа, кыялдарым сага кетет.
Уул үйлөп, кыз чыгарып той бергенде,
Өзүң жоксуң, жалгызсырап өксүп кетем.

Уул кыздын урмат сыйын тең көрбөдүк,
Ак дасторкон, тойлордо бир болбодук.
Ак бешикке бөлөнгөн неберeңе,
Азан айтып, бапестеп ат койбодуң.

Өксүп кетем өзүңдү эстей берип,
Ордуң жок, ойлономун санаа чегип.
Тойлордо өзүң алчу устуканды,
Уулуң албай, нарк билбес алып кетип.

Турмуштун оор түйшүгүн жалгыз тартып,
Уул кызды өксүтпөстөн өзүм бактым.
Ушулардын урмат сыйын чогуу көрбөй,
Кара жердин койнуна эрте жаттың.

Айла жок, тагдыр башка салганына,
Узун өмүр тилеп турам балдарыма.
Бактылуу карылыкты алла буйруп,
Небере сүйүп жүрсүн карыганда.

## УУЛ-КЫЗДАРЫМА

Жүрөгүмдү эзбечи кагылайын,
Түнөрбөчү түнт болуп сабылбачы.
Күлүп жайнап, жадырап жүрө берчи,
Келбес, кеткен атаңды сагынбачы.

Көнөлүчү тагдырдын салганына,
Ата болуп бала сүйдүң, алдың мына.
Өзүңөрдү жараткан сактай көрсүн,
Жадыраган жашооңор жакшы болсун.

Түнү бою жаздыгым жашка чылай,
Кайгы тартып муң бастым,ууктум чыдай.
Айла барбы тагдырга баш ийбеске,
Жыйырма жыл телмирдим ыйлай-ыйлай.

Муңайбагын уул кызым муңайбагын,
Бир сен эмес муңайган бул дүйнөдө.
Турмуштагы тутканар бекем болсун,
Сыйлашкыла бири биринди бул өмүрдө.

Алла таалам кабыл кылсын тилегимди,
Оорутпасын мындан ары жүрөгүмдү.
Жубуң менен кошо карып түбөлүккө,
Ойноп-күлүп ынтымакта жашап өткүлө.

## УУЛ - КЫЗДАРЫМА

Таарынып капаланып,
Нааразы болбогула.
Энеңе күнөө коюп,
Ойлонтуп койбогула.

Мезгил бул учкан куштай,
Зымырап өтө берет.

Күн өтүп, санаа басып,
Ар түркүн ойлор келет.

Максатым мен силерди,
Бөпөлөп адам кылуу.
Кемитпей эч нерседен,
Алпештеп көңүл буруу.

Өксүтсө кээде турмуш,
Байкабай калгандырмын.
Баарына жетише албай,
Унутуп салгандырмын.

Эркелеп апакеңе,
Кабагың ачып жүргүн.
Мейманмын бул дүйнөгө,
Мээримиң чачып жүргүн.

Өксүкмүн бул дүйнөдө,
Өбөгүм болуп жүргүн.
Түгөйсүз мен муңдуугa,
Тирегим болуп жүргүн.

Кымкапка оробогун,
Алтынга бөлөбөгүн.
Абайла көңүлүмдү,
Муң тартып ойлонбоюн.

## БАКТЫЛУУ БОЛГУЛА

Мен тойдо өксүй берем, өксүп келем,
Балдарга бата берээр, атасы жок.
Жүрөгүм сыздай берет, ыйлай берем,
Мейманды бирге тосоор, адамым жок.

Жасаган колумдагы буюмумду,
Кармалап оюм болот уйгу туйгу.
Чыланган көз жашыма ушул нерсе,
Буюрсун түбөлүккө ар кимиңе.

Бешенем катаал күнгө ченелиптир,
Менсинген кербездерге теңелет ким.
Балдарга опол тоодой бакыт берип,
Жараткан куттуу кылсын не демекмин.

Чайпалбай колуңдагы толо аягың,
Бөксөрүп төгүлбөсүн деп тилеймин.
Бакытың мелт- калт болуп ташып турсун,
Капалык кайгыртпасын жүрөгүңдү.

Медерим ата ордуна акыл айтаар,
Турмуштун оор түйшүгүн кошо тартаар.
Уул- кыздын урмат сыйын кошо көрүп,
Ак жолго апакесин өзү баштаар.

Акылчым-деп сеземин өзүңөрдү,
Алтындан кымбат баалайм сөзүңөрдү.
Ден-соолук, өмүр берип аябастан,
Колдосун Алла Таалам өзүңөрдү.

# БАЛДАРЫМ
# А

## БАК - ТААЛАЙ ТИЛЕЙМ, БАЛДАРЫМА

Көк мелжиген бийик тоолор койнунда,
Туулган жерим тоолуу Терек айылым.
Төркүнүмдөн ыраак кетип мен азыр,
Үч-Төбөдө, Гежигелик кайыным.

Тагдыр экен он балалуу болгондо,
Бакыт кушу башыбызга конгондо.
Кырсык чалып өтүп кетти жолдошум,
Кичинебиз эки жашка толгондо.

Ачын тогун, барын жогун билгизбей,
Уул кызымды эч нерседен кемсинтпей,
Бапестедим балдарымды аярлай,
Суук сөздүүнүн ачуу тилин тийгизбей.

Карапайым, эстүү чыкты балдарым,
Барга көппөй, жокко чөкпөй такшалып.
Өмүр бою өксүк болдук, өкүнүч,
Атасынан эрте ажырап, арманым.

Өмүрү узун, ден - соолугу чың болсун,
Ынтымактуу, максаттары бир болсун.
Жаратканым сактап ар кыл кырсыктан,
Үйлөрүнө бакыт - таалай, кут консун !

## АРНОО

Уулдарым менин билегим,
Аска - тоом бекем тирегим.
Уулдарым болсун атактуу,
Ошондой менин тилегим.

Кыздарым менин жүрөгүм,
Кымбатым менин тирегим.
Кыздарым болсо бактылуу,
Ошол бир менин тилегим.

Балам болсо балалуу,
Бактылуумун – деп сезем.
Кызым болсо балалуу,
Таалайлуумун - деп сезем.

## АСМАНЫБЫЗ АЧЫК БОЛСУН

Майрамынар куттуу болсун балдарым,
Өмүрүңөр узун болсун ар дайым.
Көңүлүңөр гүлдөй жайнап ачылсын,
Силерге арнап ыр берметин тандадым.

Тоо суусундай узун болсун өмүрүң,
Жайкы күндөй ачык болсун көңүлүң.
Ата Журттун ишенимин актаган,
Алдыңкынын сабында сен жүргүнүң !

Акыл айтып ата-энең жадырап,
Күлүп-жайнап бирге болсун ар убак.
Окууларды бешке окуп талыкпай,
Маңдайыңда күйүп турсун шам чырак.

Асманыбыз ачык болсун ар убак,
Эл журтубуз тынч жашасын бакубат.
«Эл» деп күйгөн эр азамат адам бол,
Майрамдасын дүйнө эли майрамдарды
дагы улап.

## ТУН КЫЗЫМ ДАМИРАГА

Турмуш жолун оңдой албай кыйналып,
Аракетиң аябастан күч болду.
Жардам берип камкордукка бөлөбөс,
Көп балалуу үй-бүлөөгө туш болдуң.

Жолдошуң да он баланын агасы,
Өзүң дагы менин тунум төл башы.
Турмуштун арабасын чогуу тартып,
Өстүрдүңөр мотурайган балдарды.

Колуңардан баары келет садагам,
Эскини эптеп кураганга таң калам.
Аял колу - камкор кол деп айтышат,
Алтын колуң баарын түгөл аткарган.

Ак мээнеттен курап жаткан буюмуң,
Көркүн ачып жадыратат үйүңдүн.
Бул жашоодо күлүп жүргүн муңайбай,
Жакшылыктан эч үзбөгүн үмүтүң.

Жокко чөкпө, барга көппө чырагым,
Түбөлүккө бирге болуп ынагың.
Уул-кызыңдын урмат сыйын тең көрүп,
Насип кылсын байбичелик убагың.

Он баланын эң улуусу асылым,
Уул-кызыңды тарбиялап тасыгын.
Өмүр берип күйөөң менен тең карып,
Алла Таала узак кылсын жашыңды.

## НЕБЕРЕМ МАКСАТКА

Туулган күнүң куттуу болсун,
Үйүңөргө шаттык толсун.
Узак жашап өмүрлүү бол,
Сак - саламат эсен болгун.

Көптү үйрөнүп көптү билген,
Эмгекчи бол ишти сүйгөн.
Аракетчил азамат бол,
Бечарага пайдаң тийген.

Аман болсун, алтын башың,
Таланттарың ташкындасын.
Саякбайдай манасчы бол,
Өнөрлөрүң ашып - ташсын.

Келечекте элге жаккан,
Эмгегинен бакыт тапкан.
Күч - кайратын аябаган,
Мекенчил бол элин баккан.

## НЕБЕРЕМ АЙЗИРЕКТИН АЛИППЕ МАЙРАМЫНА АРНОО

Билим сересине бийик конгула,
Ыйманыңар менен ыйык болгула.
Бак - таалайга бөлөнгөн бөбөктөрүм,
Ар намыстуу инсандардан болгула.

А тамгасын үйрөтүп,
Алиппени сүйлөтүп.
Билим берген эжелерге,
Амандык каалап жүрөлүк.

Ийгилик каалап силерге,
«Рахмат» - деп айтмакпыз.
Ыр дестени тапшырып,
Үй-үйлөргө кайтмакпыз.

## УУЛУМ МЕДЕРБЕККЕ

Оор жүгүмдү алып менин колумдан,
Түйшүгүмдү жеңилдеттиң жонумдан.
«Инилерим турмуш жолун билсин» - деп,
Жаш болсоң да жол көрсөттүң оңунан.

Кичинеңден сабагыңды жакшы окуп,
Акыл эстүү чыйрак болуп торолдуң.
Алматыдан билим алып жогорку,
Ыкыбалың жогорулап зор болдуң.

Ак жүрөксүң, так сүйлөйсүң бетке айткан,
Куйтуланбай, кээ сөзүңдү кесе айткан.
Эки жүздүү, жасакердик кылбайсың,
Ошондуктан ишиң алга кудайдан.

Ынтымактуу үйдүн алтын тагында,
Ден соолугуң мыкты болсун дайыма.
Үй-бүлөңдүн шам чырагы болуп жүр,
Өмүр берсин, ойноп күлүп жадыра.

Бул өмүрдө көп нерсеге жетишкин,
Уул кызыңдын тарбиясы келишсин.
Элдик адам болуп өсүп балдарың,
Илимпоздук даражага жетишсин.

## МЕДЕРБЕК, ФАРИДАГА

Медербегим, Фаридам,
Артык көрөм жанымдан.
Эсен болгун эл менен,
Алыс жүрсөң сагынам.

Таң шooласы сөгүлсө,
Салыштырам силерге.
Менин жанган жылдызым,
Силер эмей ким эле.

Турмуштун кыйын күнүндө,
Туруштук берип чыдагын.
Тарбия берип уул кызга,
Татаал күндө сыналгын.

Бар менен жокко чыдамдуу.
Үй-бүлөдөн болгула.
Максаттын жетип түбүнө,
Алтын такка конгула.

Алдыда максат ак тилек.
Орундалып ишке ашсын.
Илгерилеп ишиңер,
Ийгилик менен туташсын.

Эже – ини карындаштарыңа,
Камкордугуң көрүп жүр.
Ызат сыйга бөлөнүп,
Кадырлуу ага болуп жүр.

Ден соолугуң чың болсун,
Өмүрүң узун тынч болсун.
Алганың менен тең карып,
Үйүңө бакыт кут консун.

Сауле бийчи тасыган,
Темирлан жетик акылдан.
Карлыгач жыйнап үйлөрдү,
Кубаныч күлөт шаңкылдап.

Келечеги кең балдар,
Президентке тең балдар.
Бешенеңе ата-энең,
Аман жүрсүн дем байлап.

Өзүңөргө жароокер,
Абийирдүү чыксын уул-кызың.
Билимдин түшүп артынан,
Кыйыны болсун кыргыздын.

Узун өмүр ден соолук,
Каалап турат апаңар.
Узак жолго чыксаңар,
Бактылуу болсун сапарлар.

## РЕСПУБЛИКАЛЫК ОЛИМПИАДАНЫН ЖЕҢҮҮЧҮСҮ НЕБЕРЕМ САУЛЕГЕ

Менделеевдин мезгилдик системасын,
Үзбөй окуп сен дагы ойлоп тапкын.
Атак даңкың алыс тарап ай ааламга,
Өркүндөсүн өнөрүң, калкка жаккын.

Назиксиң, кичинекей перизатым,
Кызыгасың химияга сен ар дайым,
Казып окуп, тереңдесең бул илимге,
Орундалып ишке ашат ой максатың.

Келечегиң кең болсун кагылайын,
Максаттарын, көздөгөнүң ишке ашсын.
Кудай берсин, өзүңө ден соолукту,
Бактылуу бол, жараткан жолуңду ачсын.

Аруу тилек, асыл оюн ишке ашсын,
Эл үчүн жакшы кызмат кылгын дайым.
Эли журтуң ата-энең аман болуп,
Толуктап жүр, мыктылардын катарларын.

Таалайлуу бол, бактыңды кудай берсин.
Өмүрүң суудай узун, тунук болсун.
Эң жогорку даражага сен жетишип,
Кудай колдоп, телегейиң тегиз болсун.

## НЕБЕРЕМДИН ТЫРМАК АЛДЫ

Кагылайын неберелер,
Айлык таап мага берген.
Сен сыйласаң чоң энеңди,
Жаратканым сага берет.

Садагасы неберелер,
Белек алып мага келет.
Таенеңди бапестесең,
Жаратканым дагы берээр.

Тырмак алды маянаңдын,
Берекесин кызыр берсин.
Чың ден-соолук, узун өмүр,
Жаратканым сага берсин.

Таттуу болсун тапкандарын,
Аллах берсин түгөл баарын.

Эч нерседен өксүбөсүн,
Ата-энең, туугандарың.

Пайдубалың бекем болсун,
Дасторконуң нанга толсун.
Тапкандарың таттуу болуп,
Кызыр дайым жылоолосун.

**САУЛЕ**

Саулем менин садагам,
Билимге дилин арнаган.
Академияга өттү деп,
Бул ырымды камдагам.

Билимдин түшүп артынан,
Көптү билгин, тартынба.
Ийгилигиң кубантсын,
Ата - энеңди дайыма.

Билимдин туура оң жолун,
Тайгылбай тандап баса бер.
Акжолтой болуп кадамың,
Ашуусун бийик аша бер.

Көздөгөн оюң ишке ашсын,
Татаал жолду шыр баскын.
Илимден жасап ачылыш,
Илимий татаал кырды ашкын.

Эл кызы болуп, өсө бер.
Максатыңа жете бер.
Илимдин бийик чокусун,
Аракет кылып, көздөй бер.

## НЕБЕРЕМ КУБАНЫЧБЕККЕ

Өмүргө өмүр улаган,
Неберемe кубанам.
Балдан таттуу сөздөрүн,
Укпай эч бир тура албайм.

Кылыгы чыгып күлдүргөн,
Ак бетинен сүйгүзгөн.
Жашоого болгон үмүттүн,
Шам чырагын күйгүзгөн.

Келечегим неберем,
Эч кимди сага теңебейм,
Маңдайга жанган таң шоолам.
Кемтигим толот сени менен.

Өксүгөнүм унутуп,
Өзүң менен алаксыйм.
Кемигеним унутуп,
Кейигенден алаксыйм.

Энеңдин сени баалары,
Сага койгон талабы.
Амандык тилеп ар убак,
Ак жол сага каалары.

## ЛАГЕРДЕ

Лагерде дем алышат неберелер,
Жери кооз жаратылыш энчилеген.
Жап-жашыл бак дарактуу кооз жайга,
Неберемди сагынып мен да келгем.

Саулем бойго жетип жетектеген,
Ал балдарга башчы болуп эркелеткен.
Түрдүү тилде лагерде балдар ырдап,
Эс алууга дайыма келип кеткен.

Бассейнде сүзүүдө биринчи деп,
Карлыгачым табылыптыр, жеңүүчү деп.
Чымыр тартып, денеси күнгө күйүп,
Тотугуптур эркелеген Кубанычбек.

Бактылуу бол, жылдыздарым аман болгун,
Бактыңарга тынчылык заман консун.
Ийгилигиң кубантып эл журтуңду,
Бешенеңе ата энең аман болсун.

## ТАГДЫР КҮЛӨ КАРАСЫН…

Кызгалдактай көркүң ачып,
Гүлдөй назик өскөн элең.
Эл катары бул турмушта,
Балакатка жеткен элең.

Жуучу келсе ынабадың,
Тагдырыңды сынабадың,
Атаң өтүп, аза күтүп,
Сага көңүл бура албадым.

Айлар жылга алмашылып,
Мезгил өттү, күндөр жылып.
Сага келген бак таалайды,
Мезгил кетти адаштырып.

Жылдар жылып, жашың өтүп,
Бара жатат өмүр көчү.

Бакыт, таалай каалап сага,
Муңканамын, өксүп кетип.

Алла берсин бакты таалай,
Кеч болсо да бакыт каалайм.
Эл катары бала сүйүп,
Жетелешиңди дайым самайм.

Ишке ашып ой тилегим,
Алла Таалам бир береби.
Максатымды кабыл кылып,
Орундалар күн келеби.

Кеч болсо да бакыт кушу
Башыңарга консо экен.
Алла Таалам кабыл кылып,
Тилегимди берсе экен.

Арнаганым, атаганым,
Силер үчүн эл билсин.
Сүйүү жазы кумар кылып,
Бак даарысын тилегеним.

Аппак болгон ак жоолукту,
Салынсаң дейм башыңа.
Күйөө келсе алдыңарга,
Чачсам деймин чачыла.

Жабууланган ак бешикке,
Бөлөнсө экен наристең.
Сүйүнүчтөн жүзүң жаркып,
Келин болгун келишкен.

# ГҮКҮГӨ

Гүлназым, назик жансың гүл кубатым,
Өзүңдү карап туруп кушубакмын.
Бактыңды мен кудайдан тилей берип,
Билинбей ооруп жүрөк, өңдөн аздым.

Тагдырдын жазганына арга барбы,
Сен үчүн бул дүйнөдө бакыт азбы ?
Кеч жетип, бакыт кушун кармасаң да,
Аныңды «арак көлү» соруп алды.

«Мейли эми жашай бер» деп кол шилтедим,
«Оңолот», деген ойдо киришпедим,
Оңолбоду, бөтөлкөдөн башы чыкпай,
Сага күйүп кыжыл менен ирип кеттим.

Жүрөк кургур кыя албады, ичсе дагы,
Кол үзө албай, сабыласың билем аны.
«Токтотоор» деп, көздү жумуп койсом дагы,
Эрки жетпей, арактан баш тартпады.

Кыйналасың билип жатам, айла канча,
Сени ойлоп, түтөбөстөн күйүп жанам.
Мен өлсөм, кантээр экен назигим деп,
Убайым жеп, ойлонуп азап тартам.

Жараткан жар болсунчу бир өзүңө,
Тилегим кабыл келсе бул сөзүмө.
Кеч болсо да, бакыт кушун бек кармасаң,
Бул дүйнө жаркый түшсө, эл көзүнө.

## ШАЙЫРБҮГӨ

Окууну мыкты окуп, мыкты бүткөн,
Мен эңсеп, бул кызымдан көптү күткөм.
Күтүүсүз ала качып күйөө бала,
Айласыз салттан чыкпай турмуш күткөн.

Эне болду, турмушту да ала жүргөн,
Балдарды тарбиялап тең өстүргөн.
ОшМУда кеч болсо да билим алып,
Лицейде мугалимдик кадыр күткөн.

Шайырым, салтанатка бүткөн кызым,
Тойлордо бул кызымсыз бүтпөйт ишим.
Ак ниет жакшы күндүн базарчысы,
Кеңешчим, насаатчымсыз кетпейт кишим.

Берешен май колтуксуң кебелбеген,
Ошондуктан Алла Таалам кенен берген.
Кызымсыз тоюм токтоп калуучудай,
Апасы дене бою дирилдеген.

Жашоонун ак кемесин кошо айдап,
Жай жайлап, жайлоолорго конуш жайлап.
Ак сакал, ак элечек кары болуп,
Небере сүйүп, желелерге кулун байлап.

Ишиңде, үй бүлөңдө бакубатсың,
Уул - кызың узак жашап, бакыт тапсын.
Жароокер эне, бактылуу ата болуп.
Тең карып, көп жашачы алтындарым.

## НЕБЕРЕМ НУРСУЛТАНГА

Баш неберем бойго жетип,
Эл алдында парзын сезип.
Кызмат өтөп армиядан,
Үйгө келди бүгүн жетип.

Мойнуңдагы бул чоң милдет,
Эли жерин коргоо деген
Мыкты кызмат өтөп кел деп,
Ата-журтуң күтөт сенден.

Бала кезде шоктугуңду,
Ташта уулум жигит болдуң.
Мекен үчүн кызмат кылып,
Жоокер деген атка кондуң.

Ак жол каалайм, үмүтүм зор,
Акыл эстүү туруктуу бол.
Көптү окуп, көптү билген,
Өз элиңдин кыйыны бол.

## ЭДИЛБЕК, АКЖОЛУМА

Мен ооруп, " боткин" болуп жатканымда,
Беш айлык бала элең сен боюмда.
Суук ичип кыйналганда «кантип төрөйм»,
Деген санаа көп келүүчү ойлоруma.

«Кудайым өзү түйгөн түйүнчөгүн,
Өзү чечет» - деген ой жадымда.
Кайненем каза болгон ошол күнү,
Төрөлдүң сен дүйнөгө жаңы гана.

«Акжолтой болуп, апаң сакайсын»-деп,
Атыңды Акжол койду таенеңдер.
«Эл уулу болуп, элге кызмат кылсын» деп,
«Эдилбек» коюшуптур иштегилер.

Жашыңда кыялданып, көп ойлонуп,
Боз үй тигип, жайлоого чыгабыз деп.
Бээ саап, кулундарды мен агытып,
Сабаага бышып, кымыз кылабыз деп.

Баламдын тилеги деп, атаң байкуш.
Боз үйдү жасап, тигип той да бердик,
Жайлоого чыгып бээ саап, бир жыл гана,
Жайлоонун даамын татып, ышкын жедик.

Бой жетип, эр азамат болоoруңда,
Атаңдын мээриминен өксүп калдык.
Мен иштеп, мал кароого шартыбыз жок,
Ошол бойдон жайлоого чыкпай калдык.

Турмуштун татаал жолу силерди экчеп,
«Окуйм» - деп шаарга келдиң окууну эңсеп.
Юрфактын 4-курсун бүтүп жатып,
Кетипсиң Чернявкага бакыт издеп.

Турмуштун шарын кечип, элдер менен,
Соода сатык иштериңди жүргүздүң.
Жакшы иштеп, үйлөнүп үйлүү болуп,
Турмуштун пайдубалын сен тургуздуң .

Кут болсун, ушул бактың уулум Акжол.
Уулдарың колдоп турсун, болуп оң кол.
Эч качан жамандыкты көрсөтпөсүн,
Жараткан ачып турсун сага кең жол.

## АЛИШЕРГЕ

Орто бойлуу, чыйрак чыктың жашыңдан,
Мыкты окуп, жакшы сапат ашырган.
Соода сатык окуу жайын бүтсө да,
Аскердик кызматка ал талпынган.

Көп жыл бою кызмат өтөп Мекенге,
Чек араны коргоп турдуң Баткенде.
Ден-соолугуң жакшы болбой бир азга,
Бошоп келдиң кызматыңдан өз элге.

Жумшак мүнөз боорукердик жайың бар,
Колукту алып жолдуу болдуң кайындан.
Москвада эмгектенип жүрөсүң,
Жашоо турмуш тиргиликтин айынан.

Мен силерге жакшы күндү каалаймын,
Түбөлүккө бактылуулук самаймын.
Өсүп, өнүп Алинадай уул кыздар,
Көбөйсүн деп тилегимди арнаймын.

## МЫРЗАГҮЛГӨ

Мырзагүл деп, атың койдук аздектеп,
Айтматовдун каарманындай болсо деп.
Туура тандап, турмуштагы багытын,
Бул жашоодо максатына жетсе деп.

Мугалимдик кесибиңди аркалап,
Окуучуңа канатыңды калкалап.
Ыйык тутуп, өзүң сүйгөн кесипти,
Барктай билсең бул да сага салтанат.

Аман жүргүн ардактаган чырагым,
Күйүмдүү болсун жаныңдагы жубайың.
Узак жашап ден - соолукта болгула,
Бирге карып турмуш жолун улантып.

Байлык, бийлик, дүнүйөгө кызыкпай,
Ден-соолугуң, өмүрүңдү тилегин.
Бул турмушта баары болот чыдасаң,
Мээримдүү бол, таза болсун жүрөгүң.

## ИШЕНБЕККЕ

Ишенбегим жүрөгүмдүн толтосу,
Күлүп жайнап, балдарымдын токтоосу.
Баскан жолу ачык болуп шыр кетсин,
Алла Таалам ар тараптан колдосун.

Билим алып максатыңа жеткенсиң,
Бирок башка бизнес менен кеткенсиң.
Узак өмүр, ден-соолугуң чың болуп,
Аман жүргүн арасында элдердин.

Дүйнөдөгү бардык жакшы нерселер,
Тууган урук, элиң менен чогуу көр,
Тапкандарың таттуу болуп дайыма,
Бей бечара карыптарга көңүл бөл.

Алган жарың, сага болсун күйүмдүү,
Көңүлүңдү көкөлөтсүн сүйкүмдүү.
Өсүп өнүп, акар чакар үй болуп,
Ак калпактуу байбача бол үлгүлүү.

## ЖАҢЫ КӨЗ

Нурисламым төрөлдү бул дүйнөгө,
Энесине күч кубат дарман болуп.
Бул жашоонун керемет жыргалына,
Батып турдум көңүлүм ырга толуп.

Өмүрлүү бол алтыным, шам чырагым,
Мээрим салып өзүңө мен жыргайын.
Ата-энеңдин туу туткан уулу болуп,
Эсен аман чоңое бер күнүм, айым.

Алла Таалам кабыл кылып тилегимди,
Жыл айланбай кубандырды жүрөгүмдү.
Өткөн жылкы кайгылар, унут болуп,
Ата - энеңе сүйүнүч дем бердиби.

Аман жүргүн алтыным үмүт байлап,
Баарыбызды кубантып күлүп - жайнап.
Уул артынан уул-кыздар төрөлүшсүн,
Ата-энеңе эш болгун канат байлап.

Сүйүнчүмдү батыра албай бул ааламга,
Ырдай бердим жүрөгүм шаңга толуп.
Тартынбадым уялбадым ошол күнү,
Ашып - ташып агып жаттым дайра болуп.

Ук элим! Уулдуу болду Ишенбегим,
Кубангыла! Кубанчымды бөлүшкүлө!
Өткөн жылкы, кайгы тарткан жүрөгүмдүн,
Сүйүнүчүн быйыл чогуу көрүшкүлө.

## КАРАМАТКА

Атыңа затың төп келген,
Кереметтүү кыз болдуң.
Билимдин түшүп артынан,
Аракетиң күч болду.

Оюн шоокту жактырган,
Тамаша сүйлөп каткырган.
Окууну бүтүп кыйналып,
Университетке тапшырган.

Эмгектенип тынымсыз,
Ишиңди алга сүрөдүң.
Ышкың күчөп билимге,
Канатың керип күүлөдүң.

Бактылуу болгун турмушта,
Үй-бүлө керек курушка.
Муну да кызым эсиңе ал,
Парызың тукум улашта.

## КУБАТБЕККЕ

Көкүрөк күчүк Кубатбек,
Ак көңүл мүнөз жылуу кеп.
«Өзүм багам» сизди деп,
Көңүл улап салат кеп.

Аман болгун ардагым,
Өмүр тилейм, алкаймын.
Кошконуң менен кошо бол,
Ушул сага арнаарым.

Элиң журтуң колдогон,
Эр азамат болуп жүр.
Туугандар менен ынтымак,
Жароокер жакын болуп жүр.

Бактылуу болгун ар дайым,
Үй-бүлөң менен шайыр шат.
Жаркылдап ойноп күлүп жүр,
Жараткан кылсын саламат.

## КУБАТБЕК МЕНЕН БУРУЛДУН ҮЙЛӨНҮҮ ТОЮНА АРНОО

Жаңылбастан төп келишип оюңар,
Куттуу болсун ыйык нике тоюңар.
Бирге жаккан коломтонун оту өчпөй,
Түбөлүккө бирге болсун колуңар.

Узак өмүр, ден соолуктар чың болсун,
Перзенттүү бол, үйүңөргө кут консун.
Сүйүү пири Жусуп менен Зулайка,
Өмүр бою экөөңөрдү колдосун.

## СҮЙҮНҮЧ

Кубатбегим уулдуу болду,
Ай ааламга жар салып.
Ишене албайм укканыма,
Сүйүнгөндөн аң - таңмын.

Атын койдук Нурэл деп,
Жараткан элге нур бер деп.

Элдин уулу болуп өсүп,
Арка болуп жүрөр деп.

Ата-энеси маңдайында,
Күлүп жүрсүн нурданып.
Өмүр берсин Алла Таалам,
Амандыкта жүр дайым.

Үч-Төбөнүн тоолорундай,
Ыкыбалың бийик болсун.
Ата журтуң ыйык жериң,
Дайым сени колдоп турсун.

## УУЛ КЫЗДАРЫМА КАТ

Көзүмдүн карегиндей жоодураган,
Уул кызым жүрөсүңбү эсен – аман.
Сабылып куса болуп сагынгандан,
Алыстан салам жолдойт эстеп апаң.

Ден-соолук мыкты болуп эл катары,
Ишиңер илгерилеп көп катары.
Алтын баш аманбы дейм, эл ичинде,
Амандыкты сурашалы эл катары.

Неберелер эсендикте күлүп жайнап,
Ат кылып чыбык минип, чуу-чуу айдап,
Же болбосо мамалакты бек кучактап,
Үйдөн чыкпай жүрүшөбү, машина айдап.

Чоңоюшсун, көп нерсени үйрөткүлө,
Жакшы сөздү көбүрөөк сүйлөткүлө.
Ач көз болбой, ар дайым калыс болсун,
Ушак сөздү айтпоого үйрөткүлө.

Ачык болсун кабактары жадырап,
Күлүп турсун көздөрү бажырайган.
Ата- энеси кашында бирге болуп,
Уул кызынын урматын көрсүн аман.

Аттиң ай, заман мындай болбогондо,
Ата-журт, эл жериңде иш болгондо.
А мүмкүн, мындан жакшы болоор беле,
Атаңар өлбөй, тирүү колдогондо.

Тапканыңар таттуу болсун берекелүү,
Үстүңөргө үй алгыла эң керектүү.
Аша чапкан дүнүйөнүн кереги не,
Турмушуңа ылайык ал эмеректи.

Акча жыйып эсирип көппөгүлө.
Ак жалгасын ырыскыны төкпөгүлө.
Адамдарга акаарат сөз тийгизип,
Аша чаап эсирип кетпегиле.

Бейчеки сөз сүйлөбө адамдарга,
Карыз болбо өзүн билбес сараңдарга.
Катылгандын катыгын берип койгун,
Өз кадырын билбеген жамандарга.

Аман жүргүн оору сыркоо жолобосун,
Сапар кетсең жолдоруң ачык болсун.
Эл ичинде эсен жүрүп, тынч болгула,
Алла Таалам ак жол берип, колдой берсин.

# УУЛ - КЫЗДАРЫМА

Уул - кыздарым үйлүү жайлуу болушуп,
Неберелер бойго жетип толушуп.
Ушул күндү кут кылсынчы кудайым,
Балдары да эсен аман чоңойушуп.

Уул - кыздарым өздөрүнчө баалашаар,
Көзүм өтсө ыр саптарын карашаар.
Тарткан тура оор түйшүктү апам деп,
Мээнетимди мына ошондо баалашаар.

Заманым тынч элим эсен болсунчу,
Эл ичинде баардыгы тынч болсунчу.
Алла Таала колдоп бала чакамды,
Бакыт кушу баштарына консунчу.

# Т/РК/Н

# ЫРЛАР

## САЯКБАЙ КАРАЛАЕВГЕ 116 ЖЫЛ

Кыргызды, кыргыз тили сактап келген,
Жазуусуз тилибизди даңктап берген.
Сагынбай, Саякбайдай манасчылар,
Баатырларды даңазалап мактап келген.

Кыргыздын кыйырдагы кыйындыгын,
Сүрөттөп сөзү менен алып чыккан.
Эл жерин коргоп берген баатырлардын,
Тарыхын зерикпестен элим уккан.

## ЖЕҢИШ КҮНҮ

Алоолонгон согуштун отун кечип,
Ата Журтту коргоо үчүн уйку берип.
«Берлинге тууну сайган сыймык менен,
Жеңишти алып келген бизбиз»,- дешип,

Ал ырас эгер эрлер кайтарбаса,
Душмандын мизин булар майтарбаса.
Караан түн түшүп турса эл башына,
Кулчулукка көнөөр белек айла канча.

Эчен эрлер канын төгүп жанын берген,
Ок тийип жан чыгаарда «апа» деген.
Согуштун алааматын эстей берсек,
Жүрөккө өчпөс такты салып кеткен.

Кырк жылы кыргын болсо алааматтан,
Бей ажал чымын өлбөйт деген экен.
Жан күйгөн алааматтан аман кайткан,
Аталар эл ичинде болсун эсен.

## КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ

Жаңы жылым ар жыл сайын,
Жакшылыкты алып келсин.
Көптөн күткөн жаш балдарга,
Белекти мол салып келсин.

Баштыгында береке көп,
Токчулуктар мол болсун.
Тилеги ак адамдардын,
Үйлөрүнө кут консун.

Элибиздин ынтымагы,
Бекем болсун түбөлүк.
Тынчтык болуп жергебизде,
Бейкут өмүр сүрөлүк.

## АР БИР АДАМ МЕНСИНЕТ

Акыл ойдун казынасын,
Ачып берет энелер.
Көңүл буруп уккула,
Чыгаар бекен тең келээр.

Келин болуп бирөөгө,
Барат экен кыз бала.
Өз кызындай бапестеген,
Аярлаган кем гана.

Ал бирөөнүн баласы,
Кордобогун билип ал.
Айланып келет кызыңа,
Көңүлүңө түйүп ал.

Заар сөзүңдү жаадырып,
Зарлантпагын бирөөнү.
Акыл айтып үйрөтүп,
Бапестеп ал бүлөөңдү.

Ичип алып арακты,
Кордогон көп бүлөөсүн.
Алла берет жазаңды,
Көңүлүңө түйө жүр.

Сырт турпаты жакшына,
Ичи толо быкшыма.
Адамдар көп арада,
Заар сөздүү ыкшыма.

Иши менен кылыгы,
Төп келбеген адам бар.
Жакшы адамга жалаа жаап,
Булгап сүйлөйт андайлар.

Сындап сүйлөйт бирөөнү,
Кемсинтип турат күлгөнү.
Өз айыбын ойлобой,
Адамга үйөт күнөөнү.

Өз башында төө жүрсө,
Көрбөй аны мактанат.
Бирөөлөрдүн башындагы,
Чөптү көрүп таң калат.

## БОЛБОСУН СОГУШ

Энелердин жүрөгүн зыркыраткан,
Эрлердин асыл жарын буркураткан.
Кан күйгөн алаамат күн болбосунчу,
Жоголсун мылтык үнү, күн-түн аткан.

Жергебиз жым-жырт болсун, тынчтык болсун,
Асманыбыз ачык болсун, тунук болсун.
Күлкү кетпей, бөбөктөрдүн жүздөрүнөн,
Кучак жайып, аталары бирге болсун.

Дүйнө эли бирге болуп тилектешип,
Бир ойдо бир максатта жүрөктөшүп.
Кыйнабасын кыргын согуш элди, жерди,
Куралсыз жашайлычы билектешип.

Энелердин көз жашын көлгө теңейм,
Ок оозанган адамга каргыш менен.
Жаман ою өзүнө багышталып,
Тапталышсын тыптыйпыл жерге жексен.

## ЖЕҢИШ КҮНҮНӨ АРНАЛГАН ЫР САПТАР

Боз үйдө кыргыз төрөлүп,
Ак бешикке бөлөнүп.
Ак байбиче энелер,
Ак бата берип көбөйүп.

Ак калпак кыргыз элинен,
Намыстуу уулдар төрөлгөн.
Эл-журтун коргоп тайманбай,
Атак-даңкка бөлөнгөн.

Ак шумкардай жалтанбай,
Жоону сүрүп конуштан.
Эрдик кылып түбөлүк,
Төшүн окко тосушкан.

Көөкөргө кымыз куюлуп,
Жеңиш күнүн тосушкан.
Аталар азыр суюлду,
Аман кайткан согуштан.

## КИТЕПТИ БААЛА

Китепти көп окусаң,
Жан дүйнөң өзгөргөнсүйт.
Каармандар китептеги,
Акылын өткөргөнсүйт.

Көтөрүп көңүлүңдү,
Ой дүйнөң жашаргансыйт,
Кыялдар саякаттап,
Узакка чакыргансыйт.
Акылга акыл кошуп,
Үйрөтөт көп нерсени.
Ушакка үйүр албай,
Көптү үйрөн китептеги.

Ой дүйнөң жакыр болбой,
Сырдашкын китеп менен.
Көп окуп, көптү билсең,
Үлгү алат көбү сенден.

## НУРАЛЫКТАРГА КӨҢҮЛ АЙТУУ

Бүт денем кайгы чалып, муздап турат,
Жүрөгүм ооруп турат, сыздап турат.
Нурада кырсык болгон зилзаладан,
Мезгилсиз кеткендерге, ыйлап турам.

Жүрөктү солкулдаткан бул ааламат,
Бүт элди кайгы менен муңга салды.
Жашоону тирчиликти ойлонбостон,
Адамдар кан жутушуп боздоп калды.

Табият кырсыгына айла барбы,
Энеден бала ажырап жетим калды.
Үй-бүлө тобу менен жайрап калды,
Тагдыр-ай боору ооруп аябады.

Башыңды көтөр элим, кайрат кылгын,
Мындай иш болуп келген, эчен кылым.
Бошонбой, кайрат менен белди байла,
Жашоодо үмүт менен өтсүн күнүң.

Турмушта баары болот, ойлоп жүргүн,
Жамандык, жакшылыкка тике тургун.
Амандык жамандыкты жеңет деген,
Жараткан эл-журтумду колдоп жүрсүн.

## ӨЗ ТИЛИҢДИ БАРКТАЙ БИЛ

Таң каласың көзүң көрүп,
Шаардан келген өзгөрүп.
Кыргыз тилин жээрип турат,
Бура сүйлөп сөздөрүн.

Кыжырың кайнайт карасаң,
Кыргызча сөздөн адашкан.
Чылбырды « руль» деп сүйлөп,
Мен түшүнбөйм ага таң.

Чет тил, орус, кыргызча,
Сүйлөй билгин турмушта.
Так, таамай бил баардыгын
Дилиңди сакта, эч бузба.

Улуттун тилин бузбастан,
Өз тилиңди барктай бил.
Кыргыздыгын билгизген,
Эң негизги эне тил.

## БҮТҮРҮҮЧҮ

Билим уя мектебиңден учасың,
Бүтүрүүчү кубанычта кучагың.
Жоопкерчилик элдин жүгүн аркалап,
Күч кайратың, элге жумшаар убагың.

Намыскөй бол, калыстыктан тайбаган,
Этият бол, жаман жолго барбагын.
Керек болсо, ата журттан аянбай,
Мекен үчүн өмүрүңдү арнагын.

## 27-МАЙ КИТЕПКАНАЧЫЛАР КҮНҮ

Аныйпа эже,Урниса, Айсалкындар,
Ийгиликти жаратышкан башка кыздар.
Ден-соолук, узак өмүр каалоо менен,
Биз силерди куттуктайбыз, айылдыктар.

Китепкана жылыңар куттуу болсун,
Үйүңөргө береке, шаттык толсун.
Турмуш жолун туура тандап, уул-кызыбыз,
Ушул жылы бакыт таап, жуптуу болсун.

Эмгектенип эл үчүн, тыным албай,
Эмгегибиз же билинбейт, же бааланбайт.
Жүзүбүздү күлкү чайып, мындан ары,
Стелажга жаңы китеп, кетсин батпай.

Жазуучунун чыгармасы көбөйсө экен,
Тартуулашып китептерин элге бекер.
Таасирленип окусун окурманым,
Убактысын өткөрбөй дайым бекер.

Маданий казынабыз өксүбөсүн,
Керегине жарасын китеп көптүн.
Руханий байлыгыбыз күчтүү болуп,
Китепкана жылыбыз көңүлдүү өтсүн.

## КИТЕП МАРАФОНГО САЛЫМ КОШКУН

Асыл элим төрт тарабың шай болсун,
Үйүңөргө бакыт, таалай, кут консун.
Руханий азык болгон силерге,
Китепкана казынаңар бай болсун.

Келечектин ээлери деп самасак,
Балдар үчүн жомок китеп арнасак.
Казынага салым кошкон адамды,
Акылга бай, нускалуу, деп бааласак.

Анда эмесе, акыл калчап өзүңүз,
Бүгүнкү күн марафонго келиңиз.
Акыл азык, жан дүйнөнү байыткан,
Китеп берип, салым кошуп кетиңиз.

Кыргыз элим өркүндөсүн, өнүксүн,
Салымыңды кошо бергин болушун.
Жаштар окуп, ой дүйнөсү кеңейсин,
Аксакалдар акыл кеңеш беришсин.

## БАШКА ЭЛДЕ СУЛТАН БОЛГОНЧО

Канча азап, тозок тарткан кыргыз эли,
Тентип жүрөт Россия, чет жерлерде.
Тиричилик, жакшы жашоо издеп жүрүп,
Кабылды ооруу сыркоо, көп нерсеге.

«Аман болсун, тынч жүрсүн»,- деп тилек
кылып,
Ата-эне алдан, күчтөн тайып барат.
Түн бою уктап жатып, кокусунан,
Түш көрүп, чочуп кетип уйку качат.

Ошондой көп элдердин арасында,
Менин да уул-келиним кошо жүрөт.
Аз болобу, көп болобу тапкандары,
Кээ– кээде үйгө келип коюп жүрөт.

Кызыкпайм мен алардын акчасына,
Амандыгын тилей берип таң атырам.
Сагынып, санаа тартып, куса болуп,
Ойлой берип, узун күндө күн батырам.

Жашай билсең, бардык жерде жашоо бирдей,
Башка элде эмгектенсең, жашоо биздей.
Өз элиңдин топурагын жууруп кыш куй,
Башка элде саргарбачы бакыт издей.

## БАЛДАРДЫ КОРГООНУН КҮНҮ

Бүгүн шаңдуу майрамда,
Ырда достор сайранда.
Өнөрүңдү көрсөткүн,
Кийин калбай арманда.

Майрамга майрам улансын,
Шаңданып бөбөк кубансын.
Жакшы окуп талыкпай,
Ата-энеңди кубанткын.

Адептүү сылык бололу,
Тентектикти коелу.
Жакшы окуп сабактан,
Экилерди жоелу.

Келечекте келишкен,
Мыкты балдар бололу.
Алга сүрөп мектепти,
Ар-намысты ойлойлу.

Куттуу болсун майрамың,
Кубанычы балдардын.
Бүгүнкү шаңдуу майрамга,
Ушул ырды арнадым.

## БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ

Дүйнөлүк майрамыңар куттуу болсун,
Күлкү ойноп, жүзүңөргө шаттык толсун.
Асманыбыз ачык болуп бейпилдикте,
Жергебизде кут төгүлүп, тынчтык болсун.

Биз силерге ийгилик каалоо менен,
Төмөндөгү акыл насаат сөздү айтабыз.
Көңүлүңө түйүп жүргүн өспүрүмдөр,
Капа болуп, көңүл кирдеп, сустайбагын.

Адебиңди сактаганың сулуулугуң,
Карыларды сыйлаганың улуулугуң.
Көйрөңдөнбө, куйтулукту адат кылба,
Ал сенин акылга бай тунуктугуң.

Бүтүп мектеп партасын таштап силер,
Билим издеп, чоң шаарларга кетесиңер.
Акыбетин кайтарып ата-энеңдин,
Каалаган окуу жайга өтөсүңөр.

Эстегиле ошол кезде ушул сөздү,
Өзүңдү кармап, башкар бекем эркти.
Чач боегон жерди көрсөң бурулбагын,
Кара чачың олоңдой бузулбасын.

Кырктырбачы чачыңды суранамын,
Өрүп жүрчү көргүм келет чубалганын.
Үрпөйгөн соку баштын кереги не,
Кыргызымдын кыздарынан суранамын.

Шым кийбей, узун көйнөк кийип жүрчү,
Келбетиңди кыргыздардай кылып жүрчү.
Башка улуттун байлыгына азгырылбай,
Кыргызымдын жигиттерин сүйүп жүрчү.

Азгырылба жигиттер ак молдого,
Талимиңди сактап жүргүн ак жолдордо.
«Дарбыз чач» көйрөңдөрдү туурай берип,
Түшүп кетпе, кагылайын жаман жолго.

Айлыбыздын аксакалы энелериң,
Ак жолуң каалап турат, салып мээрим.
Ишеничин актагын жалпы журттун,
Көп нерсени күтөт сенден, кутман элиң.

Алтын уяң мектебиң, мугалимиң,
Кайрылып аман келсе, элге деген.
Калайык калкың берет ак батаны,
Ак жолуң ачылсын деп тилек менен.

## ЖЕР ЫЛГАБАЙТ, ЭЛ ЫЛГАЙТ

Суналып, кайын энеси өлүп жатты,
Уул-кыздары кайгыга чөгүп жатты.
Той кылып, эл узаткан адам сындуу,
Келиндер кам-кечесин көрүп жатты.

«Тууганым келсе менин, тигил үйгө»,
Керилет чоң келини көзүн сүзө.
«Таарынып, капа болуп кетишпесин,
Дасторкондон даамдын түрүн, такыр үзбө».

Карызга алып, семиз жылкы сойгулагын,
Себет жасап, баркут жыртыш койгулагын.
Ак үйдөн дайым эле адам келбейт,
Жакшы сыйлап, көңүл алып койгулагын

Көрдүңбү келининин сүйлөгөнүн,
Кенже келин ачууланат сүйбөгөнсүп.
Төркүнү анын келип, шашып кеткен.
Аяганын тигинин билбегенсип.

Өлгөндүн туугандары боздоп жатты,
Келиндери адамдарды «сорттоп» жатты.

Жакшы үйгө, жакшы мейман киргизишип,
Карапайым, бечараны «октоп» жатты.

Машинада келе жатты, беш эле адам,
Арасына кошулуптур эки жаман,
Жаман үйгө эки жаман бөлүнүштү,
Жакшы үйгө киргизилди үч жакшы адам.

Таң калдым, мен жакамды бекем кармап,
Ал жамандар өзүбүздүн момун адам.
Тигил үчөө, борбордон келсе дагы,
Жамандарга эң жакын тууган адам.

Айланайын абайла көппөгүлө,
Бутуңарды чечпей төргө өтпөгүлө.
Эл ылгайт, жер ылгабай кабыл алат.
Эсирип аша чаап кетпегиле.

## АЯЙ БЕРЕМ

Оюңа койбой келип,
Муңкантып байкуш мени.
Салтта жок ала качуу,
Сыздатып койду сени.

Сүйүүңө жете албадың,
Салтты аттап кете албадың.
Байбиче энелердин,
Көөнүнөн өтө албадың.

Баркыңа жетпей сенин,
Баалабай түркөй эриң.
Сөз менен уулай берип,
Кайгычыл кылды мени.

Балдардын келечегин,
Эртеңин ойлой берем.
Тагдырга кейип кетем,
Аялуу жаным менен.

Түшүнөөр бала алын,
Үй-бүлө болчу жарың.
Чымыркан чыдап жүрчү,
Тиштенип кылып сабыр.

Жашоонун ак кемесин,
Жалгыз мен тарта берип.
Жан дүйнөм быркыранып,
Отурам алым кетип.

Уул-кызым бакыт тапса,
Мен дагы бактылуумун.
Жашоодо сыйлашышкан,
Жар болсун кыналышкан.

Ынтымак ырыс кешик,
Бак таалай конгон жакшы.
Бир келген бул жашоодо,
Бактылуу болгон жакшы.

Үйүңө кут консунчу,
Уул-кызың көп болсунчу.
Сый менен узак жашап,
Жамандык болбосунчу.

Сыйлашып өмүр бою,
Бактылуу болгулачы.
Турмушта баары болот,
Кечиришип койгулачы.

# АБАЙЛАП СҮЙЛӨ СӨЗҮҢДҮ

«Жесирлер» деген сөзүң чагылгандай,
Денемди көзөп өтөт зыркыратып.
«Какшаалдар» деген сөздөр жүрөгүмдү,
Бырчалап кескилешет, быркыратып.

Жесирбиз, тагдыр кылды, айла барбы,
Тагдырдын кылганына, табаа барбы.
Өлсө да күйөөбүздүн никесинде,
Өмүр бою биргебиз, асыл жарбыз.

Тарбиялап балдарды адам кылуу,
Эне дагы, ата дагы болуп туруу.
Алар үчүн эмгегибиз аябастан,
Керек болсо жаныбызды курман кылуу.

Элим үчүн тынчылык заман болсо,
Уул кызым элим деген адам болсо.
Эр жетип, мекен үчүн кызмат кылган,
Адам болоор кудайым аман койсо.

Кайгырсак, капалансак айла канча,
Көтөрөбүз бул мүшкүлдү, башка салса.
Сүйлөй берсин, көрө албастар ичи тарлар,
Ашыкса анын да тиер тагдыры ташка.

Бул мүшкүл, мезгил жетсе сага келээр,
Илгертен келме кезек айтпа кесир.
Өзүңө келип турган ырыскыны,
Кээ кылып, байкабастан өтпө кечип.

Өрт болуп күйүп, жанып мактана албай,
Жыйнаган дүнүйөңдү сактай албай.
Катуу тийип өксүк жандын көңүлүнө,
Дөгүрсүбө өзүңдү өзүң кармай албай.

Адам болсоң, жаралууну аяп жүргүн,
Элирбей алды артыңды, байкап күлгүн.
Мушуңду адегенде өзүңө уруп,
Оорубаса андан кийин башкага ургун.

Тирүүлүктүн белгиси сыйлашууда,
Адам өлсө кайгырып ыйлашууда.
Бул дүйнөдө көңүлдү аздектесең,
Татыктуусуң, адамдардын урматына.

## КҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Шаңкылдаган, комуз күүсү күүгө келет,
Тарыхта өткөн күндөр элестетет.
Татаал да, назик дагы турмуш сыры,
Кыл менен жүрөгүңө жетип келет.

## ЖЕКСУРЛАРГА НААЛАТ

Бүлүк салып тынч элге,
Түштүк элин козгодуң.
Күйүттү салып башына,
Бечараны боздоттуң.

Алайга салып ызы чуу,
Ош тараптан чуу чыкты.
«Кырыптыр элди кокуй!»- деп,
Айыл эли дуу түштү,

Топ-топ келген адамдар,
Блокпостко тирелди.
Тартипке баш ийбесе,
Ким токтотот, көп элди.

Ар өрөөндүн балдары,
Ошто окуп жатышат.
Кыргындуу күндү уккан эл,
Кантип чыдап жатышат.

Күнөөсү жок калайык,
Кандай айла кылышмак.
Тиштенишип чыдашып,
Ынтымак менен турушат.

Мээлеген канкор огунан,
Мертинип өлгөн шейиттер.
Жүрөгүңдү сыздатып,
Кеткени жанды кейитээр.

Үлпүнчөк салбай башына,
Уздай назик кыз өлдү.
Жашоонун көрбөй жыргалын,
Чолпондой жайнап уул өлдү.

Армандуу күндө муңканып,
Энелер какшап боздоду.
Күйүтүнө чыдабай,
Атанын мууну бошоду.

Атанын жытын сагынып,
Уулдары калды арманда.
Эненин көрбөй мээримин,
Кыздары калды санаада.

Күйүттүү күнгө көнө албай,
Суук жүзүн эңсеп көрө албай.
Армандуу эне теңселет,
Баласын таап көмө албай.

Күйүттү салып элиме,
Кийгиздиң кара келинге.
Кутүсүз жерден өрттөлүп,
Күл болуп калды сөөгүңөр.

Адамга салган алаамат,
Эки аяктуу айбанат.
Кыргызда өчүң бар беле,
Эл журтту кылган жаманат.

Гүлдөп турган жеримди,
Күлгө айлантып таштадың.
Адамды малдай жиликтеп,
Жаман жорук баштадың.

Элге арнаган окторуң,
Мээленип калсын өзүңө.
Жер дагы кабыл албастан,
Таш чыгып турсун көрүңдөн.

Жараткан өзү жазалап,
Тозоктун оту өрттөсүн.
Тукумуң куруп соолуп,
Жакшылык бетин көрбөсүн.

Эрегиштен пайда жок,
Кыргын салба элиме.
Булүк салып канга чылап,
Көз артпагын жериме.

Адам каны кое бербес,
Эсебиңди аларсың.
Кылмышыңдын түбү жаман,
Чоң тозокто калаарсың.

Тынч жашаган адамдардын,
Үшүн алып жүдөттүң.
Дайынсызды издей берип,
Кайгы менен күн өттү.

Зыркыратып калың элди,
Тополоңду баштаган.
Канкорго наалат айтабыз,
Калың элге батпаган.

Күтүүсүздөн кол салбастан,
Бетме бетке чыгып кайт.
Бийлик, байлык оюң болсо,
Киши өлтүрбөй ачык айт.

Эрегишкен кишиң болсо,
Эр сайышка бет чыккын.
Жигит болсоң жашырынбай,
Бет маңдайдан атышкын.

Сулайман Тоо ыйык жайды,
Кырсыктырбай сыйынгын.
Акбуурага өлүк салып,
Кесир кылба тыйылгын.

Кан төкпөгүн эл жериме,
Бечараны кыйнаба.
Кайгы салып Ата-Журтка,
Калың элди ыйлатпа.

Кара мүртөз кара өзгөйлүк,
Эр адамга мүнөздүү эмес.
Ачык айтып сөзгө келгин,
Эл жеримдин күнөөсү эмне.

Күнөөсүз кеткен шейиттин,
Убалы жетсин канкорго.
Жалган ушак таратып,
Тополоӊ салган ортого

Капсалаӊ салып элимди,
Батырдыӊ сансыз арманга.
Кан төгүп элге чуу салып,
Айландыӊ жырткыч айбанга.

Сени да эне туугандыр,
Киндигиӊ кесип буугандыр.
Мээримсиз таш боор мыкаачы,
Эмнеге салдыӊ чуулганды.

Күнөөсүз элдин убалы,
Эгерим эки кылбасын.
Төшү түктүү жер уруп,
Каргышы тийсин дубандын.

Эл, жер үчүн курман болуп,
Шейит кеткен маркумдардын.
Жаткан жери жайлуу болсун,
Баскан изи даӊктуу болсун.

Жаман күндү амандык,
Жеӊип келген илгертен.
Кут конуп элим өркүндөп,
Чыгаандар чыккан иргелген.

Жат душманга колтук ачпай,
Кечиришип бир болсок.
Ынтымакты бекем, сактап,
Ырыскылуу журт болсок.

# ТАМИРИСА

(болгон дешет …)

Менсинген Үч-Төбөнүн тоолорунда,
Миң жылдар өткөн, мурда доорлорунда.
Сак уруусу (скифтер) жашап өткөн,
Душман келсе ыңгайлуу, коргонууга.

Үч- Төбө аймагы катаал, аба ырайлуу,
Токой черлүү, мөлтүр булак жагымдуу.
Ошол доордо жибек жолду ээлөө үчүн,
Сактарга согуш коркунучу болгон кандуу.

Өз тиричилигин дыйканчылыкты өнүктүргөн,
Стратегиялык кооз жерге көнүп бүткөн.
Мындан эки жарым миң жыл илгери,
Перси падышасы Кир II нин көзү түшкөн.

Ири аскерий даярдык менен согуш ачат,
Хорезм, Арейа, Бактирия, Согиданы басат.
Сактардын ошол кездеги падышасы Тамириске,
Ашыктык алоолонгон катын жазат

Канчалык кымбат белек келсе дагы,
Кир II өз жүрөгүн берсе дагы.
Ал жалган амалынын баарын билип,
Тамириса ал сунушту четке какты.

Ойлорум иш жүзүнө ашпады деп,
Сунушум Тамириске жакпады деп.
Кир падыша эки жүз миң аскер менен,
Аттанат кандуу жолго тиштенип бек.

Ургаачы жолборс сындуу намыска бек,
Эли жерин коргойбуз, душмандан деп.

Тамириса ири аскердик колу менен,
Сыр дарыя боюнда кармашкан дейт.

Жеңиш кээде Кирде, кээде Тамиристе болуп,
Кан агып, жерде жайнап өлүк толуп.
Тамиристин кол башчысы алып келди,
Шарап куюлган чаначка Кирдин башын салып.

Божомол, эл сөзүндө айтылгандай,
Кармашта Тамириса жеңип алган.
Согуштан соң аскерий күчтүн баарын,
Алайдын Үч- Дөбө аймагына жайгаштырган,

Далил болгон көрүстөнү сактардын,
Чоң өлчөмдө ушул жерден табылган.
Тамириса канышанын табыты,
Үч- Дөбөнүн Туюгунда коюлган, деп айтылган,

Жылдар өтүп тарыхта ташка тамга баскандай,
Белгилүү Али Искендер,Зулкарнайым ысмы
калган.
Александр Македонский менен бетме - бет
чыгып,
Кантсе да сактар өз мекенин сактап калган.

## КАГЫЛА БЕР ! ТЫНЧТЫКТЫН КОҢГУРООСУ

Кагыла бер! Тынчтыктын коңгуроосу,
Жергебизде тынчтыктын туусу орносун.
Шаар гулдөп, береке кутка толуп,
Кыргызымдын ынтымагы бекем болсун.

Кагыла бер! Тынчтыктын коңгуроосу,
Уккансыймын Токтогулдун комуз күүсүн.
Манастын айкели тулпар минген,
Эске салат, элестетет кыргыз көчүн.

Кагыла бер, коңгуроо кагыла бер,
Алга элим, үмүт менен агыла бер.
Эмгегинен баар таап, баба дыйкан,
Жашоо күрөш, маңдай териң агыза бер.

Эли- журтум муң кайгыдан алыс болсун,
Балдарыбыз көңүлдөрү ачык болсун.
Ак - караны адилет карап турган,
Акыйкатчы, сотторубуз калыс болсун.

Өткөн күндөр каардуу жана капалуу,
Тарыхта калат, өчпөс болуп, жазылып
Баалап, барктап, эскеришсе билгендер,
Унутулбайт ал ысымдар даңкталып

Манас ата, урпактарын эскерип,
Көзү өткөн маркумдарын эстешип.
Курман болгон баатырларды унутпай,
Эскеришсин, койбосо да эстелик.

Интернационалдык милдетин аткарам деп,
Ооган жерин коргогон азаматтар.
Окко учуп, сөөгү келди Кандагардан,
Курман болуп, шейит кетти канча адам.

Баткен жерин бузукулар басканда,
Күнөөсүздү байкоосуздан атканда.
Баатыр мүнөз эр азамат жигиттер,
Көкүрөгүн окко тоскон анда да.

Баткендеги душмандар Ооган жактан,
Басып кирип жерибизге, түнөк тапмак.
Ата Мекендик согушта да курман болуп,
Канчалаган баатырлар кайтпай калган.

Барсбек каган элин коргоп, элин сактап,
Кыргызымдын ар намысын бекем кармап.
Акылман кыргыз аял аны төрөп,
Баатыр жүрөк өстүргөн тарбиялап.

Эр манастын урпактары эрен чыгат,
Тиш кайраган душманына сокку урат.
Жалтанбаган жалын жүрөк баатырларды,
Эл - жериңе кызмат кыл деп, эне турат.

## АДАМДЫ БААЛА

Ата- журтуң сыйлагын, ата салтын,
Баалай билгин, адамдын кадыр баркын.
Бир бөтөлкө аракка алданып сен,
Кулу болуп калыпсың көрө албастын,

Ак иштеген адамга каршыландың,
Элим баалайт, эмгегин жакшылардын.
Ичиң таарып көрө албай тилге кирип,
Бирөөгө кыянаттык кылып салдың.

Жетекчилер элине адил болсо,
Жүзүн бурбай, адамга калыс болсо.
Татыктуუга таратып өз сыйлыгын,
Жең ичинен кымтыбай таза болсо.

Акыл жигер билимдүүгө айтарым,
Алсыздарды көз караштан байкагын.

Колдон келсе жардамыңды аябай,
Сурап жүргүн бечаранын абалын.

Барга көппө, дүнүйөгө умтулуп,
Байлык кээде, колдон кетет суурулуп.
Кудай берген бакыт, таалай, дөөлөттү,
Байкабастан колдон койбо учуруп.

## ООМАЛ ТӨКМӨЛ ЗАМАНА

Кайырчы байкуш шалдырап,
Колун сунат жалдырап.
Жарыбас тыйын колунда,
Үшүп, тоңуп калтырап.

Жол боюнда кайырчы,
Акчаң болсо кайрылчы.
Элден тушкөн акчадан,
Кайырчы бир жарысын.

Кайырчыга бир сомду,
Араң берет битиреп.
Кармалып калса ГАИге,
50 сом берет титиреп.

Кычыраган ГАИшник,
Ойлогонун болтурат.
Шылтоо таап шофердон,
Чөнтөктөрүн толтурат.

Оо, сен заман,сен заман,
Амалдууга бар заман,
Акчасызга тар заман,
Алсыздарга каар заман.

Нанга акча таппаган,
Бечарага кем заман.
Көзү бүтүп май баскан,
Чиновникке кең заман.

## НООРУЗ ШАҢЫ

Ак сакалын жайкалткан карылары,
Ак элечек энелер баарыңарды.
Ак дасторкон үстүндө бата тилеп,
Салтыбызды бийик тутуп кадырлайлы.

Табияттын коздугунда көзгө сулуу,
Умай эне, баатыр эне бирдей сулуу.
Ат үстүндө алыша албай, бири бирин,
Күч сынашып, тайлашып көпкө турду.

Улуттук оюндарды унутпастан,
Боз үйдүн босогосун аттап баскан.
Кыз-келин майрамыңар куттуу болсун,
Мааракени майрамдап даңктап жаткан.

Улуттук каада салтты унутпастан,
Көжө ичип, талкандарын түйүп жаткан.
Өткөрүп, Ноорузду көңүлдөр жай,
Береги абышка- кемпир күлүп жаткан.

## ЖАШТАРГА

Аргымагын туйлатып,
Ат чабышка чыгышкан.
Тыйын эңмей оодарыш,
Бирин-бири жыгышкан.

Оюн-күлкү тамаша,
Иштеп ишке тойбогон.
Жалын жүрөк жигиттер,
Көздөгөнүн койбогон.

Чеберчилик өнөрү,
Ууз кыздарга жарашкан.
Көз тайгылткан оймолор,
Көпчүлүктү караткан.

Өнөрүң болсо озоорсуң,
Өнөрсүз болсоң тозоорсуң.
Колуңдан бир иш келбесе,
Басынып уят болоорсуң.

Бар бол кыргыз уул – кызы,
Башыңа бакыт кут консун.
Баралың сенин келгенде,
Бактылуу адам болоорсуң.

## ТҮРДҮҮ ТАГДЫР

Үйлөр, үйлөр беш кабаттан курулган,
Жашап жатат түркүн адам туруктап.
Үй ичинде түркүн тагдыр, көйгөйлөр,
Кээси жарды, кээси жашайт дурустап.

Убактысы ченелүү ал адамдар,
Кээси ишке, кээси жөнөйт базарга.
Кээ бирөөлөр күнүмдүгүн тапса да,
Өп- чап жашоо, нан таба албайт калгандар.

Газга, сууга, светине төлөшөт,
Карыздарга белчесинен бөлөнөт.
Пенсияга карап калган карыга,
Тээ алыстан уул - кыз акча жөнөтөт.

Иштей албай кыйналганы келишип,
Ата - эненин пенсиясын бөлүшүп.
Кыш мезгилде жумуш таппай кайрадан,
Жаз болгондо келгин кушча кетишип.

Өкүнөсүң, кейип кээде зыркырап,
Жүрөк сыздап бөлүнгөнсүп быркырап.
Кандай күндө калат дешип балдарым,
Ата - энеси ыйлап калат буркурап.

Жаратканым паанайында сактасын,
Аман жүрсүн көп ичинде балдарым.
Кызыр берип берекесин аябай,
Насип кылсын аздыр - көптүр тапканы.

## БАКТЫЛУУ БАЛАЛЫК

Ойно бөбөк күлкү кетпей жүзүңдөн,
Балалыгың бал татыган тилиңден.
Ата - энеңе эркелеп бактылуу өс,
Уяласын бакыт кетпей үйүңдөн.

Кызыл, сары, түркүн түскө, кубулган,
Бийик үйлөр, ортосуна курулган.

Акжолтой болуп жүрсүн дайыма,
Аянтчабыз, бөбөктөргө буюрган.

Ойноп жаткан бөбөктөрдү көргөндө,
Бактылуунун бактылуусу деп сезем.
Сонун шартты түзүп берген балдарга,
Жакшы адамдар көп болсун арабызда

Бакты таалай сересине термелген,
Өскүн бөбөк эч жамандык көрбөстөн.
Асманыңар ачык болсун дайыма,
Эр жүрөк бол, көздөгөнүң бербеген.

## АК ЖОЛТОЙ БОЛЧУ ЖОЛУМ

Сапарың ачык болуп,
Ак жолтой болсун жолуң.
Алладан тилейм дайым,
Аярлап, жайып колум.

Кан жолдо кагышпастан,
Жаракат алышпастан.
Адамдар шаттуу жүрсүн,
Көз жашын агызбастан.

Жараткан сактай жүрсүн,
Тынч болсун деп тилеймин.
Ак жоолук баштан түшпөй,
Жарлары аман болсун.

Байсалдуу болуп жолуң,
Башыңа бакыт консун.
Жигит пири "Шаймерден",
Дайыма колдоп жүрсүн.

Адамга арман салып,
Караан түн келбесинчи.
Кайгынын эмне экенин,
Наристе сезбесинчи.

## ШОРО САТКАН КЫЗГА

Шоро, шоро суусунуңду кандырган,
Акчалуунун шам чырагын жандырган.
Ченелүүнүн чөнтөктөрүн какшытып,
Ошондо да тилектери жакшылык.

Шоро сатып алкыш алган ушул кыз,
Болсо экен деп тилеп турам бактылуу.
Эгер сатса бакыт баасын акчага,
Берет элем сага сатып бактыны.

## ГҮЛ КЫЗДАР (СТУДЕНТ)

Ата эненин нур кызы,
Кафеде иштеп күң кызы.
Контракты төксөм деп,
Эси дарты пул, кызы.

Ресторан, кафеде,
Той тейлеген гүл кыздар.
Той тарап, эл кеткенде,
Идиш жууган күң кыздар.

Уйку көрбөй кыйналып,
Сабагына кеч келип.
Аргасыздан олтуруп,
Уктап кетет үргүлөп.

Сабак болот бизге деп,
Эки саатка кетишет.
Качып кайра сабактан,
Иштегени келишет.

Акча таап күнүмдүк,
Жашоолорун улантат.
Идиш жууп кафеде,
Уйку көрбөй таң атат.

Ары бери жыйынып,
Кайра жөнөйт сабакка.
Өзүн араң карманып,
Уктап кетет заматта.

Жашоо кыйын замана,
Каражат жок башкага.
Студенттер кыйналат,
Иштеп акча таппаса.

Контрагын төгө албай,
Чет элде иштеп келишет.
Кыйналып тапкан акчасын,
Окуу жайга төгүшөт.

Бир кесипке ээ болуп,
Эптеп окуп алсам дейт.
Эч нерсе жок башында,
Диплом сатып алсам дейт.

Ушинтип бүткөн студент,
Кантип элди башкарат.
Окуучуга татыктуу,
Кантип билим бере алат.

Ак эмгегиң күч болсун,
Түбөлүгүң түз болсун.
Кыйналып окуп, колго алган,
Дипломуң сенин кут болсун.

## АЧ КӨЗГӨ

Ар кыл кылып боеп, чачты бурупсуң,
Этиң көрүнгөн мода көйнөк кийипсиң,
Күн чагылат күлүп койсоң өзгөчө,
Көз тайгылтат алтындалган кооз тишиң.

Каш кирпигиң төрт көз болуп күлүшүң,
Оюн шооктон колуң тийбейт күнү - түн.
Эки ооз сөз жаздыра коем деп,
Сага деген өчтү менин үмүтүм.

Баардыгын билгениңдей кебетең,
Орусчаны сүйлөп жаттың эжелеп.
Кыргыз сөзүн так көчүрүп жаза албай,
"Таттуу" деген сөздү жаздың "таты" деп.

Руханий жан дүйнөңдүн аздыгы,
Ой дүйнөңдүн өтө жакыр, пастыгы.
Көргөндөрдү өкүнүчкө бөлөдү,
Ач көздүгүң ички дүйнөң тардыгы.

Кооз кийинтип, жасап койсоң куурчакты,
Жакшынакай сонун болот сымбаты,
Сырткы кейпиң сонун болуп турса да,
Ач көздүгүң бузуп койгон турпатты.

Байлык деген колдун кири, билип кой,
Ушул сөздү көңүлүңө түйүп кой.
"Кыз балага - кырк үйдөн тыюу", деген,
Улуулардын насаат сөзүн угуп кой.

Ооз көптүрүп мактанасың обу жок,
Аша чаап менсинесиң, көөнүң ток.
Манжалардын ар биринде шакегиң,
Койкоңдотуп, каткырасың жөнү жок.

Кыска мойнуң, жоон тросс тагынган,
Эч жарашпайт, арам тапкан табылгаң.
Жетеленип калгандайсың алтынга,
Кожоюндун балтегиндей каргыдан.

Боюңа үйбөй, кымбат баа нерсени,
Тууганыңа кайрылышсаң болбойбу.
Көп балалуу, кыйноо тарткан, байкуштун,
Көңүлүнө ыраазычылык толбойбу.

Өлсөң кошо көмүлөбү алтының,
Ал жөн гана ачкөздүгүң, азгырык.
Нысап кылып, бечарага кайрылыш,
Же жазылып калат бекен байлыгың.

Нысап кылгын дүнүйөгө кызыкпай,
Байлык топтоп оор азапка тушукпай.
Качан бирөө тоноп кетет дебестен,
Эс аласың, төшөгүңдө тынч уктап.

## БЕКЖАН БАЗАРЫ (ӨРТ)

Жашоо жакшы болсо экен деп чет элге,
Кеткенсиңер бири-бириңди жетелеп.
Кыйноо тартып, азап менен жыйнаган,
Мээнетиңер күйүп кетти бекерге.

Алтын башың аман болсун балдарым,
Мындан ары буюрсунчу тапканың.
Башыңарга баш кошулуп өскүлө,
Жүрөгүмдөн жакшы тилек каалары.

Кайгырбагын кейибегин кеткенге,
Өкүнбөгүн, өксүбөгүн өткөнгө.
Өрттөй өрчүп өнүктүрсүн кудайым,
Узак жашап, бирге өмүр сүр өткөнчө.

Аман жүргүн сак саламат балдарым,
Насип кылсын, кыйноо тартып тапканың.
Ак жолуңар ачык болсун дайыма,
Жаратканым паанайында сактасын.

Күйүп кетти, миңдеген эл үмүтү,
Кыйналышып, жыйган эле, күнү- түн.
Өчөшүүнүн курмандыгы болдубу,
Көпкөндөрдөн кордук көргөн кыргызым.

Дордойдогу карыз алган акчалар,
Кантип төлөйт, качан берет, канчалар.
Иш таба албай, жумуш издеп, көптөрү,
Кыргызстан банктан карыз алгандар.

## ТИЛИМ МЕНИН ДИЛИМ

Кыргызымдан Манас чыккан,
Акылманым Бакай кутман.
Семетейди сактап калып,
Каныкейдей эне чыккан.

Баш кесмек бар тил кесмек жок,
Деп айтышкан кыйындар.
Далай эрдин бир сөз менен,
Башы калган кыйылбай.

Асмандагы тунуктукту,
Ааламдагы улуулукту.
Ырга кошуп тили менен,
Баалап келген кыргыз элим.

Бүркүт шаңшып тоолорунда,
Кийик оттоп зоолорунда.
Ай чырайлуу сулуу кыздар,
Бээ саашкан, тоо койнунда.

Өтүп кеткен эчен кылым,
Карт тарыхтын, каткан сырын.
Баатырлардын даңктуу жолун,
Баяндаган улуу тилим.

Дүйнө элине даңазалуу,
Айтматовдун каармандары.
Толгонайдын, Жер эненин,
Монологдо айткандары.

Даңазалап даңктайт тилим,
Гүлсарынын дүбүрттөрүн.
Даниярдын Жамиланын,
Өчпөс ыйык сүйүүлөрүн.

Кыргызымдын кол өнөрүн,
Даңазалап берген тил.
Карганбектей мырза менен,
ЮНЕСКОго келген тил.

Кайда болсо кыргыз тили,
Даңазалайт элимди.
Дүйнө элине тааныштырган,
Кен байлыктуу жеримди.

Урпактарга даңазалап,
Эл башкарган баатырларды.
Басып өткөн кыргыз жолун,
Улуу тилим айтат дагы.

## ТООБА ДЕ

Жашап жаткан өмүрүңдө, кадамдап,
Жамандыкты ойлобогун адамга.
Эстен кеткис кайгы түшсө, башына,
Өчүң бардай, табалаба жамандап.

Жүрөгүңдөн кайгылууну абайла,
Боорукер бол, жамандыкты санаба.
Турмуш жолу өйдө - төмөн, ойлонгун,
Тагдыр бир күн, тузак жаят сага да.

## СЫЙЛУУ БОЛ

Оо адамдар, тирүүлүктө сыйлашпай,
Кас душмандай кажышасың эмнеге.
Өлүп калса, "жакшы эле" деп жалооруп
Боор ачыйсың, боздоп- какшап пендеге.

Тирүүлүктө сыйлашууну унутпай,
Көрө албастык, ичи тардык кылышпай.
Адам өңдүү жашап өтсөк не болот,
Какшык айтып, бири-бириңди курутпай.

Эки киши бириксе да көрө албай,
Бечарага жардамыңды бере албай.
Кордоп сүйлөп, ыркты бузуп турасың,
Ичиң тарып, ынтымакка келе албай.

Үчүнчүсү артыкбашпы сага же,
Ал бузуку, жолобогун ага деп.
Узатасың толгон токой ушакты,
Күнөө коюп, ал байкушту жемелеп.

Чоң ата да, чоң эне да болдуңар,
Бай- байбиче болдук, деген оюң бар.
Ошондо да оозуң бузуп, сөгүнүп,
Келиндерге жаман аттар койдуңар.

Чыдай алгыс сенин ачуу сөзүңө,
Чыдап жатат, келиндериң, уул - кызың.
Кайын ата, кайын эне болсоң да,
Калбады го, карыганча бул кылыгың.

## ИЧКИЧКЕ

Камокторду сагалап,
"Интеллигент" сабылат.
«Айлык келсе төлөйм»,- деп,
«Арак бер» -деп, жалынат.

Кызуу келет ишке,
Кыжынып сүйлөйт кишиге.

Жооптуулугун ойлобой,
Арак кирет түшүнө.

Айдан-айга айлыгы,
Ичкиликке жумшалат.
«Айлыгың кана»- деп койсо,
Алганы менен мушташат.

Мас абалда мектепте,
Сабак өтмөк болушат.
Окуучулар таң калып,
Агайынан чочушат.

Сабак өтө албастан,
Башы ооруп зыңылдап.
Алы келбей сүйлөшкө,
Журналга бекинип уктайт.

Коюп алып жанына,
Кусуш үчүн челекти.
Окшуганда ойгонуп,
Окуучулар чочушат.

Айлыгыңдын эсебин,
Экономдоп ала жүр.
Азыраак ичип аракты,
Үй-бүлөңө карап жүр.

Бул кылыгың эч кимге,
Жакпайт го дейм иничек.
Мугалим деген улуу атты,
Булгап койбо ичем деп.

# ТУУЛГАН ЖЕР

## ТУУЛГАН ЖЕР

Садагасы болгум келет элимдин,
Топурагын өпкүм келет жеримдин.
Балалыгым өткөн айлым элестеп,
Тоо аралап жүрө берет сезимим.

Кичи мекен Терек айлым конушум,
Өстүм сенде кубанчымды бөлүшүп.
Токтогулдай демократ акындын,
Сыймыктантат карындашы болушум.

Жашыл жайлоо, көпөлөк кууп секелек,
Тоо койнунда балалыгым өткөн жер.
Ышкын терип ойлонбой эч нерсени,
Ата энемдин мээриминде өскөн жер.

Көп жыл болду айылымдан кеткенге,
Турмуш куруп шартка карап, башка элге.
Жүрөгүмдө сактап жүрөм түбөлүк,
Бала кезим калган асыл Мекенди.

## ЭЛИ ЖЕРДИ САГЫНУУ

Мен өскөн Терек айылы,
Далайга кеткен дайыны.
Эмгеги менен дүркүрөп,
Өркүндөп өскөн байлыгы.

Илимпоздор туулган жер,
Илимди сая кууган эл.
Койнунда толгон кен байлык,
Ачууга эрте али дээр.

Жайлоосу сонун жапжашыл,
Ата-энем конгон "Кайыңды".
Унута албайм эч убак,
Жаштыгым калган айылды.

Бетеге чөптү кулпуртуп,
Желеге кулун булкунтуп.
Жайлоодо өскөн балалык,
Бербеди ойго эч тынчтык.

Жапжашыл шибер жайлоосу,
Карагай, четин, арчалар.
Сезимде болсо байкоосу,
Келген мейман таң калаар.

Күрпүлдөп, күү-шаа суу аккан,
Куралып суулар булактан.
Көңүл чериң жазылат,
Шоокуму кетпей кулактан.

Эргип баскан адамга,
Өзүнчө берген ырахат.
Табигаттын кооздугу,
Араласаң жыргатат.

Бугу жайлоо Үч-Чаттын,
Кошулушу шоокумдуу.
Шар сууну бойлоп сергисең,
Кандырасың моокумду.

Түркүн куштар үн салып,
Табият берет керемет.
"Уйт" улдап улар үн салса,
Канаттуу кайсыл тең келет.

Кымыздык ышкын терген жер,
Балалыгым өткөн жер.
Бал кымыз ичип, каймак жеп,
Селкинчек салып тепкен жер.

Жайлоодо жүрөк шуулдоочу,
Адамдын сөөгү көмүлбөй.
Жатканын көрүп чочулап,
Корккондон денем муздоочу.

Кербендер өткөн узак жол.
Каныбек менен басмачы,
Кармашканын баяндап,
Чочулаткан кандуу жол.

Атактуу Терек дабандан,
Курманжан энем өткөн жер.
Эл үчүн арнап эмгегин,
Султановдор өскөн жер.

Менменсинген тоолору,
Элди коргоп чеп болгон.
Атактуу сарттар элинин,
Айтса сөзү эп болгон.

Жайлоосу толгон бетеге,
Тоосунда ойнойт текелер.
Менсинген Терек дабаны,
Далай сыр катып текебер.

Күрпүлдөгөн агын суу,
Таштан ташка урунган.
Булактардан куралып,
Чоң дайрага куюлган.

Суу башында чөккөн нардай,
Алтыны бар деп айтат.
Ошондон суусу дары деп,
Карыялар кеп айтат.

Суусу таза, алтындын,
Кошулмасы бар дешет.
Дартка даба ичкенге,
Дары болот – ал дешет.

Атам сүйлөп карыялар,
Кулак салып угушчу.
Куймак куюп апам сыйлап,
Ичип жатып кымызды.

Терек дабан кербен өтүп,
Кербен жолу атыккан.
Катар таштан Рабат деп,
Төө жетелеп кайтышкан.

Кытай Кашкар шаарларынан,
Кербен өтүп туруучу.
Каалагандар аң терисин,
Сатып соода кылуучу.

Теректин жакын жайлоосу,
Ак - Шагыл менен Караган.
Шаркырап аккан суу жээги,
Бүлдүркөн менен карагат.

Кайыңды менен ыргайлуу,
Тоолору малга ыңгайлуу.
Жайыты кенен кеңирсип,
Элибиз билбейт муң кайгы.

Бугу жайлоо Үч-Чаттан,
Туюктан Кошке аюу аткан.
Улар, кийик, теке атып,
Эт менен элин жыргаткан.

Керилип жаткан кең жайлоо,
Миң сан малын батырган.
Береке чачып элибиз,
Баглан союп чакырган.

Кең пейил элим ынтымак,
Жайлоодон жайлоо тандаган.
Көк бөрү улак эңишке,
Күлүктөрүн камдаган.

Чечендерин тандаган,
Сөз берметин арнаган.
Асылзаада аялдар,
Акыл сөзүн камдаган.

Мал багуунун устаты,
Ленин орден тагынган.
Назарбаева Берметти,
СССР эли тааныган.

Белекбаев Келдибек,
Эсепти семичкедей чакчу эле.
Жадырап күлүп элине,
Жагымдуу сүйлөп жакчу эле.

Төрөлүп сарттар элинен,
Атактуу Алай жеринен.
Күйүп-жанып эл үчүн,
Ишенимге берилген.

Бактылуу менен баалашпа,
Таалайлуу менен талашпа.
Акматбектен үмүт чоң,
Ойлогон максат ишке ашса.

## АЛАЙ РАЙОНУНУН 80 ЖЫЛДЫГЫНА

Тоолорум, тоо койнунда ырлар толкуйт,
Акындар чыгармачыл ырлар токуйт.
Унутпай карт тарыхтан өткөн күндү,
80 жыл тоолуктарым ырларды окуйт.

Камчыбек, Абдылдабектин өткөн күнү,
Баш ийбей орустарга кеткен күнү.
Тарыхтын барактарын ача берсек,
Курманжан акылгөйдүн тапкан сыры,

Эркиндик элим үчүн кымбат турду,
Бул үчүн кетти далай эрдин куну.
Кут болсун бул жеңиштүү күндөрүңөр,
Күлкүлүү жайнап турсун бөбөк жүзү.

## АЛАЙ 80 ЖАШТА

Алайым кутка толуп, жайнай берсин,
Багында бакыт кушу сайрай берсин.
Элимдин ынтымагы бекем болуп,
Акындар сөз берметин тандай берсин.

Алайым нурун төккөн жылдыз болсо,
80 жашта, таң чолпон Чынгыз болсо.
Жакшылык, жышанаалуу белги болуп,
Чынгыздай чыгаан уулдар көп төрөлсө.

Нур жаап, кут консунчу элибизге,
Дан өссүн, берекелүү жерибизде.
Элибиз өз байлыгын пайдаланып,
Суук колдор тийбесе экен кенибизге.

Алтындай жергебизде тынчтык болсун,
Ар бир үй перзент сүйүп, башка толсун.
Токчулук, молчулукта элим байып,
Алайым, ар бир коктуң малга толсун.

## АЛАЙЫМ

Алайым алтын турагым,
Таркабайт сенден кумарым.
80 жыл толот күздө деп,
Толкундап турган убагым.

Алайдын аты көп жерден,
Даңкталып келген илгертен
Алымбек датка баш болуп,
Курманжан энем дем берген.

Алымбек көзү өткөн соң,
«Тоо канышасы» аталган.
Эл үчүн иштеп Курманжан,
«Генерал» деген наам алган.

Жеринин ойлоп тынчтыгын,
Орустарга кол берген.
Элинин тилеп аманын,
Шарт наамага кол койгон.

Басынтпастан өз жерин,
Тонотпостон өз кенин.

Көз, каранды кылбастан,
Коргогон Алай өз элин.

Эркин элим Алайым,
Өткөрдүң баштан далайын.
Ар тарабың шай болуп,
Жетишкениң баалайын.

Талаада эмгек кайнаса,
Жайлоодо элим жайласа.
Ошондо келет береке,
Эгинин эгип айдаса.

## ЫР КЕСЕГЕ АРНАЛГАН ЫР

Алайдын сексен жылдыгы,
Далайды алга умтултту.
Айылда ыр күү жаңырып,
Таланттууларды кулпуртту.

Белекбаев Келдибек,
Атында айыл өкмөтү.
Эл ичи өнөр кенчи деп,
Элинен чыккан төкмөсү.

Атактуу Сопу айылы,
Тоолор менен курчалган.
Туш туштан суусу шарпылдап,
Шоокумдуу түрлүү үн салган.

Чий-Талаа, Терек, Аскалы,
Алтынга окшош таштары.
Аксакалын сыйлашып,
Абийирдүү болот жаштары.

Калбаев Жумаш башкарган,
Район быйыл даңкталган.
Элине жагып кызматы,
Азыркы күндө макталган.

Кадырмамат Султанов,
Нарматов Бакир дегендер.
Санталат менен Өзгөрүш,
Абдразак деген эр.

Теректен чыккан чыгаандар,
Акматбек, Марат туугандар.
Эл үчүн иштеп жашынан,
Билимге көңүл бургандар.

Тарбиялап таптаган,
Ар намысын сактаган.
Өзгөрүш менен Санталаттын,
Үмүттөрүн актаган.

Комузда колун ойноткон,
Нышанбай сындуу кыйындар.
Атанын атын чыгарган,
Кубанычбектей уулу бар.

Сопудан чыккан генерал,
Өзгөчө чыккан элден ал.
Жаштарды сүрөп алдыга,
Көптөргө үлгү болгон ал.

Бул элден кыйын эр чыккан,
Кабылан сындуу шер чыккан.
Демөөрчү болуп байлары,
Долларды суурат капчыктан.

Чечендер менен ырчылар,
Даярданып жаткан кез.
Кезек эми бизде деп,
Кубанычка баткан кез.

Күлүктөн күлүк чыкканда,
Төрт аягы тыбырайт.
Марадан озгон күлүктүн,
Дүбүртү шаңдуу угулат.

Үч-Төбөдөн келишкен,
Мейманды тосуп алгыла.
Ыр кесени тапшырып,
Ийгилик каалап калгыла.

## АТА ЖУРТ

Мөңгү кетпес көк мелжиген зоолору,
Үч - Төбөнүн асман тиреп тоолору.
Алыс жүрсөң сагындырып эңсеткен,
Бүркүт учуп, кийик жүргөн жолдору.

Койну толгон дары чөптөр керемет,
Тамшандырат карагаттар, өтө көп.
Суктандырган табигаттын коолдугу,
Билип ал, деп көп нерсени дегдетет.

Элин коргоп, кас душманга тең келген,
Канын төгүп, эрлер намыс бербеген.
Жоого аттанып, элин коргоп душмандан,
Эчен жылдар сак уурусу жердеген.

Атайылап жасагандай көркөмдүү,
Алп тоолорго көз арткандар көп болгон.

Душманынан коргонууга ыңгайлуу,
Улуу Тоолор эли үчүн чеп коргон.

Дан айдаса дыйкандарын тойгузган,
Берекеси мол төгүлгөн койнунан.
Эли журтум кооз жерде жайгашкан,
Жашап келген Ата - баба доорунан.

Берекеси талаасында жайнаган,
Касиеттүү тоолорумдан айланам.
Малга жайлуу ал тоолордун койнунда,
Кайын журтум, Олжоке эли жайлаган.

Кооз жайлуу, пейли кенен кайнымдан,
Өсүп, өнүп, этек жеңим жайылган.
Аллах Таала төгүп бизге мээримин,
Орустардан" Алтын жылдыз" тагынгам.

Уул кыздарым эли жерим эңсеген,
Ата журтун, алыс жүрүп дегдеген.
Кайда болсо улуу тоонун кулуну,
Эл жеримден жан аябайм, мен деген.

Берекеси жайнап турсун жеримдин,
Байманасы ашып турсун элимдин.
Тукум өсүп эр азамат көбөйүп,
Татып өссүн ата-эненин мээримин.

## КӨЛ - ГЕЖИГЕ

Мен Көлгө бүгүн келдим, толуп ташып,
Демигип, өпкөм көөп, араң басып.
Көл соолуп, мурдагыдай, толкубастан,
Суусу жок, жерлер калган, балыр басып.

Мен карып, Көл да карып болгон өңдүү,
Өткөн күн бийлеп алды, көңүлүмдү.
«Мен сени, Көлгө алпарып, көргөзөм», деп
Тилеги ишке ашпай, күйөөм өттү.

Балдарым эрезеге жетип эми,
Ээрчитип, жетелетип неберемди.
60 жашка толгон кезде келдим,
Коздугу кеткен кезде, Көлдү көрдүм.

Жараткан көтөрөмүн, башка салса,
Кайгырып капалансам, айла канча.
Шүгүр деп, бардыгына, өмүр тилеп,
Насаатым айтып келем балдарыма.

Бул башка нелер келип, нелер кетпейт,
Уул - кызым сак саламат болсо экен деп.
Өлбөсө, алтын аяктан суу ичээр деп,
Үмүттүү күндөр менен жашап келем.

## ЫСЫК -КӨЛ

Ысык -Көл күү-шаа түшүп толкуп жатат,
Мелмилдеп кыпкызыл күн батып барат.
Көлдү эңсеп келген кезде алыс жактан,
Берметин чачыратып саламдашат.

Алайдан, Ысык - Көлдү эңсеп келдим,
Ден соолук чыңайынчы эми дедим.
Саламын Памир - Алай элдеринин,
Сага арнап жүрөгүмө катып келдим.

Амансыңбы, чалкып жаткан Ысык -Көлүм,
Чакырды касиетиң мени сенин.

Толкун сымал мен дагы толкуп турам,
Жээгиңде кубанычтуу сезим менен.

Уул кызым ыраазымын мен силерге,
Ыраактан келип көлдү көргөздүңөр.
«Көңүлүн көтөрөлү эс алсын»- деп,
Апаңды баалап көңүл бөлгөнүңө.

Ысык - Көл элим үчүн чалкып турсун,
Эс алып, эки жубай бирге жүрсүн.
Элимдин тынчылыгын берип кудай,
Көлүндө жуп ак куулар бирге сүзсүн

## БАЛАЛЫГЫМ

Ата –эне доорун сүрдүм кайгы тартпай,
Жайлоодо, желелерге кулун байлай.
Ата - энемдин мээриминен өксүбөдүм,
Жараткандын өзү берип, бакты - таалай.

Көк тиреп, булут баскан улуу тоодо,
Кой айдап, уйларды саап эрте туруп.
Жаштыгым эч капарсыз өткөн эле,
Бээ саап, кымыз кылып сабаа бышып.

Ата-энем арка бел, жөлөк болгон,
Бактылуу балалыгым шаңга толгон.
Бул дүйнө эч кемтиги жок сезилип,
Ал кезде эси дартым оюн болгон.

Атам да, энем дагы маңдайымда,
Кийиктин даамдуу эти таңдайымда.
Тоолордон терип келген кучак-кучак,
Ышкынды жей албастан тандайбызда.

Ойногончо үй түйшүгүн унутпай,
Отун - сууну арбын камдап урушпай.
Кап толгончо, көп терүүгө ашыгып,
Тезек терип келчү элек, чуркурай.

Кызыгып, четиндин ашын тандайбыз,
Терип келип, жипке тизип камдайбыз.
Эң баалуу белек берген адамдай,
Жакшы көргөн досубузга арнайбыз.

## АТА – ЭНЕГЕ ТААЗИМ

Көзгө атар мерген болчу менин атам,
Тоолордон тандап дайым теке аткан.
Бир айыл эли менен коңшуларын,
Кайберен эти менен кенен баккан.

Корулдук Жаманкул деп досу болчу,
Жамбү эже, Бакир аба коңшу болчу.
Жигдегүл, Алмакан эже, Жолдубай аке,
Бир чыны талканды да бөлүп жешчү.

Меймандос берекелүү адам болгон,
Жайлоосу Сары - Күчүк, дайым конгон.
Бир карын майды бузуп, текши бөлгөн,
Ынтымак, ырашкерлүү коңшу болгон.

Эскерсем асыл сапат адаттарын,
Көп эле мыкты делген сапаттарың.
Атакем, энемдин да экөөңдүн тең,
Эмгегиң актай бекем айта албаймын.

Көп карызмын өмүрүмдө мен силерге,
Көңүлүңө катуу тийсем кечиргиле.

Ар убак унутпаган уул кыздарды,
Рухуңар колдоп жүрсүн жер үстүндө.

Жаткан жериң жайлуу болсун атам-апам,
Топурагың торко болсун төшөп жаткан.
Окулган курандардын сообу тийсин,
Бейиштин төрүн берсин ошол жайдан.

## ЫР КЕСЕ

Чокусу көктү тиреген,
Менсинип карайт Улуу-Тоо.
Ырдай бер элим ырда деп,
Кубанып карайт Сулуу-Тоо.

Жараткан берген талантты,
Жашырбай элге бергин дейт.
Ыр-күлкү менен шаттанып,
Ынтымакка келгин дейт.

Үч-Төбөнүн койнунан,
Чыгышкан чыгаан уул-кыздар.
Докторлукка жетишкен,
Акылбек, Тасаң кыйындар.

Бөрүбай, Гүлбар чабандар,
Бел байлап бороон - шамалга.
Жүзүнөн жүздөн төл алып,
«Баатыр» деген наам алган.

Талипбай, Суран, Шаамырза,
Тыным көрбөй күнү-түн.
Жүн, төл планын аткарып,
Актаган элдин үмүтүн.

Атай берсек алдыңкы,
Адамдар абдан көп экен.
Жаза берсек аларды,
Узак дастан сөз экен.

80 жылдык майрамга,
Арнап келген ыр десте.
«Жумабаев» мектеби,
Кармап берген ыр кесе.

Өрдөш айылы кабылдап,
Таштап кетти ыр кесе.
Ормонкулдай эл башы,
Алып калды ыр кесе.

Ыр кесенин кезегин,
Өткөрөбүз эми деп.
Ак-Жай айылы бүт дарбыйт,
Кезек бизге келди деп.

Сүйүнүчкө баткан кез,
Жаактууга жай бербес.
Чечендер менен ырчылар,
Даярданып жаткан кез.

Шаңдуу болсун кадамы,
Шайыр болсун жаштары.
Ушундай салттуу ыр кесе,
Өтүп турсун ар дайым.

Илгертен калган ушул салт,
Жайыла берсин элиме.
Муундан муунга уланып,
Шаттык күн болсун жеримде.

Ыр кесе алуу салт экен,
Ырды ырга улайлы.
Катарга алып жаштарды,
Ыр кесени сунайлы.

Шайырлар көп элимде,
Таңшый берсин обону.
Эл ичинде талантты,
Элибиз билсин оболу.

Улана берсин саамалык,
Кесени колго алалык.
Өрдөш, Ак-Жай бөлүнбөй,
Ынтымак менен жашайлык.

# APHOO

## ЧЫГААНДАРГА

Улуу тоодо торолуп кыргыз уулу,
Айылдарда чоңойгон кыргыз кызы.
Докторлукка жетишти талыкпастан,
Тыным албай изденип күнү-түнү.

Бир мектепте окушуп чогуу баскан,
Элдин жүгүн аркалап калкка жаккан.
Эмгектенип эл үчүн ар кай жерде,
Жыйырма жылда чогулуп баарлашкан.

Көчмөн кыргыз боз үйүн тигип алып,
Сыймыктанып ат төөлөргө минип алып.
Бабалары жашаган улуу тоодо,
Кундуз жака ичиктерди кийип алып.

Желе байлап бээ сааган энекелер,
Кыргый мүчө кымча бел жеңекелер.
Жигиттери ак калпак кийип турса,
Ак мөңгүлүү Ала-Тоодон элес берээр.

## МАРАТ СУЛТАНОВГО

Алайдын чыгаан уулусуң,
Сүйлөйсүң сөздүн туурусун.
Жалган сөз менен келишпей,
Чын сөзүң менен сулуусуң.

Төрага наамың кут болсун,
Үйүңө бакыт кут консун.
Элиңдин тийип батасы,
Кайрат кубат, күч болсун,

Эмгегиң сиңсин элиңе,
Оомат келсин жериңе.
Кут болуп ордуң өзүңө,
Тукумуң өсүп кемибе.

Кыйналган элдин абалын,
Сессияга кабарла.
Көңүлүңө түйө жүр,
Жаштар кандай абалда.

Күнү-түнү толгонуп,
Элиңдин камын ойлонуп.
Ак кызматың арнай бер,
Ыкыбалың зор болуп.

Өзүңө тилейм жакшылык,
Сапарың ачык жол болсун.
Жигит пири Шаймерден,
Ата-бабаң колдосун.

## АЯШЫМ ТООКЕБАЙ АЛМАМАТОВГО

Абийир менен ар намыстуу алганың,
Ушул чакан ыр дестемди арнадым.
Турмушуңдун биримдиги кут болуп,
Рахатын тең көргүлө балдардын.

Өздөштүрүп татаал турмуш дүйнөсүн,
Мал багуунун ыкмаларын үйрөндүң.
Уул кыздарды эрезеге жеткирип,
Жашоодогу жакшы жакты үйрөттүң.

Ызаат - сыйын аябады балдарың,
Жети-Өгүз, Чолпон-Ата, Ысык-Көл.

Курорттордон-курортторду кыдырткан,
Уул-кыздардан жоктур эми арманың.

## КАСЫМ УУЛУ СҮЙҮНБАЙГА

Кулунусуң ардактаган элиңдин,
Сыймыгысың куттуу Алай жериңдин.
Арышыңды кенен таштап талбагын,
Максат кылган багытыңдан жазбагын.

Шумкар сындуу талыбасын канатың,
Дарыядай ташкындасын талантың.
Дүңгүрөтүп дүйнө элине таанытып,
Даңазала энелердин санатын.

Ак элечек энелериң алкашып,
Ай жүзүнөн мээримдерин төгүшөт.
Ак сакалдуу аталарың сага арнап,
Аябастан баталарын беришет.

## БААТЫРДЫ ЭСКЕРҮҮ

Социалисттик эмгектин,
Баатыры деген наам алган.
Көзү өтсө да дүйнөдөн,
Артында атак, даңк калган.

Жакшы атак алып эл үчүн,
Ата-журт, туулган жер үчүн.
Кадырмамат атабыз,
Арнаган калкка дем күчүн.

Элим деп иштеп эл үчүн,
Кыргызымдын жери үчүн.
Өзгөчө адам сезилет,
Элден да башка мен үчүн.

Уулдары удаа төрөлүп,
Камкордукка бөлөнүп.
Алышты билим булагын,
Үйрөнүп түркүн өнөрүн.

Өзгөрүш менен Санталат,
Ээрчишип жүргөн эки ынак.
Убайга салды өз элин,
Жакшыдан калбай бир туяк.

Партия үчүн жан үрөп,
Ийгиликке жетишти.
Элим үчүн деп жүрүп,
Дүйнөдөн өтүп кетишти.

Асанбек, Жеңиш, Абдрай,
Алымдуу иштер жүргүздү.
Өмүрүн арнап элине,
Кутүүсүз өтүп куйгүздү.

Транспорт байланыш,
Министри болгондо.
Абдразак Султанов,
Көбүн салды оң жолго.

Көп иштеп көзү каныгып,
Жашынан оозго алынып.
Партия үчүн эл үчүн,
Атагы чыкты таанылып.

Чындыкты айтып чыркырап,
Орундатып сөздөрүн.
Кашакөй калп сөз сүйлөшпөй,
Айыпка жыккан өздөрүн.

Чындык үчүн эл үчүн,
Күйүп-бышкан жан эле.
Кайратын салып калкым деп,
Көкжалдыгы бар эле.

Кичи пейил жөнөкөй,
Көргөндүн көөнүн тындырган.
Дүнүйө мүлктү ойлонбой,
Жылуу сөздү сый кылган.

Түбөлүк эли туу туткан,
Татыктуу элдик инсандар.
Түбөлүк жанып элиңде,
Жарык берген нур шамдар,

Эскерип элиң жүрөктө,
Атыңды сактайт түбөлүк.
Илимдүү уул кыз көбөйүп,
Жолуңду улайт үйрөнүп.

Уулдары Марат, Оморго,
Тарбия берген татыктуу.
Өзүңдөй чындык сөз сүйлөп,
Элинен алкыш алышты.

Артыңда уулдар жетилип,
Алдыңкы инсан болушту.
Омор, Марат азамат,
Алтындан такка конушту.

Үмүтүн актап элинин,
Атагын жайып жеринин,
Абийири менен ак иштеп,
Актасын элдин ишенимин.

Кызматың калды мекенде,
Ысымың калды мектепте.
Түбөлүккө унутулбай,
Изиң калды жергеңде.

## ЭЛ ҮЧҮН ИШТЕГЕНДЕР

Атадан туулган азамат,
Акматбек иним даңктанат.
Алык-салык жагынан,
Алдыга элин алпарат.

Омардын уулу Жолдубай,
Согушту жеңип келди жай.
Талыкпай багып топозду,
Өтөдү кызмат көп жылдар.

Кирешелүү мал тармак,
Жолдош, Али башкалар.
Эт планын толтуруп,
Топоз ферма башкарган.

Өпкө оорусу боюнча,
Оорутпай элди коюуга.
Алдын-ала дарылоо,
Кушбактын бар оюнда.

Элдин алып алкышын,
Жаныш врач жадырайт.

Тажрыйбасы көп жылдык,
Алдына адам салдырбайт.

Ыбышов Эркинбай агай,
Султановдор мектебин.
Көп жыл бою башкарган.
Алдыга сүрөп жаштарды,
Атак даңк менен алпарган.

Эс алууга чыкканда,
«Терек Дабан» китебин.
Басмадан басып чыгарып,
Ыраазы кылды бүт элин.

Жатакана, ашкана,
Жол боюна салышкан.
Назарбек менен Гүлбарды,
Жалпы эли таанышкан.

Кыйынчылык жылдары,
Камсыз кылган ун менен.
Бей-бечара, жесирге,
Жардам кылып пул берген.

Боорукердик канында,
Тууган-жолдош жанында.
Бирдей карап адамга,
Ылгабай жакшы-жаманга.

Колунда барын аябай,
Бечарага кол созду.
Баалап эли эмгегин,
Өкмөттүккө көрсөттү.

Рабкооптун складында,
Көп жыл иштеп Асыран.

Элге керек товарды,
Оштон тынбай ташыган.

Эмгектин көрүп үзүрүн,
Сый-урматка татыды.
Беш убак окуп намазды,
Ыймандуу имам атыкты.

Белгилүү сарттар элинен,
Эшенали, Артисбек.
Меккеге барып сыйынып,
Ажы болуп келишкен.

## 20 ЖЫЛДЫК БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ

Бүтүрүп мектебиңди коштошоордо,
Кош дебей ушул сөздү айтуу оордоп.
Акыркы жолу мектеп партасынан,
Козголдуң өзүңдү өзүң араң зордоп.

Ай өтүп жылдар өтүп алга жылат,
Ар түрдүү чиркин тагдыр алмашылат.
Бир кезде кош айтышкан агайларга,
Кайрылып жыйырма жылда келдиң самап.

Бул жолу демдүү келдиң, шаңдуу келдиң,
Балдардын келечегин ойлоп келдиң.
Фундамент бышык болсун түбөлүк деп,
Мектепке кубанарлык белек бердиң.

Кудайым чың ден-соолук берсин дайым,
Ишиңер илгерилеп мындан ары.

Дагы да салымдарын кошо берсин,
Кайратман жыйырма жылдын шумкарлары.

Каалайбыз ден соолукту баарыңарга,
Ак тилек жашыңарга карыңарга.
Элибиз бейкут жашап ынтымакта,
Нур жаасын куттуу калкым жалпыңарга.

## КРнын ДЕПУТАТЫ
## ЖУМАЕВ ШАМУРЗАГА

Мал багып ат жалында чыйрак өстүң,
Талыкпастан өтөсүнөн чыктың көптүн.
Таамайлап буруп кепти башка жакка,
Ар бир сөздүн маанисин талдап өттүң.

Мекениң бийик төрлүү жайлоо болду,
Максатың малга тоют камдоо болду.
Тынч алып эс алууга келгениңде,
Үй-бүлөңө мээримиңди арноо болду.

Көптү көрүп, көптү билдиң жашыңдан,
Жаш чабандар өсүп чыкты артыңдан.
Эмгегиңдин акыбетин билдирет,
Төшүңдөгү орден, медаль жаркылдап.

Баатыр эне жубайыңдын бактысы,
Үйүңдөгү уул-кыздардын шаттуусу.
Нургүл ырдап обон созуп таңшыса,
Ыр билбеген кете түшөт шаштысы.

Бул дүйнөдө балдар үчүн тирексиз,
Узак жашаң, балдарга сиз керексиз.
Уул кыздардын урмат сыйын тең көрүп,
Пенсиянын үзүрүн көр демекпиз.

# КАРЫЯЛАР КҮНҮНӨ АРНОО

Ак сакалын жайкалткан,
Аталар эсен аманбы?
Ак элечек энелер,
Жалпыңа айтам саламды.

Ата-журт үчүн аянбай,
Ак ниет кызмат кылдыңар.
Көңүлдүн буруп борборун,
Колхоз совхоз курдуңар.

Тыным албай күнү-түн,
Аткарып элдин үмүтүн.
Ийгиликтер жаратып,
Моюнга алдың түйшүгүн.

Коммунисттик партия,
Милдетти тагып жалпыга.
Билим алып, көп окуп,
Таанылды кыргыз калкыма.

Ленин орден тагынып,
Чабандар чыкты калкымдан.
Депутат болуп шайланып,
Кыйындар чыкты таанылган.

Эмгегиңер бааланып,
Элим сыйлайт баарыңды.
Ак кызматты аткарган,
Ак элечек ак калпак,
Ак сакалдуу карыңды.

Майрамыңар кут болсун,
Үйүңөргө кут консун.

Насип кылып мал мүлкүң,
Үй-бүлөңөр тынч болсун.

Үлгү үйрөнсүн жаштар да,
Оң жол билсин балдар да.
Акыл кеңеш кеп уксун,
Насаат сөздү аяба.

Элим үчүн көңүлдүү,
Күндөр өтсүн дедик биз.
Ыр кесени чогултуп,
Майрам кылып кеңешип,
Өткөргөнү келдик биз.

Тынчтыкта болсун жерибиз,
Аман болсун элибиз.
Ырыс кешик ынтымак,
Береке болсун дейлик биз.

Батасын алгын карынын,
Сен дагы бир күн карыйсың.
Жаш кезиңде эсирбей,
Сыйлагын элдин карысын.

Бул майрамда демөөрчү,
Депутаттар келишти.
Карылардын күнүнө,
Күчтүү жардам беришти.

Ак батаңы бериңер,
Ар өнөрдү көрүңөр.
Кыдырып элди ыр кесе,
Шаттыкка толсун көөнүңөр.

## ЭРКИНБАЙ ЫБЫШОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КЕЧЕСИНЕ АРНОО

Айтылуу Терек айылым,
Далайга кеткен дайының.
Чыгармачыл таланттуу,
Элиңден чыккан шайырың.

Султановдор өскөн жер,
Адилдик кылган далай эр.
Атагы чыгып ак иштеп,
Элибиз төккөн маңдай тер.

Алдыңкылар сабында,
Эл үчүн көрүп камылга.
Марага кошкон күлүктөй,
Эркинбай азыр табында.

Чыгармачыл иштериң,
Өркүндөй берсин алдыга.
Руханий жан дүйнөң,
Таасир берсин жалпыга.

Өмүрүң узун болушун,
Үйүңө бакыт конушун.
Ак тилек менен каалаймын,
Чыгармаң сынга толушун.

Омады конуп башыңа,
Курчуй берсин каламың.
Чыгармаңдын тушоосун,
Элиң чечип бааласын.

Ыр дүйнөсү чабыттап,
Сөз бермети чубалсын.

Ар бир сабын ырыңдын,
Окуган адам кубансын.

Шыдыр болуп жолдоруң,
Кыдыр болсун жолдошуң.
Ден-соолук берип темирдей,
Алла-Таалам колдосун!

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНА

Мандатыңар кут болсун,
Үйүңөргө кут консун.
Алтындай болгон башыңар,
Ден-соолукта тынч болсун.

Эл үчүн иштеп талыкпай,
Ынтымакта бололу.
Сессияда кызаңдап,
Кажышканды коелу.

Эл үчүн көрүп камылга,
Маселени чечкиле.
Өтөр кетер сөз өтсө,
Бир бириңди кечкиле.

Эл үчүн көрүп камылга,
Абдиш агай алдыда.
Таш көмүр менен бүт элди,
Камсыз кылат жакында.

Бей-бечара жесирге,
Көмүр берип жылыткан.
Кам көрүп калың эл үчүн,
Жакыр элди унутпаң.

Ийгилик каалап силерге,
Ак жол тилеп туралы.
Депутаттык кызматын,
Карап байкап угалы.

## ЭНЕЛЕРГЕ ЫР ДЕСТЕ

Куттуктайбыз энелер, эжекелер,
Үйдүн куту ак жоолукчан жеңекелер.
Жадыраган үйүбүздүн төрүндөгү,
Ачык пейил мээримдүү жан белеңер.

Үйүңөргө бакыт кушу коно берсин,
Уул кыздарың бойго жетип толо берсин.
Өздөрүнө түбөлүктүү жар табышып,
Арзуу сүйүү, махабатты ойлой берсин.

Каалоо -тилек ишке ашып, бакыт консун,
Үйүңөргө күлкү - шаттык, ырыс толсун.
Жеңилиңди жерден алган эң жароокер,
Маңдайыңда ызаттаган келин болсун.

Аялзаты мен силерди ыйык тутам,
Ак тилекте ыр дестеми сизге сунам.
Алла Таала кабыл кылсын оюбузду,
Ырларымды жүрөгүмдөн арнап турам.

Өрдөш айылын мекендеген Нүрбү эжем,
Күлүп - жайнап, күлкү чайган жүздүү эжем.
Куттук айтып, бир кубантып алайынчы,
Сизге арнаган ырлар ушул кутман эжем.

## КУТУШОВА ИБАРАТКА

Эки жубай Үч-Төбө эли өнүксө деп,
Бай жашашып маданиятка көнүксө деп.
Эс алышып көңүлдөрү көтөрүлүп,
Рахатын бул турмуштун көрүшсө деп.

Чөнтөгүнөн акча берип, кыйылбастан,
Клубду койду жасалгалап, чыйыр баскан.
Жаштар үнү жаңырып обон созуп,
Эл агылып кирип чыгат тыйылбастан.

Кызгалдактай жайнап өсүшсүн деп,
Алты кызга форма берди көнүшсүн деп.
Келечеги кең болуп уул кыздардын,
Ыр бийчилик өнөрлөрү өнүксүн деп.

Куттук айтып кубанабыз, аялзатка,
Ыраазылык билдиребиз Ибаратка.
Эли үчүн аябаган эч нерсени,
Баалап туруп атадык «биздин датка».

Бай турмушта канчалаган жашап жатат,
Машина алып, үйүн укмуш жасап жатат.
Айткылачы Ибараттай кимиси бар,
Эл үчүн ким эмнени атап жатат.

## АЙША МОЛДОТАШОВАГА

Мектепти оңдоп берет деп,
Ишенип элиң сүйүндү.
Аялдан башчы болду деп,
Көрө албастар күйүндү.

Семинар өтүп мектепте,
Жакшы атак алдыңар.
Тарых музей, тил каана,
Кабинет ачып алдыңар.

Тазалык жактан мыкты деп,
Мектепти алга сүрөдүң.
Тартип жактан азыраак,
Кыйналып далай жүдөдүң.

Тууганчылык жек-жааттык,
Бар жерде болот ыркырак.
Калыс карап так сүйлөп,
Иштеген жакшы ынтымак.

Сырыңды Айша алдырба,
Өзүңө камчы салдырба.
Менменсиген тууганга,
Бийлигиңди алдырба.

## КУРШАП ООРУКАНАСЫНЫН ДАРЫГЕРЛЕРИНЕ ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Колу жеңил Исакова Катичахан,
Жүрөгүмдөн айтамын, ысык салам.
Башыбызга баш кошушкан, бул жашоодо,
Алкыш айтам, жүрүңүз эсен-аман.

Сиз тейлеген төрөт үйү, мага ыйык,
Неберемди кучактаттың, бекем сүйүп.
Уул-келиндин кабактарын жадыратып,
Кубанттыңар, капаны айдап ойноп-күлүп.

## КИНДИК ЭНЕГЕ

Умай эне колуңуз дарт көрбөсүн,
Жүзүңүздө дайыма күлкү ойносун.
Тартууладың сүйүнүчтү уул-келинге,
Силерди да Алла Таалам колдосун.

Көп энеге сүйүнүчтү тартуулаган,
Алдыда оор түйшүктөн тартынбаган.
Эч качан арыбастан, чарчабастан,
Үй-бүлөңүз тынч болсун эсен-аман.

## ТАЙ ЭЖЕГЕ

Мээримиңизге рахмат, Тай эжебиз,
Эмгегиңиз сиздики эбегейсиз.
Алкоо сөздөн башкача белегим жок,
Жупуну экен кудагый дебесеңиз.

Эки жаштын тилектери кабыл болсун,
Тапкандары буюруп, таттуу болсун.
Байлык акча баардыгы колдун кири,
Алтын башы балдардын аман болсун.

## КИТЕПКАНАЧЫ

Китептердин дүйнөсүн аралаган,
Терс каарманды жек көрүп табалаган.
Эс акылы берилип образга,
Жан дүйнөсүн жаңылап жарата алган.

Окурманга түшүндүрүп китеп сырын,
Жан дүйнөсү жалындап сунуш кылды.

Кээде Манас, Каныкей, Сейтек кылган,
Айчүрөктөй аккуу болуп канат каккан.

Руханий байлык элге таратышкан,
Жаш муундарга акыл айтып баратышкан.
Билинбеген эң жөнөкөй бул кесипте,
Ала-Тоодой албан иштер жаратышкан.

Китепканачылар албан ойдун кенчисиңер,
Жетишпеген маалыматты берчүсүңөр.
Жан дүйнөсү жабыркаган адамдарга,
Жардам кылып акыл ойду бөлчүсүңөр.

Китептердин дүйнөсүн талдап көрсөң,
Тандап туруп сунуштап акыл берсең.
Ой дүйнөңдү бөлүшүп китепкөйгө,
Жан дүйнөсүн тазалап жардам берсең.

## БЕШИК БООҢОР БЕК БОЛСУН

Уулуңдун узун болсун өмүрү,
Ачык болсун дайым жаркып көңүлү.
Ата-энеси сыймыктанган жароокер,
Өсүп-өнүп боло берсин эл уулу.

Өбөк болуп жөлөк болуп өзүңө,
Нур төгүлүп күлүп турсун көзүңдө.
Жароокердик, эр жүрөктүк жаралсын,
Тоолуктардын мүнөзү ойноп сезимде.

Эл батасы көкөлөтүп уулуңду,
Улам бийик көтөрө бер тууңду.
Сыймык менен элиң тосуп алдыңдан,
Уул артынан ээрчите бер уулуңду.

Ак жол каалап чоң энеси маңдайда,
Уздай ширин таттуу сөзү таңдайда.
Бой көтөрбөй уулуң тартып өзүңдү,
Эл журтуна келтиришсин зор пайда.

Ак сакалдуу карыя бол балпайган,
Ак элечек байбичең да балпайган.
Бирге көрүп уул кыздардын урматын,
Узак жашап, урмат-сыйлуу картайсаң.

## ЧЫНАР МАМЫТОВАНЫН ӨМҮР ТАРЖЫМАЛЫ

Айтылуу Алай жеринде,
Теректин сарттар элинде.
Төрөлүп июнь айында,
Чоңойдум айыл жеринде.

Түпкү атабыз жердеген,
Уюткулуу эл деген.
Кадырмамат Султанов,
Эл үчүн иштейм, мен деген.

Тоолору толгон кайберен,
Кыйындар өткөн мен деген.
Абдразак, Жеңишбек,
Буларга кимдер тең келген.

Чабандес Талип балбандын,
Бүлөөсүндө төрөлгөм.
Жигиттер менен алышып,
Ат жалында чоңойгом.

Атам Талип айтылуу,
Алайдын төрүн жайлаган.
Апакем чебер Майликан,
Колунан көөрү төгүлүп,
Берекеси жайнаган.

Кыргыздан жети азамат,
Ат оюнга катышкан.
Ростов на Донуда,
Кыргыздын коргоп намысын,
Баалуу сыйлык алышкан.

Ошол жети жигитке,
Башчылык кылган менин атам.
«Папах» оюну боюнча,
Командалар таң калган.

Апам түркүн боектон,
Оймо салган кийизге.
Чийди чырмап түрлөнтүп,
Уздугун билгизген.

Он баланы чоңойтуп,
Иштеп ишке үлгүргөн.
Мал багуунун түйшүгүн,
Кошо баарын бүтүргөн.

Апамдын алып үлгүсүн,
Оймо оюп машыктым.
Кыялданып изденип,
Айылда чебер атыктым.

Мен жасаган буюмдар,
Кыз себине жарашсын.
Оймолонгон шырмалга,
Суктанышып карашсын.

Жакшылыкка жумшалып,
Жарасын дейм керекке.
Кыз-жигитке арналып,
Тойго берсин береке.

Кайын журтум Үч-Төбө,
Гежигенин жеринен.
Даңкы кеткен атактуу,
Бий тобуна келинмин.

Үй-бүлөмдү билдирсем,
Абсейит менин жолдошум.
Кыйынчылык күндөрдө,
Дем берген менин коргоочум.

Эки уул, эки кызым бар,
Алар менин тирегим.
Аман жүрсүн эл менен,
Алладан менин тилегим.

Таанышуунун алдында,
Амандык тилейм жалпыңа.
Улуу кичүү баарыңа,
Салам айтам калкымдан.

Чынардай болуп көктө деп,
Чынарга чырпык жетсин деп.
Атымды Чынар коюптур,
Эл кызы болуп өссүн деп.

Алдыңарга келдим мен,
Өнөрүмдү көрсүн деп.
«Чебер айым» атакты,
Калыстар тобу берсин деп.

## ЖЭЭНИМ НАЗАРБЕККЕ

Туулган айлым Теректин,
Койнунда өскөн Назарбек.
Акылгөй кыйын чыксын деп,
Атыңды койгон Назар деп.

Ата-энеңдин ишеничин,
Актаган уул сен чыктың.
Кызмат кылып эл үчүн,
Даңкталган уул сен чыктың.

Тамчыдан суусу куралган,
Мустагы кетпей суу аккан.
Ыйык жерди туруктап,
Сыйынып эли кубанган.

Мейманкана, ашкана,
Салышып элди тейлеген.
Назарбек менен Гүлбарлар,
Иштешти эч бир кебелбей.

Абал кыйын мезгилде,
Камсыз кылган ун менен.
Кыйналган элдин көйгөйүн,
Назардан башка билбеген.

Башкарып Алай өкмөтүн,
Аткарган элдин мүдөөсүн.
Уюштуруу жагынан,
Алдыңа сенин ким өтсүн.

Ишкерчилик боюнча,
Агахан менен дос болдуң.

Зарыккан ишин бүтүрүп,
Ыраазы кылдың көп элди,

Тоолорундай Алайдын,
Бийиктиги бар экен.
Дайрасындай Теректин,
Кенендиги бар экен.

Эң жакшы сапаттарыңды,
Айта берсе көп экен.
Атанын уулу Назарбек,
Айтылган сөзгө бек экен.

## РАЙОНДУК МАДАНИЯТ БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ ЫРАИМБЕРДИГЕ

Маданият бөлүмүн,
Атак даңк менен жетектеп.
Намызды колдон чыгарбай,
Бизден ким оозуп кетет деп.

Тынымсыз иштеп талыкпай,
Ийгиликтер жараттың.
Ар жыл сайын сыйланып,
Ордосун түздүң таланттын.

Ыр - күү менен таң атып,
Ынтымактуу жамаатың.
Жалил, Эдил, Кубаныч,
Оң жагыңда канатың.

Учкундан жалын тутанып,
Сыйлыкка сыйлык уланып.

Жамаатты бөлөп сыймыкка,
Медалга жеткин кубанып.

Эл журтумдун мурасын,
Сактап келдиң коротпой.
Мазмундуу кыргыз ырларын,
Барктап келдиң жоготпой.

Элдин актап үмүтүн,
Чымыркангын күнү- түн.
«Мурас» жылын өткөрүп,
Катуу чыксын дүбүртүң.

Үй-бүлөң менен ынтымак,
Узак жаша жүз жылдап.
Албан иштер жаратып,
Элиңе кылгын ак кызмат.

Уулдун көрүп урматын,
Келиндин көргүн кызматын.
Жубайың менен тең карып,
Небере сүйүп тынч жаткын.

Үйүңөргө кут консун,
Майрамыңар кут болсун.
Иштеген ар бир ишиңер,
Ийгилик менен коштолсун.

## ОБЛАСТТЫК НЕРВ ООРУЛАР БӨЛҮМҮНҮН ВРАЧЫ САЛИЕВА БАКТЫГҮЛГӨ

Мамилеси жылуу сүйлөп кубантып,
Оорулуунун көңүлдөрүн жубатып.
Кирпигиңдин кыймылдашын байкаган,
Көз карашы тартуу кылат кубатты.

Сөзүң дары мамилеңе кубанып,
Жылуу сөздөн өмүргө өмүр уланып.
Күндө үч маал кабар алып оорудан,
Канын өлчөп акыбалын сураган.

Ак эмгекти арнай бергин элиңе,
Ээ боло бер көптүн мактоо сөзүнө.
Оорулуунун даба таап дартына,
Дайым мээрим жайнап турсун көзүңдө.

Жылуу сөздөр кубат берип сезимге,
Дары дармек сиңип жатты өзүмө.
Кандай мактоо алкоо сөздөр айтсаң да,
Татыктуусуң Салиева сөзүнө.

## УЛУКБЕК МЕНЕН АИДА

Куттуу болсун тоюңар,
Төп келишсин оюңар.
Ажырабай түбөлүк,
Бирге болсун колуңар.

Турмуштун кармап туткасын,
Үйүңөрдү кут бассын.
Бак даарып кызыр жылоолоп,
Ынтымак ырыс нур чачсын.

Көшөгөңөр көгөрүп,
Бак таалайга бөлөнүп.
Ынтымак өмүр сүргүлө,
Алтындан бешик өңөрүп.

Ыймандуу ыйык болгула,
Абийирдүү тунук болгула.
Кайын ата кайын энеге,
Сүйкүмдүү балдар болгула.

## ТОЮҢАР ТОЙГО УЛАНСЫН

Самаган менен Бегимжан,
Жаралган эмес тегинден.
Атасы Мамыт, Мырзамат,
Атагы чыккан кезинде.

Каныкейдей акылман,
Аялдан чыккан асылзат.
Гүлсүн менен Муктарам,
Чебердик жактан таанылган.

Тарбиялап балдарын,
Уядан таптап куш кылган.
Акылгөй кыйын болсун деп,
Канатын күүлөп учурган.

Жакшы атанын балдары,
Көрбөй кетти арманы.
Ыраазы болуп ар дайым,
Колдоп жүрсүн арбагы.

Пайгамбар берип батасын,
Байлар берип дөөлөтүн.

Элестетет Самаган,
Даткалардын сөөлөтүн.

Мартабасын ашырган,
Береке төгүп чачылган.
Ак тойго күбө болсун деп,
Самаган эли-журтун чакырган.

Жароокер эне Бегимжан,
Жаралган эмес тегинден.
Күлө сүйлөп шыңкылдап,
Курманжандай керилген.

Төрдүн көркү балпайган,
Кутман кары болгула.
Уул-келиниң ызаттап,
Кызмат кылсын колуңда.

Уул келиндер урматтап,
Кыйындыгың тартышсын.
Сыйлашып улуу кичүүнү,
Ээси болсун алкыштын.

Тоюңар тойго улансын,
Баш кошкон эки жубайдын.
Максаттары ишке ашып,
Ата-энесин кубантсын.

Бактыбек менен Элиза,
Ак тоюңар кут болсун.
Түбөлүк болуп бактылуу,
Үйүңөргө кут консун.

Кайын журтту сыйлаган,
Ак жолтой жубай болгула.

Элиңе кылып ак кызмат,
Атак даңкка конгула.

Көшөгөңөр көгөрсүн,
Тукумуң өсүп көбөйсүн.
Элиңдин алып батасын,
Алтындан бешик өңөргүн.

## АТАКТУУ АКУШЕРКА СОНО ЖУСУПОВАГА

Алтын колдуу энебиз,
Ай менен күнгө теңейбиз.
Уулдардын көрүп урматын,
Узакка жашай бериңиз.

Сиз басып өткөн чыйырлар,
Жете албас эчен кыйындар.
Ардагы болуп элимдин,
Атыңыз калсын кылымдар.

Жашыңдан иштеп эл үчүн,
Кадыр барктуу болдуңуз.
Үч миңден ашык уул кызга,
Киндик эне болдуңуз.

Ээрчишип иштеп эки жар,
Төп келишкен эки пар.
Эл үчүн иштеп күнү - түн,
Күттүңөр күч кадыр барк.

Эмгектен алып атак даңк,
Элдин жүгүн аркалап.
Кош бойлуу аял көрүнсө,
Аяп турчу, калкалап.

Жанын аяп койбостон,
Акушер гана болбостон,
Жарынын ишин бүтүрүп,
Жардам берип колдогон.

Эл кыдырып күнү - түн,
Аткарып элдин үмүтүн.
Ар бир үйдөн railway keminde,
Киндигин кестиң эки үчтүн.

Туйгундан тулпар туулат,
Энекеге сый урмат.
Көптү аткарган башынан,
«Умай эне» туюлат.

Ар бир үйгө кубаныч,
Тартууладың кебелбей.
Бир үй-бүлө чырдашса,
Таттууладың Энедей.

Үч-Төбөнүн аймагы,
Калкы сага карады.
Кан басымын текшердиң,
Көп төрөгөн аялдын.

Алай айыл аймагы,
Алар да сени тандады.
Акушер гинекологдор,
Караандабай чандады.

Калдыңыз далай кар басып,
Тажрыйба алмашып.
Төрөй турган аялдар,
Сизди гана самашып.

Тобокелге салуучу,
Төрөтү оор аялды.
Садагалап айланып,
Тынч төрөтүп алуучу.

Жаңы имарат камдаткан,
Чоңдор менен кармашкан.
Үч орундуу роддом,
Тогуз орунга алмашкан.

Ишти дагы жакшы иштеп,
Талапты катуу коюучу.
Иш бөлмөсү ирееттүү,
Тыкан аял болуучу.

Төрөткана тап-таза,
Качан кирсең ирееттүү.
Шаар тибинде салынган,
Бөлмөлөрү күнөстүү.

Мыкты болуп эмгеги,
Баалуу сыйлык тагынган.
Эли журту, энелер,
Алкыштарын жаадырган.

Улуу менен кичүүгө,
Мамиле бирдей кылуучу.
Халатындай дили ак,
Эл үчүн деп туруучу.

Чакырган жерге баруучу,
Уколдорун сайуучу.
Эс ала түшсө оорулуу,
Санаасы тынып калуучу.

Көзгө сайса көрүнгүс,
Түн караңгы болсо да.
Иттер каап абалап,
Жолун бууп тоссо да.

Коркуп койбой апкаарып,
Татаал эмгек аткарып.
Эркек мүнөз кыялкеч,
Күлүп калчу назданып.

Шарт, Гежиге, Күртүктү,
Түп көтөрө кыдырган.
Ден – соолукка малчынын,
Көңүлдөрүн бурдурган.

Бурганак бороон болсо да,
Буту колу тоңсо да.
Алып барчу көчмө аптека,
Кар жаап, күрткү болсо да.

Айрылса да жарынан,
Жүрөгү болуп жаралуу.
Эл журтунун ичинде,
Эмгектери баалануу.

Ден – соолукту кудайым,
Берсин дайым өзүңө.
Айрылуу бар жашоодо,
Буркурап ыйлап өксүбө.

Үч-Төбө ФАПта жолдошу,
Фельдшер болуп иштечү.
Жардамга келчү сыркоого,
Көз ирмебей түндөсү.

Соно менен Дадабай,
Эриш аркак жан эле.
Элине сиңип кадыры,
Даткалардай бар эле.

Көзү өткөнчө Дадабай,
Элге камкор атадай.
Оорулууну уколдоп,
Кыдыруучу жадабай.

Малчыларды тез көрүп,
Укол сайып кеч келип.
Дарыларын белендеп,
Кан басымын текшерип.

Узак жолду басуучу,
Жөө жалаңдап баруучу.
Машина барбас ашууну,
Аты менен ашуучу.

## ЖАҢЫ АЧЫЛГАН БАКЧА

Жадыраган бөбөктөрдүн,
Кубанычы өлчөөсүз.
Көздүн жоосун алып турат,
Бакчадагы түркүн түс.

Кызыл жашыл шарлар илип,
Бөбөк турат шаңдуу күлүп.
Ак элечек Зыйнат эже,
Салып жатат палас түрүп.

Кут болсунчу бөбөктөргө,
Жаңы ачылган бакчабыз.

Кийинки муун жөлөктөргө,
Тийсин биздин батабыз.

Ак жолтой бол алтын бакча,
Өсө берсин бөбөк аман.
Тарбиялап уул кыздарды,
Жаткандарга айтам салам.

## ТИЛ АДАБИЯТ МУГАЛИМИ, АРДАГЕР БЕКТУРГАН КАМЧЫБЕКОВДУН 60 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИНЕ

Агайым 60 жашка толуптурсуз,
Кадырлуу карыядан болуптурсуз.
Көп жылдык эмгегиңиз эске алынып,
«Эл агартуунун отличниги» атка конуптурсуз.

Жаныңда жароокер Чолпон айың,
Жашооңо кайрат берген кыйын айым.
Уул кыздын урмат сыйын чогуу көрүп,
Бактылуу бай байбиче болуң дайым.

Алтымышты аркалаган жашыңыз,
Ал да сиздин жашоодогу бактыңыз.
Кудай берип күч кубатты кайратты,
100 жаштын да кыйырын сиз басыңыз.

Эс алуунун курагына жеттим деп,
Көңүл ачып сайрандоону чечтим деп.
Колдон калем карышканча жазыңыз,
Чыгарманын үрөнүн мен септим деп.

Талантыңыз ташкындасын Үч-Төбөнүн тоосундай,
Зоболоңуз көтөрүлсүн, Памир Алай зоосундай.

Бүркүт сымал, канат күүлөп уча бер,
Элдин жүгүн моюнга алып, оорсунбай.

60 жаш курагыңыз кут болсун,
Үйүңүзгө бакыт таалай нур толсун.
Агын суудай ташкындасын талантың,
Элдин деми сизге кайрат күч болсун.

## КУТ БОЛСУН ҮЙЛӨНҮҮ КҮНҮҢ

Жубуң менен кошо кары,
Куттук айтат сага баары.
Түбөлүккө бактылуу бол,
Жубайлардын болуп алды.

Өмүрлүү бол, таалайлуу бол,
Өксүтпөсүн жакшы күн көр.
Ынтымактуу жубай болуп,
Өсүп - өнүп балалуу бол.

Бул жашоодо билек түрүн,
Элиң үчүн эмгек кылып.
Адамдарды барктап сыйлап,
Жакшылыкты жасай билгин.

Жолуң даңгыр болсун дайым,
Жарың менен кошо баскын.
Ден-соолугуң мыкты болсун,
Башыңа бакыт куту консун.

## ЭКИ ЖАШКА КААЛОО

Ак тоюңар кут болсун,
Үйүңөргө кут консун.
Узак жашап тең карып,
Өсүп-өнгөн жуп болсун.

Куттуу болсун тоюңар,
Төп келишсин оюңар.
Ажырабай түбөлүк,
Бирге болсун колуңар.

Турмуштун кармап туткасын,
Үйүңөрдү кут бассын.
Бак даарып кызыр жылоолоп,
Ынтымак ырыс нур чачсын.

Көшөгөңөр көгөрүп,
Бак таалайга бөлөнүп.
Ынтымак өмүр сүргүлө,
Алтындан бешик өңөрүп.

Ыймандуу ыйык болгула,
Абийирдүү тунук болгула.
Кайын ата кайын энеге,
Күйүмдүү балдар болгула.

## ЖАШТАРГА

Ар намыстуу, акыл эстүү көп жаштар,
Эл журтуңа кайрат- күчүң сен арнап.
Башың токмок, каруууң казык болгончо,
Ата журттун, ак кызматын сен аткар.

Кыргызстандын, ачык болсун асманы,
Жалын жүрөк, шайдоот өссүн жаштары.
Кыргыз салтын бек сактаган намыскөй,
Кыраан куштай, кыйын чыксын балдары.

Акылга бай илимпоздор чыгышсын,
Бей- бечара акыбалын угушсун.
Кыргызымдын кыйын чыкма балдары,
Кен байлыкты, иштетүүнү билишсин.

Адептүүлүк акыл берсин жаштарга,
Жаштар өсүп, элин мыкты башкарса.
Азгырылбай, байлык менен мансапка,
Калыс сүйлөп эл мүдөөсүн аткарса.

Ишканалар ачылса экен элимде,
Жаштар кетпей, иштесе экен жеринде.
Ээн калтырып куса кылбай балдарын,
Ата - энеси, бөлөсө экен мээримге.

Бар күчүн элине арнасын,
Калкына жакшылык кааласын.
Мекендин кадырын түшүнүп,
Ата-журт кызматын аткарсын.

Баатыр жүрөк эр - азамат төрөлүп,
Ардакталып ак бешикке бөлөнүп.
Ата - эненин үмүттөрүн актаган,
Азаматтар өсүп - өнсүн көбөйүп.

## БАЙЫШТЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Шумкар элең, тепкени темир үзгөн,
Жүрөк канап, мөгдөдү кыргыз бүткөн.
Улуу - Тоонун койнунан учту жылдыз,
Унутулбайт элесиң, барда кыргыз.

Белгисиз кыраан Байыш эстелиги,
Мен окуп аты жөнүң, ойго түштүм.
Жаш экенсиң Байыш сен, жаш кетипсиң,
27 жаш кырчын курак өкүнүчтүү.

Кара кемер атакты алганыңда,
Эрдикке элиң үчүн барганыңда.
Ата энең, көздөп жургөн жарың бардыр,
Аларды арман ойго салбадыңбы?

Кыргызымдын кыраандары баатыр өткөн,
Ата журттун намысы деп шейит кеткен.
Эрдигиңди даңазалап, эл унутпайт,
Энекеңдин кайраты бийик чептен.

## ЫНТЫМАК БОЛ

Эрегишпе мырзалар эрегишпе,
Эрегишүү аягы жакшы болбойт.
Ынтымагы жок элдин арасында,
Ырыскыны токтотуу кыйын болот.

Өчөшпөгүн мырзалар өчөшпөгүн,
Өчөшүүнүн акыры жаман болот.
Алтын такка консо да падышасы,
Куурайчалык элине баркы болбойт.

Бир жакадан баш чыгар ынтымак бол,
Бийик болгун уулдарым бирдиктүү бол.
Бир бириңе бут тоспой, кол кармашып,
Бир туугандай, бир жеңден чыгаргын кол.

Калыс карап так чечип чечим чыгар,
Мына ошондо калкың сенин сөзүңдү угар.
Амал параз, куйтуларды кубаттасаң,
Элиң сени, таш бараңга алып тынар.

Эл шайлаган ардактуу депутаттар,
Элиң үчүн калыс карап, тараза бол.
Кызматтарга тууганыңды коюп алып,
Буйрук менен борбордон кезейсиң кол.

Карапайым кайран эл жүдөп кетти,
Эбин тапкан байып жатат эсеп чексиз.
Пособия берүүнү чектеп салды,
"Араба" да доходго кирет дешип.

Жигиттерди каралап күйгүзбөгүн,
Өчүрбөгүн энелердин үмүттөрүн.
Уулдары үчүн энелери митингде,
Так жана адилеттүү чечимди күтүп.

Азапты да тозокту да тарткан эне,
Тун уйкусун үч бөлүп баккан эне.
Бул жашоонун азабын көтөрө албай,
Кара жанын садага чапкан эне.

Элимдин кыжырына тийбе бөөдө,
Кыйын чыкма мырзаларга койбо күнөө.
Кыргызстандын тынчылыгын сактайм десең,
Ич тардыкты жоготуп, терең ойлон.

Түндүк - түштүк деп экиге бөлүнбөгүн,
Бири - бириңден кыйын болуп көрүнбөгүн.
Алакандай кыргыз жерин өнүктүрбөй,
Өкүндүрөт, бир четинен кемиргениң.

Ак караны ачыктап байка терең,
Кара кылды как жарган калыс менен.
Эл алдына алып чыгып мойнуна кой,
Тастыктап так маалымат далил менен.

Жетимдин көзүндөгү ыйын түшүн,
Жесирдин жүрөгүндө муңун түшүн.
Жеринде запкы көргөн бей бечара,
Үмүт үзбөйт, адилеттүү чечим күтүп.

Топтолгон ата эне туугандарга,
Наразысың жолду тосуп буугандарга.
Жообун айтып элиң менен жолугушпай,
Сес көрсөттүң карапайым кургандарга.

Күндөш сымал күнөөлөшүп күнү түнү,
Абысындай аңдышасың бири бириңди.
Сары изине чөп салып жаакташасың,
Ушул дагы эркектикпи, жигиттикпи?

Жалган жалаа укмуш ушак таратып,
Жүрөгүңдү эзип ийет жадатып.
Ак жеринен караланып мекенчилер,
Акыл эстүү адамдарды таңдантып.

## АЛАЙДЫН ЧЫГААН УУЛУ АКМАТБЕККЕ

Насаат сөз угуп атадан,
Тарбия көрүп такшалган.
Салдырып мектеп айылга,
Эл журтунан бата алган.

Белекбаев Келдибек,
Эл үчүн күйгөн ак ниет.
Алдыга сүрөп Алайды,
Өнүктүрүп келген дейт.

Жогорку бийлик көңүл бөл,
Кийин калба өкүнүп.
Акыйкат чечсин калыс сот,
Адилет чыксын өкүмү.

Элдин уулу Акматбек,
Эли үчүн президент.
Узун өмүр тилейбиз,
Айыгып аман келсин деп.

Ата журту кең Алай,
Кыйындар чыккан бир далай.
Коомдук ишмер атанып,
Сиңирген эмгек аябай.

Эркин өсүп чоңойгон,
Ак карлуу тоонун шумкары.
Мыкты экенин жактырып,
Ыраазы болгон эл дагы.

Өзбек кыргыз эки элди,
Ынтымакка чакырган.
Тынымсыз үгүт жүргүзүп,
Ош тополоңун басышкан.

Ар дайым жакшы сапатын,
Оюубузга түйгөнбүз.
Эл мүдөөсүн чечет деп,
Депутат шайлап жүргөнбүз.

Пенсия тийбей акчалай,
Ун, чай алып калганбыз.
Соцфондго келип Акматбек,
Тартипке салган жалганбы.

Сүйүктүү уулум Акматбек,
Биз сени колдоп биргебиз.
Ак элечек энелер,
Амандыгың тилейбиз.

Ден соолугуң чың болсун,
Башыңа бакыт кут консун.
Калыс чечип, адил сот,
Чындык жеңген күн келсин.

Өкүнбөйлү өткөнгө,
Кейибейли кеткенге.
Чыдап сабыр кылалы,
Чындыгына жеткенге.

Тоо койну кенен шумкарым,
Эргип учаар күн келет.
Чындык жеңип акыры,
Акталып чыгаар күн болот.

Көрө албастык бут тосуу,
Туш тараптан тооруду.
"Оор күнөө" кылды деп,
Жалган айтып коюшту.

Ак сакалдуу карыны,
Ак үйгө кабыл албады.
Ак элечек энелерди,
"Фашисттер" деп каргады.

Ачкачылык, жол тосуу,
Себебин сурап койбоду.
Митинг, пикет дегенди,
Күнөөлүү деп ойлошту.

Карынын сөзүн укпаган,
Калкына жакпас иш кылат.
Жараткан берип жазасын,
Калпыс күнгө туш кылат.

Алкышын алып карынын,
Ак бата алган эп болот.
Акарат кылса карыга,
Айың ушак кеп болот.

Токтоо мүнөз, кең пейил,
Тоолуктардын мүнөзү.
Жетинин бири кызыр дейт,
Мааниси терең бул сөздүн.

## АГАЙ, ЭЖЕЙЛЕРИМЕ

Союз мезгил гүлдөп Сопу аймагы,
Токтогул орто мектебинин каймагы.
Жусуп, Калы, Абдибали агайлар,
Окутушкан кыйын чыкма балдарды.

Токтобек, Жумабек, Акмат, Орозбай,
Түшүнүктүү, таамай айтып сөзгө бай.
Канчалаган окуучу алып билимди,
Илимдүүлөр чыкты элимден байма-бай.

Аттиң ошол биздин жаштык кезибиз,
Агайларга, эжейлерге берилип.
Атабыздай, энебиздей эркелеп,
Бала бойдон калуучудай сезилип.

Ошол күндөр, ошол алтын агайлар,
Билим алып, бүтүп кетти далайлар.
Эми ойлосом орус тилди билсин деп,
Зоя эжекем кылган тура далаалат.

Ыраазыбыз рахматты айтабыз,
Турмуш бизди көп экчеди, чайкалдык.
Алтын уям, билим берген мугалим,
Кадырыңды кеч түшүнүп, байкадык.

## АГАЙЫМ ЖУСУП АКМАТОВДУН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Агайымдын насаат сөзү агылып,
Кулагыма угулгансыйт жаңырып.
Кичи пейил, адептүүлүк жөнүндө,
Көп айтуучу казып сөздүн тамырын.

Ой дүйнөсү чалкыган кең деңиздей,
Сабагына кунт койчумун эрикпей.
Ар бир сөзү көнүлүмө уючу,
Эске сактап эч кетирбей сезимден.

Агайымдын эң жөнөкөй мүнөзү,
Түшүндүрүп сүйлөгөндө көп сөзү.
Көңүлүндү оорутпастан акырын,
Жанга жагат тамашалуу ар сөзү.

Адабият майданында талыкпай,
Кыйындардын кыйынынан калышпай.

Ар бир саатын эң кызыктуу өтүүчү,
Үтүрүнөн, чекитинен адашпай.

Билим берип жаш муундарга ондогон,
Таамай сүйлөп ар бир сөзүн кооздогон.
Сабактарды будамайлап коюуга,
Агайымдын эч бир дили болбогон.

Ак дилинен эмгектенген агайым,
Калем кармап кагаз бетин караймын.
Тирүүнүздө арнай албай ырымды,
Маркум болуп калган кезде арнадым.

Айла канча жашоо турмуш ушундай,
Эстечүмүн өзүнүздү унутпай.
Ооруп-сыркап кабар укпай калыпмын,
Эми уктум жылдыгыныз утурлай.

Жаткан жерин жайлуу болсун агайым,
Бейиш төрүн белен кылсын ал жагын.
Эл журтуңду рухунуз колдосун,
Аман жүрсүн артынызда балдарың.

Унутпастан эскеришет агайын,
Билим алып, сизден кеткен балдарын.
Суу боюнда өзүңүз эккен теректер,
Шуудурашат желге айтып арманын.

Гул бакчага айландырган жерлериң,
Эскеришет эмгегиңди элдериң.
Жан дүйнөсүн жабыркатпай жарыңды,
Жароокердик мамилеңди бергенсиң.

Киндик каның тамган жериң аскалуу,
Атың чыкты Алайыңа данкталуу.
Ак эмгегиң арнап кеттиң элиңе,
Ысымыңыз көңүлдөрдө сакталуу.

Шар суу бою Терек жери атактуу,
Келечекке кенен коюп максатты.
Уул келиндин түбөлүгүн ойлонуп,
Зангыратып үй курдунуз бак шактуу.

Жан дүйнөңүз, оргуп жаткан ырларың,
Жарыялап айтпадыныз сырларын.
Баардык ойду сактап бекем купуя,
Көкүрөктөн чыгарбастан жыйнадын.

Шуудураган теректериң негедир,
Сырдашчудай желге ийилет айтып сыр.
Элим келсе ооз тийип кетсин деп,
Нурун чачат мөмөлөргө көктө нур.

## ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВГО 150 ЖЫЛ

Мезгилинде "Тоо булбулу" аталган,
Тайманбаган акын болгон, тайбаган.
Бай манапты курч сөз менен куйкалап,
Бей бечара жакырларды жактаган.

Жазаланып ак жеринен кармалып,
Жалаа жаап, кишенделип айдалып.
Тоо жаңыртып, комуз чертип ырдабай,
Чынжырланып эки колу байланып.

Акын ыйлап жүрөгүнөн муңканып,
Эл жерине сагынычы күч алып.
Эркиндикти самап качкан Сибирден,
Тынч алдырбай көңүлүндө кусалык.

Сахналарда ыр күүлөрү жаңырып,
Түбөлүккө аты калды жазылып.

Маарекесин белгилөөдө эл журту.
Өзү өлсө да, сөзү калган басылып.

Тоо булбулдун торгой таңшык ырлары,
Жетпей калган Алымкандын сырлары.
Жүрөгүңдү эзет дагы сыздатат,
Өз башынан өткөргөн оор кырдалы.

Сайра комуз, шаңшыт уулум кебелбей,
Бактыбызга жакшы заман дегендей.
Даназалап алп акындын ырларын,
Өлбөс өчпөс мурастарын бер элге.

## КЫЙЫН АКЫНДАРГА

Менсинесиң, мактанасың мааниси жок,
Жазганың, ырыңдан да катасы көп.
Төш кагып, жалгыз эле менмин дейсиң,
Тез чыгат китептериң таанышың көп.

Кой союп кошоматка бүгүлөсүң,
Артынан тыным албай жүгүрөсүң,
Акчаңды удаа - удаа берип жүрүп,
«Китебим чыгыптыр»,- деп сүйүнөсүң.

Маанисин, мазмунун талдап карап,
Эл дагы китебиңди тандап алат.
Окурмандын жүрөгүнөн түнөк тапса,
Китептериң текчелерде калбай калат.

Мактанып сүйлөп жатат акын сөрөй,
Өзүнүн жазгандарын талдап көрбөй.
Басмадан чыгарыптыр китебин деп,
Базарда жазгандарын ылгап көрбөй.

Чыныгы чыгармалар эл ичинде,
Бир болуп аралашып кошо жүргөн.
Турмуштун оор түйшүгүн чогуу тартып,
Каарманы ыйласа ыйлап, кошо күлгөн.

Чыныгы элдин үнү чыгармада,
Чагылтып эл турмушун сындаганда.
Ал акын окурманга барктуу болот,
Жеткирсе элдин оюн угарманга.

## МАСТУРА ЭЖЕКЕГЕ

Тамгаларды таанытып ар бирине,
Тынбай сүйлөп мээрим салып күнүгө.
Энесинен артык көрүп камкордук,
Окуучунун үн коштуңуз үнүнө.

Тамга таанып кубанычка батышкан,
Алиппени узатышып жатышкан.
Уул-кыздарга зор ийгилик каалаймын,
Эне-тилди тосуп алган даанышман.

Дүйнө таанып акыл-эси жетилген,
Бөбөктөргө кең келечек каалаймын.
Аалам элин таң калтырган Чынгыздай,
Алп жазуучу чыкса экен деп самаймын.

Ыраазыбыз Мастурадай эжеге,
Ырыскыңыз мелт-калт болсун кемибей
Окуучуга катуу коюп талапты,
Бекем кармаң тартипти да темирдей!

## САЛАМАТ ЖУМАБАЕВАГА

Балалык кезде, жашында,
Бал кымыз ичип чоңойгон.
Кыз кезинде эжебиз,
Нура элинде торолгон.

Бетегеси буралган,
Кийиги оттоп чубалган.
Мөлтүр тунук булагы,
Дайра болуп куралган.

Жылга - жыбыт, колоттор,
Жашыл түс боеп койгондой.
Көз жоосун алган кооздугу,
Сүрөткө тартып койгондой.

Тоолор тоого канатташ,
Шилби, четин, карагат.
Мончок тизип койгондой,
Өзүнө тартып карат.

Жашыл төр жайлоо жайлаган,
Желеге кулун байлаган.
Сары майын, курутун,
Кышкысына камдаган.

Мейманы келсе урматтап,
Коюн союп узаткан.
Кыргыз салтын сактаган,
Уздугу менен макталган.

Боз үй тигип Алайга,
Атагы чыгып далайга.
Уул үйлөп кыз чыгарып,
Нарк насилди кармаган.

Кыйгачтап курак кураган,
Эненин ишин улаган.
Кынаптап тиккен туштугу,
Көргөндүн көзүн кубанткан.

Үч-Төбөнүн тоолорун,
Гул түшүрүп кооздогон.
Тоо бооруна ыр жазып,
Түргө салып ойлонгон.

Чыгармасы Агайдын,
Өчпөй жүрсүн түбөлүк.
Деп согушкан килеми,
Көз жоосун алат түрлөнүп.

Кайын эне, кайын атасын,
Кадырлап сыйлап урматтап.
Көзү өткөнчө бапестеп,
Батасын алган ызаттап.

Он балага үлгүрүп,
Карыларга бүгүлүп.
Токмоктогу маданий,
Окуу жайын бутуруп.

Кызыл үйүндө мектептин,
Отуз алты жыл иштеген.
Балдарга айтып насаатын,
Түбөлүгүн түптөгөн.

Эркелетип балдарын,
Баалап жакшы жактарын.
Берип турган өзгөчө,
Тарбиянын башатын.

Ургачынын уузусуң,
Нуралык Жоош кызысың.
Бапестеп баккан балдардын,
Урмат сыйы буйрусун.

Келечегин кең ойлоп,
Баардык жагын тең ойлоп.
Окуу жайга өткөргөн,
Билим сересин болжоп.

Үмүтүн актап уул кызы,
Аракетчил тың чыкты.
Алды доктор, профессор,
Илимдин болду мыктысы.

Көзү өтсө да Кашы агайдын,
Уул кыздары элге дайын.
Илим билим изилдөөдө,
Кыйлалардан алдыда дайым.

## ФИЗИКА-МАТЕМАТИКА ИЛИМДЕРИНИН ДОКТОРУ, ПРОФЕССОР АКЫЛБЕК АШБАЕВДИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЙМЫН.

Асман тиреп Үч – Төбөнүн тоолору,
Булут кетпес чокусунан зоолордун.
Арасынан шыңгыр аккан булагы,
Билесиңби дартка дабаа болоорун.

Арча – четин карагайы, кайыңы,
«Терме» дартка даба болот табылгы.
Тоо койнунда өскөн чөптөр керемет,
Араласаң дартың калат айыгып.

Эгер сиздин аздап кетсе каныңыз,
Бээ байлатып кымыз ичсең жагымдуу.
Арча жыты көңүлүңдү көтөрүп,
Суу жээгинде унутасың кайгыңды.

Бүркүт шаңшып, улары учуп үн салса,
Көңүлдөрүң сергий түшөт бир паста.
Обон созуп, эргип ырдап калганда,
Коштоп кетет ырларыңды алыска.

Чер токойлуу улуу тоонун ичинде,
Көп сыр жатат билинбеген кишиге.
Ошол жерде жашап өсүп туруктап,
Ден соолугун чыңдаган көп кишилер.

Көпөлөк кууп, чуркап ойноп жайлоодо,
Балалыгы өтүп улуу тоолордо.
Абжали ата, Марал эне эркеси,
Исаң жигит ушул жерде торолгон.

Бактылуу өткөн балалык жаш курагы,
Күлкү оюнга тойбой турган убагы.
Дартка даба болот экен ушул деп,
Мамыры гүл терип келген кубанып.

Жайлоолордо жардам берип атага,
Карылардан алкыш менен бата алган.
Токтоо мүнөз, күлмүң көздүү бала элең,
Акылдуулук жагы менен жага алган.

Суран агай тарбиялап аларды,
Мектепти бүтүп, Фрунзеге аттанды.
Окуу жайын мыкты аяктап жаш барчын,
Кесибинин мыктысы деп аталды.

Ал билимин улантууну ойлоду,
Ойлоп жүргөн максаттары толгонтту.
Бардык күчүн билим үчүн жумшоого,
Жан дүйнөсү тынчтык бербей козголтту.

Акыл оюң максаттарың көп болчу,
Ар бир сөзүң сүйлөгөнүң эп болчу.
Жаштардын келечегин көп ойлоп,
Окуткула, билим алсын деп айтчу.

Ата-баба салтын сактап ыйык көрүп,
Жаратылыш кереметин бийик көрүп.
Маектешип кеп куруп берээр элең,
Бүткөн кезде багылан козу эти желип.

Эң жөнөкөй кичи пейил элпек элең,
Муңдуулардын кайгысын сезээр элең.
Биз алаксып байкабай калган кезде,
Үшкүрүнүп куран окуп калаар элең.

Элиң үчүн көктөгү жылдыз элең,
Эжекеңдин туу туткан иниси элең.
Илимдин сересине жетериңде,
Сапар салдың, бул кандай шумдук эле.

Калың журтуң, калкыңа кайгы салдың,
Туугандарың кайгыдан боздоп калды.
Жакшына эле жүрүчүсүң кебелбей,
Ач көз ажал чеңгелине кантип бардың.

Шумкар сындуу чексиздикке эргип учкан,
Үч-Төбөнүн сыймыгы элең атың чыккан.
Уккум келбейт, өлдү деген суук сөздү,
Ишене албайм кулагыма кабар уккан.

Башталган ишиң бүтпөй калды аягы,
Кайгыланып капаланды аялың.
Ажал деген таш боор тура ушундай,
«Жаш экен» деп, айтчы кимди аяды.

Канча эмгек жасап кеттиң элиң үчүн,
Күч кайратын, жумшап бардык дем күчүн.
Эмгегиңдин жемиштерин татаарда,
Ажал келип үзүп кетти үмүтүң.

Эске алып эмгегиңди баалашар,
Бүтпөгөнүн жаңы кылып жаратаар.
Ар бир барак бетиндеги көп эмгек,
Даңазалап дүйнө элине таанытаар.

Таамай сүйлөп тартынбаган сөзгө белен,
Өзгөчөсү бой көтөрбөй жупуну элең.
Көктөгү кайкып учкан шумкар элең,
Ташыркабас таскактуу тулпар элең.

О дүйнөңдү берсин эми кудайым,
Топурагың торко болсун ылайым.
Аттиң арман аткарылбай көп ойлор,
Аягына жетпей калдың максаттын.

## ҮЧ-ТӨБӨ СВАСЫНЫН ФЕЛЬДШЕРИ АРИНОВ КАМАЛИДИНГЕ

Жашоодогу белестерди көп басып,
Камалидин алтымыш жетиден эми ашып.
Ооруп жаткан адамдарга дем берип,
Келе жатат өмүр көчүн улантып.

Бел чечпестен сыркоолууга үлгүрүп,
Чарчабастан тыным албай күнү- түн.
Жардам кылып оорулууга тез жетип,
Жандандырган жашоодогу үмүтүн.

Элге жагып ак эмгеги, бата алып,
Өз милдетин так аткарып такшалып.
Көп жыл иштеп тажрыйбалуу болсо да,
Бийлик жактан бarкталбады, макталып.

Кадыр баркы бааланып өз элинде,
Алкыш алып өз ишине берилген.
Ак кызматын өз элине арнаган,
Ар намыстуу ак ниет адис деп билем.

Элим деп күнү-түнү талыкпастан,
Кабагын кашын бүркөп камыкпастан,
Аймакта сыркоолорго жардам берип,
Алкышын алып жүрөт чалыкпастан.

## БАКТЫЛУУ БОЛГУЛА

Жаштыкта жалынга батып турган,
Эки жаш махабатты татып турган.
Төп келип ой максаттар ишке ашып,
Жүрөктөр жанашууга шашып турган.

Бактылуу жашап өтсүн, жубайлар,
Жакшылыкта жакын болсун кудаалар.
Жүрөгүмдөн чыккан жакшы каалоомду,
Таанnetwork

Өсүп, өнүп, жашап өтсүн бактылуу,
Наркты билгин, кыргызымдын салты улуу.
Элиң үчүн эмгектенген жубай бол,
Алымбектей, Курманжандай даңкы улуу.

## БАШКЫ ДАРЫГЕР
## ТАЛАНТБЕК БЕЛЕКБАЕВГЕ

Гипократтын антын бекем сактаган,
Сыркоосунан айыккандар, мактаган.
Татаал орган, боор оорудан айыгып,
Алкыштарын Талантбекке арнаган.

Мыкты хирург, Талантбектей мырзага,
Ак дилимден мактап, арнап ыр жазам.
Даба таап, сыркоолуунун дартына,
Операция жасап күн - түн тынбаган.

Дарт көрбөсүн, алтын колуң дайыма,
Кыйналгандын дартын таптың, дарылап.
Айыгышып алкыштарын айтышып,
Үйлөрүнө чыгып кетсин, шайыр - шат.

Үмүттөрүн сыркоолуунун актаган,
Элиң дайым бата берип, мактаган.
Жаман көздү, суук сөздү тийгизбей,
Дайым сени колдоп жүрсүн, жараткан.

Жакшы жердин тарбиясын алгансың,
Бийик билим булагына кангансың.
Өз элиңден күч кайратың аябай,
Ак иштегин, ак жол сага каалаймын.

## ОТСТАВКАДАГЫ ПОЛКОВНИК АБДИЕВ ШАЙЛООБЕККЕ

Ак кызматың арнап келдиң элиңе,
Дем коштуң сен жоокерлердин демине.
Керек болсо өз жаныңды аябай,
Кызмат кылдың Ооганстан жеринде.

Кырк төрт жылдык, армиялык стажы,
Шайлообек, далай кыйын жол басты.
Ооган жактан ооруп келип, элине,
Аткарыптыр, комиссардык кызматты.

Казакстан, Жалал - Абад, Ош, Баткен,
Ала- Бука, Рыбачье көп жерден.
Тогуз медаль алып СССР кезинде,
Төрт медалды алган экен өз элден.

Мекен үчүн кызматтары бааланып,
Нечен алкыш, сыйлыктарды дагы алып.
Армияда бекем кармап тартипти,
Аскердик полковник деген наамды алып

Армияны бекем сактап иштедиң,
Элиң үчүн, эстен кеткис иш бердиң,
Түбөлүккө таазим кылып, баш ийип,
Эскеребиз унутпастан биз сени.

# КУТТУКТОО

## ДЕН СООЛУК САКЧЫСЫ

Ооруп калса бир жерим,
Врач бар деп жүрөмүн.
«Бөтөлкөсүз» иш бүтпөйт,
Акча таппай жүдөдүм.

Жолдомо деп барганга,
«Бир ише куй»,- деп турат.
«Ансыз жазуу бүтпөйт»,- деп,
Жүрөгүңдү жеп турат.

Жакшы иштеген адамды,
Баалабаган адам бар.
Өзү жакшы иштебей,
Көрө албаган жаман бар.

Жакшы жүрүп, жакшы иштеп,
Эмгегинен баар тапкан.
Элдин алган алкоосун,
Ал ким десең? Ал Дадаң !

## ҮЙЛӨНҮҮ ТОЮНДА

Куттуу болсун тоюңар,
Ишке ашсын максат-оюңар.
Ажырашпай түбөлүк,
Бир болсун эки колуңар.

Бактылуу болуп түбөлүк,
Көшөгөңөр көгөрсүн.
Карынын тийип батасы,
Тукумуңар көбөйсүн.

Ыйманың менен ыйык бол,
Абийириң менен бийик бол.
Касиеттүү карыга,
Катуу сөз айтпай сылык бол.

Алладан менин тилерим,
Алганың менен тең кары.
Кудайдан менин тилегим.
Кошконуң менен тең кары.

Ынтымак болуп эки жар,
Сүйүүсүнөн тайбасын.
Наристе сүйүп алдейлеп,
Этегинен жалгасын.

## 8-МАРТ МАЙРАМЫ МЕНЕН

Жаз күнүндөй ачылган,
Байчечекей бажырап.
Энелердин майрамы,
Келди мына жадырап.

Жаз менен кошо кайнаган,
Эмгек келди калкыма.
Сүйүнүч кут тартуулап,
Мээрим келди жалпыга.

Башыбызга баш кошуп,
Бакыт-таалай бирге оошуп.
Ак жолтой болуп ар жылы,
Майрамдар келсин салт болуп.

Майрамыңар кут болсун,
Үйүңөргө кут консун.
Бүлөөңөр менен көңүлдүү,
Жашооңор дайым тынч болсун.

## КУТТУКТОО!

Саламдашып салам айтам энекелер,
Акылдуу урмат сыйлуу эжекелер.
Салмактуу коргошундай уюп турган,
Үйүңө бакыт, таалай өзү келээр.

8-март майрамыңар куттуу болсун,
Нооруз майрам кошулуп жуптуу болсун.
Жадыраган кубанычтуу жүзүңөрдө,
Бактылуулук, мээримдүүлүк күлкү ойносун.

Айылдын көркү болуп акыл айтып,
Кыргыздын ыйык тутуп ата салтын.
Үйүбүздүн куту болуп жашагыла,
Аткарып ата – энелик ыйык парзын.

Кыз Сайкал, Жаңыл-Мырза, Каныкейдей,
Кыйындар чыгып жатат энелерден.
Кайраттуу Курманжандай акылгөйлөр,
Ынтымак ырыс тилейт энелерге.

Өткөндүн сабактарын эске салып,
Каарман энелерди көңүлгө алдык.
Улуттук жүзүбүздү көрсөтөлү,
Кыргыздын каада-салтын сактап калып.

## НООРУЗДАГЫ ЫР КЕСЕ

Жаңы жылың куттуу болсун калайык,
Чың ден-соолук, узун өмүр каалаймын.
Ар бир үйгө бакыт таалай кут тилеп,
Мен сиздерге ыр дестемди арнаймын.

Кош майрамдын жылы болсун бул жылы,
Ырыс алды ынтымакты билдирип.
Айлыбызды шаңга бөлөп ыр кесе,
Ыр - күү менен элибизди күлдүрүп.

Куттуктаймын элим шаңдуу күнүңдү,
Аалам уксун созолонгон үнүңдү.
Обологон кыргыз үнү жаңырып,
Кубулжуй бер кыргызымдын күүлөрү.

Элибиздин каада салтын баяндап,
Тапшыралы ыр кесени аярлап.
Саламаттык сакчылары улантып,
Тартуулашсын ыр кесени даярдап.

Жаңы өкмөт жаңы салтты баштады,
Алга карай жакшы кадам таштады.
Ден-соолуктун сакчылары өкмөттөн,
Ыр кесени нооруз күнгө таштады.

## ЖАКШЫЛЫКТЫН ЖЫЛЫ БОЛ

Мээрим төгүп адамдардын жүрөгү,
Жазгы күндөй жадыраган жүрөгү.
Ар бир үйгө бакыт таалай кут консун,
Кабыл болсун жакшы адамдын тилеги.

Тынччылыкты, токчулукту тартуулап,
Жанып турсун ден-соолуктун чырагы.
Пейли оңолуп, элге келип ынтымак,
Жаш жубайдын жанда болсун ынагы.

Жакшылыктын жылы болуп бараткан,
Адамдарга ыймандуулук тараткан.

Элим үчүн түгөнбөгөн ырыскы,
Сүйөрүнө перзент берсин жараткан.

Элде тынчтык, ынтымакты сактайлы,
Төрүбүздө карыларды барктайлы.
Ар жылы кар менен кошо нур жаасын,
Ак жолтой жыл, жаңы жылды даңктайлы.

## 2010-ЖОЛБОРС ЖЫЛДЫН КААЛООСУ

Куттуктаймын жашыңарды карыңды,
Кыргыз калкым багындырган Нарынды.
Камбар-Ата-1 ГЭСин куруугa,
Жолборс жылы мен да кошом салымды.

Кыргызстандын элдерине айтарым,
Эмгектенгин иштерман бол ар дайым.
Таман акы маңдай териң шыпырып,
Ак мээнеттен жакшы жаша каалaрым.

Ден-соолук да токчулук да барчылык,
Жакшы күндөр келип турсун шаштырып.
Руханий жан дүйнөнү байытып,
Элибизге тартуулайлы шатчылык.

Жерге келсин береке мол барчылык,
Арабыздан орун албай тарчылык.
Жатып ичер жалкоо кетип арадан,
Кайталанбай жоголсо экен масчылык.

Жаңы жыл бакты таалай алып келсин,
Жүзүбүзгө кубанычты чачып келсин.
Береке мол токчулуктун белгиси деп,
Куржун толо ырыскыны басып келсин.

Эки жаштын боло берсин шаңдуу тою,
Ишке ашсын ар адамдын максат ою.
Алла Таала ак тилекти кабыл кылып,
Кемибейли өксүбөйлү өмүр бою.

Ата энесин урматтап сыйлоо менен,
Күлүп жайнап тосуп турсун ар бир жылды.
Капаланбай бөбөктөрдүн жаркын жүзү,
Шаттык менен өтүп турсун ар бир күнү.

# ТАМАШАЛУУ АЗИЛДЕР

## КАСЫМОВ МАНАСКА

Райондун бакыйган,
Бир чекесин чойдуңуз.
«Элимди оңдойм эми»- деп,
Айыл өкмөт болдуңуз.

Илгерилеп ишиңиз,
Чөп жей берсин итиңиз.
Бекем кармап тартипти,
Ниетиңизге жетиңиз.
Иштебеген жалкоонун,
Сазайын колго бериңиз.

## АБДЫКАПАР АБДЫЛДАЕВГЕ

Көп жыл иштеп чарбада,
Калбады жери барбаган.
Жетекчилик кызматта,
Тартипти катуу кармаган.

Сылык сыпаа элпексиз,
Келиндерге  тентексиз.
Ууртап татып кээ-кээде,
Чай белендеп бермексиз.

## ШЕРИКБАЙ ТОЙТУКОВГО

Арпанын Ала-Тоосунан,
Нур чачырап оозуңдан.
Жаш жубайың жаныңда,
Жароокер айым созулган.

## АЛЫМ АРЫКОВГО

Эсепти тактап эрикбей,
Семичкедей чагасыз.
Жумуш бүтпөй жүрдүм деп,
Гүлзатка жооп табасыз.

## Ж. БӨРҮБАЕВАГА

Эртеден-кечке телмирип,
Карегиң калбай жазасың.
Үй-бүлөңдү кадырлап,
Энеңди сыйлап багасың.

## ЖАНАРБЕККЕ

Алым менен Жийденин,
Тапшырмасы бүтпөйт эч.
Жанарбек кайда жүрөт деп,
Сүйүктүү кыздар издешет.

## МИРЛАНГА

Так иштеп айлык акчага,
Мирланды жамаат мактаган.
Бир сомду зыян кетирбей,
Эсеп чотун тактаган.

## МЕДЕРГЕ

Үйдү салып кынаптап,
Илбериңки бала элең.
Бой көтөрбөй жөнөкөй,
Жүрө бергин дагы эле.

## БУРУЛГА

Көп жылдар иштеп машыккан,
Сабырдуу күлүп тасыккан.
Жадап кетсе кээде иштен,
Намыс кылат качыштан.

## КҮМҮШАЙГА

Налоговой эжебиз,
Кечигип ишке келесиз.
Издеп сизди клиенттер,
Таппай кетет себепсиз.

## АЙГҮЛГӨ

Маданият үйүнүн,
Директору деп коет.
Эки саат туруп контордо,
Кайда кетет жок болот.

## КАРАШОВГО

Паспорт жазып элиңе,
Алкыш алып жатасың.
Жети айлап паспорт кечиксе,
Калп айтып кайда качасың.

## НУРБЕККЕ

Жаштардын иши деп жүрүп,
Жадаганбы Нурбегим.
Жаш балдарды коркутуп,
Кое бербейт кур пешин.

## БОЛОТКО

Эл башыбыз Болотбек,
Өйүздөн өтүп келет деп.
Зарыгып аны күтүшөт,
Так иштеп качан көнөт деп.

## КЫЛЫМБҮГӨ

Пособие келгенде,
Жадырап жайнап каласың.
Ай этеги болгондо,
Кабагың ачпай каласың.

## АКЫЛГА

Жаңыдан иштеп баштадың,
Жаман жолго барбагын.
Акча келсе бекитип,
Чөнтөгүнө салбагын.

## САДИРГЕ

Кароолубуз Садирдин,
Президенттей акылы.
Айыл өкмөт ичинде,
Аябай зор кадыры.

От жагып берген жылуулук,
Жагымдуу маанай сулуулук.
Коротпой жагып көмүрдү,
Аралаштырба уурулук.

# НООРУЗ

## ЫНТЫМАКТА БОЛОЛУ

Биримдикте Нооруздду,
Ак тилекте тосолу.
Амандык тилеп эл журтка,
Ырыстуу элден бололу.

Элдин болгон сыймыгы,
Депутаттар азамат.
«Оомат келди бизге»,- деп
Уккандар аны макташат.

Айыл эли биригип,
Ынтымакка келели.
Биримдик тилеп элиме,
Ак батаны берели.

Куйкум сөздүү куйтулар,
Уруштурган оңбосун.
Ак пейилдүү адамдын,
Алла ишин оңдосун.

Ак элечек энелер,
Ак калпакчан аталар.
Кабыл болуп ой тилек,
Элге тийсин батаңар.

Береке келип элиме,
Ар бир үйгө кут консун.
Ит жылында туулгандар,
Мүчөлүңөр кут болсун.

## НООРУЗДА

Арча салып, ысырыктап, алас айтып,
Илгертен жыл ажыратуу адат болгон.
«Эл - журтумду кырсыктан сактагын» -деп,
Касиети бабалардын колдоп келген.

Чач өрүү илгертеден салтта болгон,
Байбичелер ак тилектен бата берген.
Күн өтүп, айлар жылга алмашылып,
Бул салттар унутулуп кала берген.

Тушоо кесүү, ата салтта болуп келген,
Наристени чоң атасы жетелеген.
Алдыда эң күлүгү оозуп келет,
Эч кимге баш байгени бербейм деген.

## ЖАҢЫ КҮН

Март айы - жаз айы деп, билемин мен,
Бажырайып байчечекей өскөн кезди.
Энекем да, элим дагы жазды күтөт,
Ырыскы бакты таалай келсинчи деп.

Кар жаасын, жамгыр жаасын жерибизге,
Дан болсун берекелүү элибизде.
Алла Таалам кабыл кылып тилектерди,
Күч кубат кайрат кошсун демибизге.

Жаңы күн жаңыланып бакыт келсин,
Элимде чың ден-соолук, күлкү болсун.
Баба дыйкан колу болуп берекелүү,
Кампабыз ашып ташып данга толсун.

## НООРУЗ – ЖАҢЫ КҮН

Перс тилинен алынган,
«Жаңы күн» - деген сөз экен.
Кылымдардан бер жакка,
Майрамдалган кези экен.

Үч миң жылдар баштатан,
Түрк дыйкандар баштаган.
Жаз алды эмгек шаңданып,
Мусулман калкка тараган.

Ар элдин калкы өзүнчө,
Каада салтын колдогон.
Нарк - насилин улантып,
Ар кандай кылып өзгөрткөн.

Кыргыздардын салтында,
Белгиленип жаңы күн.
Аласташып арчаны,
Ысырык салган түтүнүн.

Баба дыйкан кош айдап,
Жерге урук чачылат.
Ысырык салып умай эне,
Ыйык тилек айтылат.

Жакшы тилек – жарым дөөлөт,
Ырыскы ыйман тиленет.
Тынчылыкты берекени,
Элге бер- деп сүйлөшөт.

Токчулуктун белгиси- деп,
Кайнатылат сүмөлөк.
Ажарын ачып нооруздун,
Кыз куумай, ордо ойнолот.

Шамдагайың эңип ал- деп,
Ортого тыйын ташталат.
Ободо ырлар жаңырып,
Комуз күүсү шаңкылдайт.

## СҮМӨЛӨКТҮН БАЯНЫ

Жоокерчилик заманда,
Күйөөсү өлүп казатта.
Каралуу жесир кыйналат,
Мусапыр болуп заматта.

Үйү толо жаш балдар,
Жейин десе наны жок.
Атала жасап ичүүгө,
Бир кочуш уну дагы жок.

Күн өтүп балдар шалдырап,
Ачкалыктан кыйналат.
Айла таппай энеси,
Көзүнүн жашы кылгырат.

Үч ташты салып казанга,
Каралуу жесир муңканат.
«Азыр тамак бышат»- деп,
Кайнаган сууну думдалайт.

Суу куюп салган үч ташты,
Тыным албай кайнатат.
Алаксытып балдарын,
Оттун табын жайлатат.

«Тамак бышат деп»- күтүп,
Ачка балдар укташат.

Шайы кеткен эненин,
Кирпиктери жупташат.

Чочуп эне уйкудан,
Жүрөгү кетет мыкчылып.
«Балдарым ачка кантет»- деп,
Көзүнүн жашы сызылып.

Күйгүзүп, көөлөп от жакса,
Капкакты ачып караса.
Коюланып бууланып,
Казан толо атала.

Ыйлап жатты энеси,
Жаратканга жалынып.
Сабырдын түбү сары алтын деп,
Балдарына сабылып.

Чыпалагын тийгизип,
Сүмөлөктөн ооз тийип.
Ишене албай таң калат,
Бир ыйлап, бирде күлүп.

Кирип эне дарманга,
Ойготту эми балдарын.
Чыпалак менен ооз тийип,
Бүт балдары даам татты.

Ошол балдар эр жетип,
Каруу күчкө толуптур.
Элин коргоп душмандан,
Эр жүрөктөр болуптур.

Жети түр даам түрлөнүп,
Кайнатылат эл жата.

Казан толо сүмөлөк,
Таркатылат таң ата.

Улустун улуу күнү деп,
Эриш аркак бир болот.
Элдин сүйгөн тамагы,
Кайнатылат сүмөлөк.

## НООРУЗ МАЙРАМЫҢАР МЕНЕН!

Нооруз майрам нурун төгүп элиме,
Кут береке тартууласын жериме.
Алас айтып, арча ысырык түтөтүп.
Ак байбиче энем алсын мээримге.

Жадыраган жаз келсин, эмгек менен,
Жер жарылып, чөп чыксын элге кенен.
Желин айрылып, сүт чыгып, булактаган,
Бөбөктөргө ырыскы, болсун белен.

Кубаныч тартууласын бөбөктөргө,
Гүлдөрүбүз тепселбесин бөлөктөргө.
Мекенин бекем сактап уулдарыбыз,
Ноорузду тосуп жүрсүн түбөлүккө.

Элибиз айдан аман, жылдан эсен болсун,
Кудайым кырман толо ак дан берсин.
Алдыбызда ак дасторкон жайнап дайым,
Бак - дөөлөт, ырыс кешик элге келсин.

## СҮРӨТ

Бул сүрөттөр өмүрүмдүн элеси,
Токтобостон сүзөт жашоо кемеси.
Табияттын энчилеген үлүшү,
Ошол болсо, анан эмне демексиң.

Сүрөт сүйлөйт окуучулук кырдаалды,
Сүрөт ачат унутулган сырларды.
Кичинекей жансыз гана картина,
Айтып берет, өтүп кеткен жылдарды.

Өмүр сен токтобогон кеме белең,
Болбосо сымап сымал неме белең.
Ар дайым артта калган жаштыгымды,
Элестеп, эскеремин сүрөт менен.

# ЭСКЕР//

## ЖАРЫКЧЫЛЫК КӨРБӨЙ УЧУП КЕТКЕН НАРИСТЕГЕ

Эмилбей калды ак мамаң,
Санаага салдың эх арман.
Көтөрүп чыгып сүйүнбөй,
Кайгыда калды Анарам.

Капалуу энең ыйлады,
Кайын-журтуң кыйналды.
Убайга түшүп ата-энең,
Уккандын көөнү сыздады.

Көрбөгөн жарык наристе,
Жаткан жериң жай болсун.
Артыңдан бөбөк тынч келип,
Аркаң майлуу, сүттүү болсун.

Уул-келиндин кабагы,
Жадырап дайым ачылсын.
Төрөлүп бөбөк тынч-аман,
Жүзүнөн күлкү чачылсын.

Чырпыгың сынса мейличи,
Чынарың эсен болсунчу.
Узак жаш берип кудайым,
Уул-келин аман болсунчу.

## БЕРДИБАЙ ИНИМДИ ЭСКЕРҮҮ

Жүрөгү сезип тынч албай,
Санаа чегип уктабай.
Көк-Суу жакка телмирип,
Али акем чыкты жата албай.

Жашыңда өлүп энекең,
Азабың тартпай тынч алып.
Жаныма келди балам деп,
Тосуп алар кубанып.

Атаңды салып азапка,
Армандуу кылдың Бердибай.
Жоголуп Жанар дайынсыз,
Түпсүз күйүт эздиби ай.

Жайлоосун жайлап Көк-Суунун,
Жайыты малга жайлуу- деп.
Мергенчилик жагынан,
Кайберен атып камды жеп.

Ак карлуу тоону мекендеп,
Терекке эми кетем деп.
Камданып жаткан кезинде,
Ким ойлоптур мындайды,
Ажалың мынтип жетет -деп.

Кайберендин артынан,
Түшпөй койсоң не болмок.
Акыркы жолу армандуум,
Үзүлдүң экен нени ойлоп.

Артылган атка өлүгүң.
Панаа тартып укташат.
Атама кантип айтам- деп,
Муңканып ыйлап сыздашат.

Тайгак кечүү, тар жолдо,
Ашуу ашып кан жолдо.
Жүрөгү сыздап буркурап,
Туугандар келди сан ойдо.

Дабан ашып таш басып,
Атка артып өлүгүң.
Боздогон тууган өңөрүп,
Терекке келди бел ашып.

***

Жаткан жериң жайлуу болсун не дейин,
Жаш кеткениң ойлой берем жан кейип.
О дүйнөңдү берсинчи деп жалбарып,
Алла алдында алсызбыз биз кантейин.

Отуз жашта өтүп кеттиң жашоодон,
Тирүү болсоң, чоң бел элең канчооно,
Суук сөздү уккум келбей заарканам,
Өтүп кеткен Бердибай деп атоодон.

## АРМАНДА КЕТКЕН АЛИ АКЕМЕ

«Тагдыр экен, таштан койдук эстелик,
Туугандары жүрөлү деп эскерип».
Ушул сөздөр мраморго жазылган,
Көк-Суу менен Теректе турат эстелик.

Али акеме көз жашыңды буйрубай,
Арман ойго салып кеттиң кургурай.
Жанар менен сенин гана айыңдан,
Күйүтүңөр алып кетти тургузбай.

Муң кайгыга салып кетти күйгүзүп,
Жакшылыгын асылдыгын туйгузуп.
Кантмек элек, көндүк тагдыр кылганга,
Атасынын атын жазды угузуп.

Тирүү кезде неге бир ооз сөз кылбай,
Ал жөнүндө эскеришпей унчукпай.

Эстеликке «Калмат уулу» деп жазып,
Жүрөгүмө катуу тийди шумдук ай.

Жаткан жериң жайлуу болсун асылым,
Жайгаштырдың көп баланын баардыгын.
Эмгегиңден балдарыңдан кадыр таап,
Ыйманыңдан эч жазбадың алтыным.

Балдар жүрөт улап жашоо кемесин,
Анда санда ойлоп сизди, энесин.
Жол жээгинде Бердибайдын эстелик,
Куран окуйт, туугандары эскерип.

Бердибайдан уул туяк калбады,
Ушул гана эске салат арманды.
Эгиз кызы, калган кыздар чогулуп,
Куран окуп эскеришет кайранды.

Ачык пейил шайыр шатман жан элең,
Туугандардын мээримдүүсү сен элең.
Жадыраган жайдар мүнөз элесиң,
Такыр кетпейт көз алдыда дагы эле.

## ЭНЕЛЕРДИН КӨЗ ЖАШЫ

Энелердин көз жашы эстелиги,
Шейит кеткен маркумдар, эскерилди.
Энелердин жүрөгү сыздап ыйлап,
Үмүттөрү өрттөнүп кетпедиби.

Кана уулу? Канаке? Энесинин,
Ушул күнгө, үмүтүн үзбөй келет.
Же өлүгү, же тирүүсү табылбаган,
Күтөт эне, күдөр үзбөй күтө берет.

Капаланып энелер, кайгырбачы,
Жалган үмүт эместир, мунун баары.
Элим үчүн жан кыйдым, арманай деп,
Өмүрлөрүн арнагандыр, балдар дагы.

Баатырлар деп атаймын шейиттерди,
Эли үчүн тик турган эрендерди.
Жалын болуп өрттөнүп, күйүп кетти,
Алтын уулуң Гүлсара, Жалынбегиң.

"Үмүтсүз шайтан" деген үмүт үзбө,
Тирүү болсо уулуң келээр күтүүсүздөн.
Сабыр кылгын Шааникан кайраттуу бол,
Балаң келээр кубантып, күтүп жүргөн.

Эл үчүн баатырларды эне төрөйт,
Жамандык, жакшылыгын эне көрөт.
Оор азап, кайгы тартып какшаса да,
Бел байлап, тоодой жүктү ал көтөрөт.

Кайраттан энекелер салмактуу бол,
Душманга тизе бүкпөй айбаттуу бол.
Шейиттер тирилишпейт ыйлагандан,
Бекем байлап белиңерди кайраттуу бол.

Курманжан датка энебиз кайрат менен,
Көзүнчө дарга асылган уулун көмгөн.
Шерт бирөө дардын жиби үзүлсө да,
Төрөлөр ал мыйзамга көнбөй койгон.

Сыр бербей жүрөк күйүп өрттөнсө да,
Эли үчүн орустарга колун берген.

Бул ырды энелерге арнап турам,
Үлгү ал деп, Курманжандын сабырынан.
Көз жашыңды көлдөтүп буркураба,
Уулуңар эли үчүн болду курман.

# МАЗМУНУ


Алгы сөз………………………………………………………. 3

Эне ……………………………………………………………... 9

Кайгылуу күндөр……………………………………………. 15

Балдарыма………….…………………………………………… 26

Ырлар…….……………………………………………….……… 51

Туулган жер………….………………………….………… 90

Арноо……..…………………………………………..……… 108

Куттуктоо……………………………………………….……….. 164

Нооруз…..…………………………………………………….… 177

Эскерүү...........………………………………………………..…… 185

**КЕНЖЕБҮ ОРМОНОВА**

# ЭНЕ ТИЛЕГИ

Редактору: Тайчабаров Медербек
Техредактору: Тойчубаев Акылбек
Корректору: Тайчабарова Шайырбү
Калыпка салган: Ыкыбал уулу Элдияр

Басууга 16.09.2016-ж. кол коюлду. Басууга кол коюлду 30.04.2017-ж. Кагаздын форматы 60х84 1\16.
Көлөмү 12 басма табак.
Нускасы 220, Буюртма №7

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-236
Тел. 0779 77 77 89, 0778 500 488